Цена Скорп
Ө-99



# ӨЗГӨН РАЙОНУНУН АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЖАНА ЫР ЫШКЫБОЗДОРУНУН ЖЫЙНАГЫ



2017-жыл

Скыгр
Ө -99

# ӨЗГӨН РАЙОНУНУН АКЫН-ЖАЗУУЧУЛАРЫНЫН ЖАНА ЫР ЫШКЫБОЗДОРУНУН ЖЫЙНАГЫ

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
МНВ № 476924

Токтогул Сатылганов атындагы Ош облустук китепкана
АБОНЕМЕНТ

УДК 811.51
ББК 81.2 Ки 7-3
Ө 81

Ө 81 Өзгөн районунун акын- жазуучуларынын жана ыр ышкыбоздорунун жыйнагы. Ош; 2017, 236 б.

ISBN 978-9967-18-102-1

Бул ыр жыйнак Ош областы жана Ош шаарынын жазуучулар союзунун төрагасы Т. Жороев жана ошол эле союздун башкармалыгынын мүчөсү М. Самиевдин демилгелери менен Өзгөн районунун акындары жана калемгерлери тарабынан даярдалды. Ырлардын арасында белгилүү акын-жазуучулар жараткан чыгармалар, ошондой эле эми гана чыгармачылыкты баштаган калемгерлердин да эмгектери бар. Баардыгынын максаты жалпы окурмандарды поэзия аркылуу ыйманга, адепке, маданияттуулукка, сүйүүгө, эмгекке, чыгармачылыкка жалпысынан эле эл-жерди ыйык тутуп коргоого чакыруу.

Бул китеп жалпы китеп сүйүүчүлөргө, окурмандарга-өзгөчө жаш муун өкүлдөрүнө сунушталат.

М 4602020400-14

ISBN 978-9967-18-102-1

УДК 811.51
ББК 81.2 Ки
Ош, 2017





# КУБАНЫЧ КОШТОГОН АЛГЫ КЕП

Кадырлуу дили тунук, адамзат туюмдарынын асылы саналаган ыр дүйнөсүнүн ааламын ызаттаган, анын наркын-баркын көкөлөтө алган, мезгил жүгүн көтөрүүгө далалат жасаган талант ээлеринин эмгектерине көңүл бөлө жүргөн, таза сезим коштогон талабы мол окурмандар. Биз бул ирет сиздерди таанымал Манас изилдөөчү, Кыргыз улуттук жазуучулар союзунун мүчөсү, “Маданияттын мыкты кызматкери” медалынын ээси, техника илимдеринин кандидаты Маматибраим Самиевдин түздөн-түз каржылоосу жана колдоосу менен чыгып жаткан жыйнак-альманахты алдыңыздарга кош колдоп сунуп олтурабыз.

Жолу шыдыр болор жыйнак негизинен байыркы жана ар дайым жашаруу жолунда бара жаткан Өзгөн жергесинин улуу-кичүү калемгерлеринин чыгармаларынан турат. Уюштуруу тобуна Улуттук жазуучулар союзуна мүчө болушкан таланттуу замандаштарыбыздын чыгармалары менен бир катарда жаңыдан гана зор үмүт-тилек коштоосунда ыр талаага—чыгармачыл ааламга аттанган калемгерлер да бар. Ар бири өзүнчө аалам, өзүнчө дүйнө. Жыйнакты түзүп чыгаруудагы башкы тилек-мүдөө—Мекендин улуулугуна, элдердин ынтымагына, адамзат ааламынын аруу келечегине улуу жараткан берген көрөңгө коштоосунда чын дилден кызмат кылуу болуп олтурат.

Мындай жагымдуу колдоо менен китептин чыгып жатышы – Өзгөн жеринин сыймыгына айланар, калемдештерибиздин “Ыйман, адеп жана маданият” жылына жооп болор, жагымдуу, ары түбөлүктүү белеги болуп калмакчы!

*Турабай Жороев,*
*Кыргыз Республикасынын улуттук Жазуучулр бирлигинин Ош бөлүмүнүн төрагасы.*
*27.05.2017-жыл*

# І-Бөлүм
# Поэзия канатында







*АБДРАИМОВ Жоробай,*
*Өзгөн району, Кароол айылы*

## ТУҢГУЮККА КИРДИКПИ?..

Ата-салтын, ар-намысын эбактан,
Ар бир кыргыз ыйык сактап келаткан.
А азырчы, кээ бир жаштар жок эмес,
Ата салтка олурая карашкан.

Кыргыз эли эл болуучу намыстуу,
Ариет деп өлүмгө да баруучу.
А азырчы, өз атасын багалбай,
Алып барат «кары үйүнө» багуучу.

Эл ичинен эгер чыкса ызы-чуу,
Эки аксакал барып дароо тыйуулчу.
Аксакалдар сөзүн сүйлөп бүткөнчө,
Аял, эркек «лам» дебестен угуучу.

Акыл айтса карыялар даанышман,
Аял, эркек муюп кулак салышкан.
А азырчы, насаат айткан карыга,
«Дежур чал» деп ат коюп алышкан.

Көөдөн уруп, кээ бир жаштар менменсип,
Көйрөңдөнөт көктөн түшө келгенсип.
Эсептешет элдин берген бийлигин,
Энесинин энчисине бергенсип.

Көкүрөгүн койгулашат «Мен! Мен!»-деп,
Колун созот,көккө карай дердеңдеп.
«Кемшиндеген чалдар мага ким экен,
Керек болсо ханга салам бербейм» -деп.

Чогулуштар өтүп калса жер-жерде,
Чоңдор деле чочулашат келгенге.
Байкаганга дароо эле сезилет,
Баягыдай тартип жогу элдерде.

Ата салтын, үрп-адатын чандыкпы,
Акыл-наама сөздөн куру калдыкпы.
Бабалардын нарктуу сөзүн барк албай,
Баалап калдык бийлик менен байлыкты.

Балдар чыкты ата сөзүн укпаган,
Баш көтөрбөй кечке чейин уктаган.
«Өлбөдүң го, карт шайтан» -деп атасын,
Өз баласын «Атакем» -деп жыттаган.

Чындык сөздү укпай кайда барасың,
Чамынсаң да моюнуңа аласың.
Төбө чачың тик турат да, келиндер,
Төрөт үйдө сатып кетсе баласын.

«Сволочь» -деп картаң ата-энесин,
Сезип койбой секин айткан жемесин.





Сой жыландай соймоңдогон сойкулар,
Сомго баалап сатып турат денесин.

Уят кылып картаң ата-энесин,
Угуп койбой каргыш менен жемесин.
«Көгүнөн» -деп көзүн сүзүп сойкулар,
Көчөлөрдө сатып турат денесин.

Болбосо да кыйын ишке кириптер,
Алдыбызда турса далай бийиктер.
Апасынын жапкан нанын сагынып,
Армиядан качып жүрөт жигиттер.

Көп убакта күнөөлөйбүз жаштарды,
Кулак төшөп, угушпайт деп айтканды.
Ачык айтсам туура сөздү сүйлөбөй,
Аксакалдар өзү бузуп жатпайбы.

«Бөрк ал» десе кээ бирөөлөр башты алды,
«Бекерпос» -деп жумушу жок жаштарды.
Ачык айтсам, калыс сүйлөп, так жүргөн,
Арабызда аксакалдар аз калды.

Врачтар бар атак-даңкы таш жарган,
Алкыш алып, эл ичинде макталган.
Ошентсе да, обу жоктор көбөйдү,
Оорулуудан сурап жүрүп акча алган.

МАИлер бар таяк булгап, жол тоскон,
Теске салып, тентектерди токтоткон.
Арасында алардын да көп экен,
Айдоочуга кайырчыдай кол тоскон.

Карылар көп сөз сүйлөгөн меселдеп,
Каргаса да оздон чыкпайт копол кеп.
Бирок, кээде күйөсүң да карылар,
Сүйлөп турса «садик», «домик», «школ» деп.

Энелерчи? Энелер көп нускалдуу,
Алардын да азыр саны аз калды.
Айрымдары адат кылып алышты,
Айкырышып пикеттерге чыкканды.

Анан кантип сын айтабыз жаштарга,
Ажылдашып, жаңжал куруп жатканда.
Акыр заман болот дешип калчу эле,
Аял-эркек адисинен ашканда.

Кары-жаштын ортосунда ажырым,
Кеңейүүдө билинбестен акырын.
Картайганда кээ бир жаштар карабай,
Чанып жатат бир тууганын, жакынын.

Кээ бирлери кабат-кабат там салып,
Байлык десе жулкунушат тамшанып.
Ата-журтун коргоо парзын коё тур,
Араң жүрөт өз үйүнү кайтарып.

Кыргыз эли эмнелерди көрбөдү,
Кол куушуруп, кошаматка көнбөдү.
Ар-намысын көр оокатка алмашпай,
Артык көргөн намыс үчүн өлгөндү.





## СУЛУУЛУККА СУКТАНБАСАМ МЕН ЭГЕР...

Сулуулукка суктанбасам мен эгер,
Санда жок бир пенде болуп кайдыгер.
Жаздын жытын, күздүн даамын сезбестен,
Жашамакмын жашагандай кай бирлер.

Сулуулукка суктанбасам эгер мен,
Сырдашмакмын кантип Жылдыз, Ай менен.
Калмак экем бир маңкуртка айланып,
Кыштын наркын, жайдын баркын билбеген.

Сулуулукка суктанбасам мен эгер,
Айтчы, анда менин эмнем калемгер!?
Чындыгында сулуулуктан жаралат,
Чыгармачыл, илхам, эргүү дегендер.

Сулуулукка суктанбасам эгер мен,
Куруу калып ышкы, туйгу дегенден.
Көөдөнүмдө арман калмак түгөнгүс,
Күнүм бүтүп, жан чыкканда денемден.

## КАНТИП КЫРГЫЗ ДЕЙБИЗ

Кыйынсынып бөтөн тилде сүйлөсө,
Кыргыз тилин жактырбаса, сүйбөсө.
Кантип анан кыргыз дейбиз аларды,
Кыргыз тилдин тагдырына күйбөсө.

Каршылык жок канча тилде сүйлөсө,
Капалык жок, мейли калпак кийбесе.

Кантип анан кыргыз дейбиз аларды,
Кыргыз туруп, кыргыз тилин билбесе.

Капа эмеспиз айран, кымыз жутпаса,
Бүркүт салып, мейли түлкү тутпаса.
Кантип анан кыргыз дейбиз буларды,
Колун шилтеп, комуз күүсүн укпаса.

Обу жок бар, опурулат сүйлөсө,
Ооз ача албайт теги -түбүң ким десе.
Эми кантип кыргыз дейбиз буларды,
Эр Манастан эки сап ыр билбесе.

## МЕЙЛИ МАГА ЖЫЛМАЙБАГЫН, КҮЛБӨГҮН

Мейли мага жылмайбагын, күлбөгүн,
Мейли мага ачуу сөзүң сүйлөгүн.
Орой айтып, оорутсаң да көңүлдү,
Ошол күндөр менин жыргал күндөрүм.

Мейли мени жактырбагын, сүйбөгүн,
Башың кошуп, бирге өмүр сүрбөгүн.
Бирок, билсең бир мен үчүн зор бакыт,
Жер бетинде сенин басып жүргөнүң.

Мейли мага көңүл бөлбө, караба,
Айырма көп экөөбүздүн арада.
Сен баратсаң «Мерседесте», «Зайчикте»,
Мен баратам айдап эшек араба.

Кызыктырбайт мени байлык, дүнүйөң,
Мен өзүмчө бир нерсеге сүйүнөм.





Калбаганга кокусунан ажырап,
Ыйык жана сыйкыры күч сүйүүдөн.

## ЖАЗ ЖӨНҮНДӨ

Канча акындар жаз жөнүндө жазышты,
Кыйындары том-том кылып салышты.
Кээ бир ырлар эл ичинде ырдалса,
Кээ бирлери унут болуп калышты.

Көп акындар жаз жөнүндө ырдады,
Жаз көркүнө салыштырып кыздарды.
А кыздарды кызгалдакка теңешип,
Көйкөлүшүп гүлдөп турган кырдагы.

Жаз келгенде жамгыр жааса шорголоп,
Акындардын илхам-оту козголот.
Жаздын жыты өрдөгөндө мурунду,
Чээндеги аюу дагы ойгонот.

Эй окуучум, кулак салчы тынымга,
Мен да даңктайм жазды өзүмдүн ырымда.
Жаздын жыты, кыздын жыты, гүл жыты,
Жараткандын белеги го чынында.

## ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Жапжашыл болуп айланам,
Жашаң чөп, гүлдөр жайнаган.
Турамын мен да жашарып,
Туулган өңдүү кайрадан.

Боз топурак, ташың да,
Боёнуп алып жашылга.
Жагымдуу ырай тартуулайт,
Жазуучу менен акынга.

Жыттана түшсө жаз жыты,
Жеңилдейт адам кайгысы.
Кудайга кылган күнөөңдүн,
Кеткендей болуп жармысы.

Айтпайын мейли башканы,
Ажайып таңдын атканы.
Бах менен Моцарт өңдөнөт,
Булбул-куш сайрап жатканы.

## ЖАШАЙЛЫКЧЫ КУЛУ БОЛБОЙ АКЧАНЫН

Бирөө келет көктү тиктеп менменсип,
Бул жашоого көктөн түшө келгенсип.
Башкаларды бармагына теңебей,
Бул  кул пенде неге мынча эрдемсийт.

Охоо! Көрсө дүнүйөсү мол тура,
Чөнтөгүндө евро, доллар толтура.
Капчыгына батпай калса кургуруң,
Катат дешет кашатына, кончуна.

Жыйналышта жылма сүйлөп такалбай,
Март көрүнөт «сараң» адам аталбай.
Капчыгынан чыгып кетсе чыгаша,
Калат дешет көмөлөнүп басалбай.





Дүйнө-мүлккө арбалгандар оңобу,
Алар үчүн акча адамдан жогору.
Билгендерге падышаң да, кедейиң,
Бул дүйнөнүн келип кеткен коногу.

Кайра-кайра миң эскерип айтарым,
Байлык, мансап башын жеди канчанын.
О пенделер! Беш күнчүлүк өмүрдө,
Жашайлыкчы кулу болбой акчанын.

## ЫНТЫМАКТА ЖАШАЙЛЫКЧЫ АДАМДАР

Бул жашоодо көңүл чөккөн күндөр бар,
Бул жашоодо ыйлаган бар, күлгөн бар.
Бардыгына кайыл болуп кебелбей,
Бул жашоодо жыргап өмүр сүргөн бар.

Бул жашоодо каары каттуу күндөр бар,
Бул жашоодо балдан таттуу түндөр бар.
Барга-жокко сабыр кылып ынсаптуу,
Пайгамбардай таза жашап жүргөн бар.

Бул жашоодо азап да бар, жыргал бар,
Бул жашоодо миң бир түркүн сырлар бар.
Жан дүйнөңө ыроологон жылуулук,
Бул жашоодо өлбөс-өчпөс ырлар бар.

Бул жашоодо адал да бар,арам бар,
Бул жашоодо жакшы да бар, жаман бар.
Ызы-чуусуз бул аманат дүйнөдө,
Ынтымакта жашайлыкчы адамдар!

# КАТ ЖАЗДЫМ СИЗГЕ
*(Кыздын каты)*

Кат жаздым сизге оюмду бетке айталбай,
Калтырап муунум өзүмдөн өзүм тайсалдай.
Караңгы бурчта кокустук күтүп тургансып,
Кандайдыр бир күч жүрөктү эзет байкалбай.

Кат жаздым сизге сүйүүмдү тике айталбай,
Көрүнбөй сизге качамын кээде жалтаңдай.
Унчукпай ичте сиңире алар бекенсиз,
Угулуп калса ушак сөз сизге ар кандай.

Кат жаздым сизге каалоомду ачык айталбай,
Каңырык түтөйт көөдөндөн бугум таркалбай.
Капилет сизде махабат оту жок болсо,
Катымдын жообун койсоңуз мейли кайтарбай.

Кат жаздым сизге бетме-бет сөзгө баралбай,
Кездешип калсак сүрдөймүн сөзүм табалбай.
Эрдемсип барып бетме-бет чыга калганда,
Эндирей түшөм эсинен танган адамдай.

Кат жаздым сизге сырымдын баарын жашырбай,
Кармасам деймин махабат кушун качырбай.
Көкүрөк тосуп махабат деген дзотко,
Күл болсом мейли согушта өлгөн баатырдай.





# АДАМДАР БАР

Адамдар бар өз каргытын ойлогон,
Адамдар бар тойсо дагы тойбогон.
Дал ошолор алаканда өкчөшүп,
Далайларды чүкө кылып ойногон.

Адамдар бар бул жашоодо көптөгөн,
Адал иштеп, маңдай терин төкпөгөн.
Дал ошолор мансап менен күч менен,
Далайларды ашык сымал өкчөгөн.

Адамдар бар бул жашоодо миңдеген,
Алдамчылык, ач көздүктү билбеген.
Акыр заман башка түшүп турса да,
Адамдарга замзам суусун издеген.

Адамдар бар арабызда миңдеген,
Айтып турсаң акыл сөзгө кирбеген.
«Чыйт түкүрүп, чыр баштоого камынып»,
Чымындан пил, тукумдан кыр издеген.

Адамдар бар арабызда миңдеген,
Ажыратып дос, душманды билбеген.
Достон качып, койнун ачкан душманга,
Дөдөйлөр бар жашап жүргөн биз менен.

Адамдар бар аким болгон, сот болгон,
Адамдар бар өзү тирүү -жок болгон.
Адамдар бар эркин жүргөн-кылмышкер,
Адамдар бар  ак жеринен соттолгон.

Адамдар бар элдин камын ойлогон,
Адамдар бар жерин сатып тойбогон.

Адамдар бар Ата-Журттан айрылып,
«Аттиң ай» деп бир кайгырып койбогон.

Адамдар бар мансап, бийлик издеген,
Керек кезде куурайды да «сиз» деген.
Колго бийлик тийип калса андайлар,
Кудайды да «Ээ!» деп көзгө илбеген.

Адамдар бар… Адамдар бар… Адам бар,
Ал адамдар өмүр бою жарадар.
Ата-Журтун эңсебесе эзилип,
Ал адамдар маңкурт менен барабар.

## БИЛБЕПТИРМИН

Уйкум качып, ойго батам түндө мен,
Учкан куштай өтөт тура күн деген.
Өмүр бою өксөп өтөөр жашоодон,
Өтүп жаткан күндүн баркын билбеген.

Уктай албай кыйналамын кээде мен,
Уйгу-туйгу ойлор келип миңдеген.
Кутулбөстөн көңүлүмдү чак кылат,
Күндөр келип, түшүмө да кирбеген.

Кезегинде мен да көптү билбегем,
Көктөн, айдан өз бактымды издегем.
Олжоңдопмун көккө сунуп колумду,
Оомат, бакыт кошо жүрсө биз менен.





## КЫРГЫЗЫМ ЭГЕР БОЛБОСО

Кыргызсыз аска-зоо көрксүз,
Кыргызсыз Ала-Тоо көрксүз.
Кыргызым эгер болбосо,
Ак калпак башка кийеалбай,
Аргымак тандап мине албай,
Армандуу күндү көрмөкпүз.

Кыргызсыз айлуу түн көрксүз,
Кыргызсыз адыр-түз көрксүз.
Кыргызым эгер болбосо,
Ай жарык түндө чыгалбай,
«Ак чөлмөк» оюн куралбай,
Азаптуу күндө жүрмөкпүз.

Кыргызсыз кыя, өр көрксүз,
Кыргызсыз жайлоо, төр көрксүз.
Кыргызым эгер болбосо,
Кыйкырып кымыз иче албай,
Кыз куумайга түшө албай,
Көргүлүктү көрмөкпүз.

Кыргызсыз аткан таң көрксүз,
Кыргызсыз майрам шаң көрксүз.
Кыргызым эгер болбосо,
Аш-тойго чогуу бара албай,
Айкырып улак чаба албай,
Аргасыз жашап көнмөкпүз.

Кыргызсыз эрме чөл көрксүз,
Кыргызсыз Ысык-Көл көрксүз.
Кыргызым эгер болбосо,

Токтогул Сатылганов атындагы ... АБОНЕМЕНТ
Токтогул Сатылганов ... ИНВ № 476924

Көлүмө чабак ура албай,
Ак куунун үнүн уга албай,
Армандуу болуп жүрмөкпүз.

Кыргызсыз кара көз көрксүз,
Кыргызсыз уйкаш сөз көрксүз.
Кыргызым эгер болбосо,
«Манасты» эч ким айталбай,
Баатырдын баркы байкалбай,
Маңкурттун күнүн көрмөкпүз.

Кыргызсыз ашуу, бел көрксүз,
Кыргызсыз «киргиз» эл көрксүз.
Кыргызым эгер болбосо,
Кыргызча «киргиз» сүйлөбөй,
Кылычтап кырса үндөбөй,
Кулчулук күндү көрмөкпүз.

## ИШКЕР ИНИМЕ НАСААТ

Ийгиликтен ийгиликке жеткенде,
Иш бүттү деп токтоп калба эч жерде.
«Каап, ошондо неге токтоп калдым» деп,
Кайгырасың мезгил өтүп кеткенде.

Ийгиликтен ийгиликтер жаралса,
Итиң чөп жеп, иш жүрүшүп баратса.
Башкалардан өйдөсүнүп манчыркап,
Бара жаткан багытыңдан адашпа.





## ЖАШОО МЫЙЗАМЫ

Таң атса сөзсүз кеч кирет,
Караңгы түнүн энчилеп.
Жаркырап турбай дайыма,
Жаңы да бир күн эскирет.

Кеч кирсе сөзсүз таң атат,
Күн нурун кайра таратат.
Жансырап калган гүлзар да,
Жанданып кайра гүл ачат.

Тээтиги кемпир онтогон,
Теңдешсиз сулуу кыз болгон.
Картайтат тура убакыт,
Калтыра турбай кыз бойдон.

Чачтары куудай ак болгон,
Береги чал да жаш болгон.
Кантсе да эчким жашоодо,
Калалбайт тура жаш бойдон.

«Таяктын эки учу бар»,
Туура сөз окшойт угуп ал.
Бирөөлөр бүгүн көз жумса,
Бирөөлөр эртең туулар.



***Абдраим уулу Тынчтыкбек,***
***Мырзаке айылы***

## АПАКЕ

Апа-деген-гүлдөй назик зат болот,
Апа-деген-эч теңдешсиз жан болот.
Апа-деген-күндөй тийген нур болот,
Апа-деген-агарып аткан таң болот.

Ар бир апа бул дүйнөдө бар болсун,
Апалар жашообузда шаң болсун.
Апалар эч картайбай жап-жаш болуп,
Түбөлүктүү жаш жүргөн бир жан болсун.

Апаң сенин бир кайгыды түшүнөт,
Бир сен үчүн жалгыз апаң күйүнөт.
Сен кайгырсаң сени менен бир кайгырып,
Сен сүйүнсөң апаң дагы сүйүнөт.

Апа болсо жашоо шаңга бөлөнөт,
Апа болсо жаш наристе төрөлөт.
Апалар бул жашоонун бактысы,
Апаларды бийик тутуп көкөлөт.





Кимде ким сыйласа өз апасын,
Бул жашоодо рахаттанып жашасын.
Өз апасын таштап кеткен кээ балдар,
Түшүнүшсүн кетирген чоң катасын.

## ДЕЛБИРИМ

Ушунчалык татынасын, татына,
Мен барамын бир өзүңө ашыга.
Эмнегедир өзгөчөсүн башкалардан,
Жөнөп калам бир өзүңө шашыла.
Менин делбирим ай, делбирим.

Башкачасын, өзгөчөсүн кыздардан,
Көрүп калсам башка менен кызганам.
Ушунчалык байланамын өзүңө,
Көңүлүңдү сенин кантип бура алам?
Менин делбирим ай, делбирим.

Сага эми кантип жетем билбеймин,
Жагынуунун ар жолдорун издеймин.
Бары бир жетемин мен бир өзүңө,
Ишен жаным сени эч кимге бербеймин.
Менин делбирим ай, делбирим.

## МЕКЕН

Мекен деген ыйык нерсе баарынан,
Мекен деген бийик нерсе барынан.
Ар бир инсан сүйөт өз мекенин,
Мен да сүйөм мекенимди абдан.

Мекенимде бийик тоо, таза аба,
Бак-дарак, мөлтүр-кашка, суусун кара.
Ажайып жайлоосу көз жоосун алып,
Ошолордун бириси ал Кара-Шоро.

Айта берсем түгөнбөйт дагы да көп,
Жаңгакка мол түшүмдүү Арсланбап.
Калган экен бул жерлер болуп белек,
Баарынан да суктандырган Сары-Челек.

Мекенимде жети облус орун алган,
Облустар өз-өзүнчө даңкталган.
Ордолуу Ош шаарын айта кетсем,
Айтылуу Сулайман-Тоосу макталган.

Мекенди коргош керек ар бир атуул,
Мекенди сүйүш керек ар бир инсан.
Керек болсо мекен үчүн жанды берип,
Эч нерсе эмес мекен үчүн болсок курман.







***Адышев Турсунбай,***
***Өзгөн району Семиз-Көл айылы. "Өзгөн нуру"гезитинин кабарчысы. КРнын "Ардактуу аксакалы", КРнын улуттук журналисттер союзунун мүчөсү***

## ШИЛТЕМДЕР

Зат эмес алтын заңга аралашаар,
Көрсөтпө билип-билбей бирөөгө азар.
Кереметин, кемтигин кежегелеп,
Келечек бар өткөндү таразалаар.

Жашообузда жыргал аз,
Кайгы толо молчулук.
Бул чындыкка мөгдүрөй,
Калганым жок олтуруп.
Бөксөргөндө бөлөктөн,
Ырыскымдын калганын,
Ыр менен жүрөм толтуруп.

Көкүтүп шамшар кайраткан,
Тил жаман, ойлоп пайдалан.
Кайгымда шарап басат деп,
Масчылык менен таймашсаң.
Маанисин анын күчөтүп,
Калкытып коет кайрадан.

Мени карай бир жолдошум таңыркай,
Калганымды көрүп айтат ташыркай.
Карыпсын дейт кара чачың ак басып,
Өзү дайым турган сымал жаш ыргай.
Жооптодум жоош гана жылмая,
Мезгил деген мерести айта асылбай.
Анын дагы айтсам болот келебтин,
Чачы жылып турган өңдүү ..... башындай.
Бирок мага шыбырады жан дүйнөм,
Койгун деди сабырдуу бол Турсунбай.

Көңүл гүл, көрө билсең кылба залал,
Сөз айтпа, сөз да укпа көңүл калаар.
Дилиңде улуу сөз деп урматташкан,
Акылдан кемтиги жок жаралгандар.
О, Адам сен дүйнөгө жаралгансың,
Өмүрдө өксүп барын таналбадың.
Ааламга тийген менен тегиз жарык,
Бирөөгө ый, Бирөөгө сый жашоо таңың.

Туткун болдум чырайыңа,
Кордобо сүйүүм суранам.
Бир сен үчүн жабыр тартып,
Жалынга бой уралам.
Сокур күткөн көз ирмемдин,
Жарыгына зар сымал,
Суктанайын түк канбайын кумардан.

Жоголуу жаралуу да баары бир,
Өмүрдөн суу ичкенбиз кыска бүркүм.
Сурап коюу абалы оорулунун,
Дарысыдыр көңүлдүн дартка сүртүм.





Чиркин ай жашообуз бар билсе кымбат,
Көп тургус көчүүсү арбын тоо таянган.
Үмүттөр эртеңкисин күтүп турат,
Күн батып уясына кеч десе таң.

Ааламда эч нерсе жок айтар чендүү,
Алдейлеп ырдалбайт дейт бейиште күү.
Эненин эркелеткен мээриминде,
Эшилип күндүн нуру жаткан өңдүү.

Атылам чындык үчүн окко жарап,
Адилет сөз айтпа алам таразалап.
Ичтиң деп күнөөлөбөйт Алла Таалам,
Насипке буюрган соң бүгүн шарап.

Кээде кымбат тагдыр жүгүң ченемей,
Жаралганга тегиз эмес телегей.
Биздин сүйүү турсун ушак кенебей,
Бир кабыктын ичиндеги мөмөдөй.

Жакшы деп кээ адамгга жаман делип,
Тагдыры бул өмүрдүн көпкө шерик.
Тааныйбыз ак-караны түргө бөлүп,
Өтмөк бар бул дүйнөдөн көптү көрүп.

Алтынды байлык күттүк кымбат делет,
Бийликти бийиктеттик көккө ченеп.
Экөө тең түккө тургус арзандалат,
Көз ирмем ден соолукка болбос теңеп.

Ар кимде максат болот аздыр-көптүр,
Ойлонуп чыккан кындан кылыч өткүр.
Жигитке көрк жаратып жандай баскан,
Сулуулар ашыгыңды билип өптүр.

Тээтиги гүл жүзү сүйкүм албырган,
Теңдеши жок назиктиги жандуудан.
Керемет күч колдон бурап чаппаган,
Жыпар жыты мени эстен тандырган.

Оо, Жараткан тынч уйку бер биз жаттык,
Аз өмүрдүн алтымышын эми аштык.
Бүт бардыгы күлгө айланаар топурак,
Таңды тоскон бактылууда жок артык.

Учкан кыял ар иштерге жарашат,
Кээде туман баш айланып адашат.
Өлөрдө да үмүт күчү ушунда,
Эртеңим деп бир ырыскы жаратат.

Эрежеси жазуунун,
Улантаар сөзүн үтүрлөйт.
Мен деген улуу акын да,
Мекеним жазып бүтүрбөйт.

Өмүр кечип жашап келем,
Бирде бар да, бирде жок.
Өкүмбөдүм өксүгүнө,
Күн көргөнгө көңүл ток.

Гүл соолуп, күн батканга көңүлүм суз,
Бүркөлүп турган өңдүү асман нурсуз.
Аттиң ай өмүрдүн бул тездигине
Биз мундуу неге буга Кудай муңсуз.

Тирүүгө мындан артык арман болбос,
Максатка жетпей калса умтулуубуз.





Өмүрдүн таңы өчпөсүн эрте күндөн,
Толбосо мейли алтынга куржунубуз.

Ырдашты нечендери бизге чейин,
Даңктап сүйүү кээси кейип көңүл гөйүн.
Жашоонун түгөнбөгөн кербези ушул,
Чайпалып өмүр бир күн төгүлмөйүн.

## ШАРАП ЖӨНҮНДӨ

Ар кимде бар жашырбасын өкүнүчтүн учкуну,
Нээни каалап жүрөк соксо дал ошону ырдамак.
Жанга баткан дартка дабаа,
Абийир сактап ич шарап.

Турган жерде шарап жайнап,
Болот түркүн досторуң.
Баалай билсең ыйыктыгын,
Жакшы айтылсын жаман кошпогун.

Бер шарап ичип бир аз тынч алайын,
Көп ойлор ишке ашпаган кур таалайым.
Келгенди кетирмейин ажал тынбас,
Капалуу көңүл чөгүп жыргамайын.

## ТОО ЖӨНҮНДӨ ТОПТОМ

Тоолукмун жүрөм мактанып,
Толукшуйт жүрөк шаттанып.
Тоолордун тоодой ыр күүсүн,
Торгоюу ырдайт жар салып.

Тоолуктун тоолу жеринде,
Топ арча өсөт таш жарып.

Тоолукмун жүрөм мактанып,
Тоо кушу сымал тапталып.
Тоолуктар жүргөн кылымдап,
Тоо-ташка изи таксалып.
Тоолуктар тоодой сый күтөт,
Тоосуна калсаң баш багып.

Тоолукмун жүрөм мактанып,
Тоолукта сүйүүм сакталып.
Толкусун жүрөк каным деп,
Тоо гүлүн сүйдүм назданып.
Торуна түшүп тойлойсун,
Тоо кызы койсо каш кагып.

Тоолукмун жүрөм мактанып,
Топ жыйында какшалып.
Айылым күтөт ардактап,
Айран, сүт, кымыз акчалып.
Алма, өрүк бышкан бак калып,
Арчанын жыты аңкыган,
Баратам тоомо аттанып.

## КАЙРАДАН КЕЛДИ ЫРДАГЫМ

Жалын чачып жаштык күндөр өткөргөн,
Жакшыго дейм өткөндү айтып эскерген.
Жароокерим жанга сүйкүм жан элең,
Саламатпы жүргөн кезим мен эсен.





Эске салам ай толгондой толукшуп,
Асылдыкка толуп турган кезимди.
Кумарлана көз карашың сыйкыры,
Жүрөктү ээлеп бийлеп турчу сезимди.

Анда мага сүйкүм тартса жамалың,
Ай нурундай турар эле төгүлүп.
Кабак ачып бүркөө тартпай эрте-кеч,
Бак таалайлуу сезчуум ага чөмүлүп.
Бирок тагдыр берешесин көргөзбөй,
Билбептирмин кетерибиз бөлүнүп.

Жүрдүм көпкө үмүт үзбөй күткөндөн,
Кат ичинде өкүнүчүм бүктөлгөн.
Жылдыз болдуң сырдуу аалам көркүндөй,
Нурун чачып өзү көктөн түшпөгөн.

## АРМАНСЫҢ

Асыл ойдун мурасын,
Акыл туюп кармансын.
Алтын ордо так мингин,
Суктанып дүйнө таңдансын.
Акыл толуп турса да,
Аалам сырын чечпеген,
Баарыбир жашоо армансың.

Кыз кыялын жылоолоп,
Өмүр гүлүң арнасын.
Кыр ашып жашың өткөн соң,
Кыйкырсам кайра келбейт деп,
Кымтынып оозуң кармалсын.

Кызыл чок өчүп күл болот,
Баарыбир жашоо армансың.

Туу чокулуу көк мелжеп,
Тулпар минип тандаарсың.
Туйгуну болсоң элиңдин,
Туу кармар элге жардамсың.
Туугандан чыкса алдамчың,
Ким болот сенин карманчың,
Баарыбир жашоо армансың.

## ЖАЗГҮЛ СУЛУУГА

Көрүп көрктүү бир жанды,
Көңүл чиркин чырмалды.
Ырга салып айтаарга,
Көкүрөккө нур тамды.
Алтын сымал дат баскыс,
Аял затын ардактап,
Билгендер ырдайт жыргалды.

Жеңил соккон жел сымал,
Желпине басып жүрүшүң.
Жылуу сезим жыргатат,
Жылмайышың, күлүшүң.

Жети күн айтсам түгөнгүс,
Сулуулугуң өлчөмүң.
Көзүм түшүп суктантты,
Көөдөнүңдө көркөмүң.
Ажарын ачкан көркүңдөн,
Ай тийген күндүн кечесин.
Шимирип ичип ирчүүдөй,
Ширелүү гүлдөн экенсиң.







*Айдаров Канчоро,*
*«Өзгөн нуру»*
*гезитинин кабарчысы*

## ОШ БАЗАРЫ

Китептеги жомок сыяктуу,
Ырга салып бейпил чыгышты.
Азиялык акын, дервиштер,
Көз алдыман өтүп турушту.

Кан базарга өтөм тунелден,
Жемиш жыты келет капкайдан.
Алың дешип кичи пейил эл,
Мага сунат ысык наабай нан.

Оң жагымда эски чайкана,
Көптөн бери муну мен билем.
Гүүлдөгөн элге кошулуп,
Күндү тосуп ысык чай ичем.

Шашпай чайды ичип бүткөнчө,
Нур чачырайт тоолор тараптан.

Чыгып анан элге кошулам,
Дайра болуп агып бараткан.

Базар ичи түтөйт көп элден,
Көздөр издейт көптү кайсалап.
Менин болсо эки карегим,
Сулууларды өбөт аймалап.

Кыздын төшү жирейт кайыктай,
Бойдок көздү жалт-жалт каратып.
Алма, жаңгак, өрүк элжирейт,
Анар жатат мурдун канатып.

Досум айтат оор мүнөздүү,
Келгим келет дайым базарга.
Жашоо демин сезип ушерден,
Так жүрөктөн карайым ааламга.

Көрүнгөнсүйт көпкө карасаң,
Күн чыгыштын адат, жамалы.
Кылымдарга наркын сактаган,
Касиеттүү Оштун базары.

*(1993-жсыл)*

## БӨРҮЛӨР

Сур караан болуп тагдырда,
Карабай добул, жамгырга.
Жортууда бөрү үйүрү,
Баш буруп бийик адырга.

Шатырайт жамгыр шатырайт,
Карышкан азуу качырайт.





Кыпкызыл чоктой эки көз,
Маңдайда күйүп чачырайт.

Угулбайт аяр дүбүртү,
Кызыл той артта бүгүнкү.
Шилтенет буттар чалыкпай,
Алдыга дагы үмүтү.

Жиреп боз кечтин туманын ,
Тырмагы серпип ылайын.
Зор көкжал келет алдыда,
Мойнуна жыйрып кудайын.

*(1996-жсыл)*

## СИЗГЕ

Чылымдай чөнөктөгү ушаланып,
Баладай бакчадагы кусаланып.
Сизге эми кайра-кайра келе берем,
Суусунан махабаттын ууртап алып.

Чымчыктай учуп-конуп чебеленип,
Байланган күлүк аттай тегеренип.
Сизге эми мен кайрылып келе берем,
Жаздагы жамгыр болуп себеленип.

*(1997-жсыл)*



**Анашов Жолдошбай ,
Кыргызстан Улуттук
жазуучулар союзунун
мүчөсү, «Өзгөн нуру»
гезитинин редактору.**

## АТАМА АРНООЛОР

Сүрөтүң турат өзүң жок,
Сүйлөөргө ата сөзүң жок.
Сагыныч артып көөдөндө,
Саргаят уулуң болуп чок.

Кыялап түшсөм айылга,
Күтчү элең кырда дайыма.
Үй ичи толуп шаттыкка,
Жаңырчу күлкү заматта.

Барганда бүгүн ашыга,
Балалык сезим сагына.
Төркү үйдүн төрү бош турат.
Кобурайт апам жанымды.

Арадан өттү канча жыл,
Ал мезгил бүтпөс дастан,ыр.





Катылып калды жүрөктө,
Өзүңө айтчу далай сыр…

***

Отурдуң там түбүндө,
Мелтиреп ойго батып.
Кетиргиниң келбей мени,
Акырын насбай атып.

Жаныңда бирге болуп,
Жытыгып калыптырмын.
Коштошуу кыйын болду,
Ах, шаардын алыстыгын.

Бетимден аяр сүйүп,
Мойнумдан кучактадың.
Агарган сакалыңдан,
Акырын мен жыттадым.

Ийниме колуң коюп,
«Кабатыр болбо бизден.
Окууңду жакшы окугун,
Сураарым ушул сенден».

Дедиң да бата бердиң,
Ак жолду каалап мага.
Узадым мен айылдан,
Алыскы Бишкек шаарга.

## АПАМА КАТ

Апаке, ата болсом балага да,
Сен үчүн дайым жапжаш баламын да.
Тизеңе башым коюп эркелесем,
Чачымдан сылап турсаң адатыңча.

Сагынам жолум узак, убакыт жок,
Өзүңдөн кат албадым, болду бир топ.
Алышып жүрсөң керек түйшүк менен,
Балдарым жашасын деп көңүлү ток.

Же балким эски ооруң кармап кайра,
Төшөктө жатасыңбы алсыз гана?
Көзүңдөн кусалыктын жашы тамып,
Уулуңду күтүп жүрбө кайра-кайра.

Иретсиз күлүк ойлор бийлеп алып,
Санаамдан чыкпай койдуң жаным апа.
Ооруба, балдарыңдын убайын көр,
Дүйнөдө эң кымбатым өзүң гана!

Апаке, катыңды алдым мага арнаган,
Ден соолугум сурапсың кат башынан.
Анан дагы жазыпсың сагындым деп,
Байкадым ак барака жашың тамган.

Өтүнүпсүң нускалуу насаат айтып,
«Беймаал жүрбө көчөдө бекер басып.
Тентек жүргөн балдарга кошулбагын,
Азапка калбайлы биз кайгы тартып».

Санаа тартпа уулуңду көп ойлонуп,
Окуп жатам алдыга максат коюп.





Күтө тургун апаке дагы бир аз,
Барып калам бакыйган адис болуп.

Түнү бою уктай албай кыйналамын,
Мээримиң мага деген эске түшүп.
Апаке, алыстагы бир балаңдын,
Саламын кабыл алгын сага деген.

Жатамын кроватта шыпты тиктеп,
Элесиң көз алдымда турат дайым.
Апаке, ак сүтүңдү актоом керек,
Айтканым эмгек менен ырастайын.

Оорудан күйгүлтүккө салдым сени,
Мен үчүн азап тарттың эчен ирет.
Ар дайым камкордукка алдың мени,
Медерим тез айыгып кетеби деп.

Уулуңду көрсөң азыр тааныбайсың,
Кутулдум ошол дарттын тузагынан.
Ырахмат, врачтарга миң-миң ирет,
Кайрадан канат берди учаарыма.

## КЫЗЫМА

Канчалык сабырдуулук болгон менен,
Көксөөлөр көөдөнүмдү өрттөп кетет.
Кокустан колу тийсе бирөөлөрдүн,
Жек көрүү пайда болот менде демек.

Бул турмуш кемесине канча чайкап,
Кээ күнү жээкке улам сүрүп салат.

Эстесем барыңды мен Чыныгүлүм,
Баягы көр тирилик унутулат.

Алыстан кубат алып бир өзүңдөн,
Айлап, жылдап бара албайм айылыма.
Сагынуу жүрөгүмдү эзген күнү,
Шашылып жөнөп калам кызым сага.

Чөнтөктөн тыйындарды санап алып,
Каадамча дүкөндөрдү кыдырамын.
Оңтойлуу оюнчукту таба албай,
Кызыктуу болсо экен деп кызыгамын.

## ГҮЛНАЗГА

Кыш аяз кирип күчүнө,
Барсамбы сенин үйүңө.
Түшүнүп аруу сезимди,
Чыгат бир беле түнүндө.

Сүйлөшүп турсак кечинде,
Жашырбай сырды чечиле.
Төгүлгөн  жибек чачыңдан,
Сылап бир турсам эмине?

Жашынган булут ичинен,
Ай нурун бизге чачса не.
Ай жүзүңдөн аймалап,
Акырын сүйсөм беттен ээ...





## ТОМСОРОТ ТОСОЙ АЙЫЛЫ

***(1994-жылдын түнкү 7-мартында Тосой айылында жер көчкүдөн курман болгондорго арнаймын)***

Тосой айылы томсорот да томсорот,
Тобу менен адамдарын жоготуп.
Таш боор белең сен табигат, табигат,
Койдуң неге наристени боздотуп.

Анан дагы каарың тийип энеге,
Жетимиште алдың аны жемеге.
Жок дегенде небересин калтырсаң,
Болбойт беле ага байкуш чоң эне.

Жанын сабап ыйлап жүрөт бирөөсү,
Айтсаң боло мунун кандай күнөөсү.
8-мартты бирге тосушкан,
Аттиң арман, үй бүлөсү бүт өлдү.

Карасаңчы он сегизде боз улан,
Каңырыктан кан кусууда оозунан.
Капысынан ата- энеден кол жууду,
Өксүп турат жакындары жогунан.

Таш боор белең сен табигат, табигат,
Кантсе дагы адам сага багынат.
Ошондуктан, кара жерди жамынып,
Көчкү алдында калды канча азамат.

Тосой айылы томсорот да томсорот,
Баягыдай ойноп чыкпай балдары.
Жалгыз үйдө жалгыз калган ит улуйт,
Айтуучудай бир укмуштай арманды...

## ЖОЛУКПАДЫ ӨЗҮҢДӨЙ

Жаш баладай көөдөн толуп кусага,
Сен жашаган калаа түшөт эсиме.
Буулуккандан тамекини түтөтүп,
Кирпик какпай жатчу болдум кечинде.

Салыштырып көп  кыздарга кыялың,
Жолукпады Өзгөнүмдөн өзүңдөй.
Тагдыр бизди коштурбады кантелик,
Жүрсөм болмок жаным сенден бөлүнбөй.

Аралыктар арабызды тоссо да,
Сен жөнүндө ойлой берем күнү-түн.
Ажеп эмес Алла Таала буюруп,
Аткарылса сени деген үмүтүм.







*Байшериева Апиза,*
*Төрт-Көл айыл өкмөтү,*
*Шоро-Башат айылы*

## СЫРДАШУУ

Элге берип бейпил, бейиш жашоону,
Экөөбүзгө берген машак талааны.
Энчибизди  терип мүшөк артынып,
Ээрчитебиз боз көйнөкчөн санааны.

Баштыгы бар ырдан азык көтөргөн,
Дербиштердей жер кезебиз муңканып.
Көз артабыз булбулу бар бакчага,
Багбанчынын бактысына суктанып.

Эсеби жок байлыгың  да, дөөлөтүң,
Энчиленип берген эмес түбөлүк.
Эселенген көңүл кымбат биз үчүн,
Эсеби жок өтүп жаткан күндөлүк.

Назданып, алоолонуп жандың оттой,
Насыя сүйүүгө да тообо кылып.
Нечен жан кумар болгон ырлар жазып,
Нотага түшпөй калды, обон кылып.

Жан дүйнөм эңшерилет, бөксөөм толбой,
Жүрөгүм сыздап кээде кейип ооруйм.
Жалгыздыкты ары айдап, көксөөм толбой,
Жазган ырың барактап бирден окуйм.

Ак сүйүүңдү суук көздөрдөн далдаалап,
Аянычтуу сезимди да жашырдың.
Сая түшкөн ушак сөздөн калкаалап,
Секунд тете бейишти да качырдың.

Өзгөлөргө абийир, урмат кааладың,
Өкүнүчтө катып уят абийирди.
Өмүр бою сүйдүң, жообун албадың,
Өзүңдөн башка, бөтөн ким билди.

Ардактаган адамыңдын кылыгын,
Адамдыкка койдуң анын уятын.
Болбоюн деп жашоосуна кедерги,
Бузгум дагы келген жок «уясын».

Жазганыңдан сабак алам, эжеке,
Жаткан өңдүү сыйкыр сөздөр үйрөнүп.
Жашооң менен аралашып жүргөндөй,
Жабыркаймын, жан кыйналып түйшөлүп.

Айтылбаган көп ичимде сырлар бар,
Армандарым өчпөй жанып турган чок.
Алоолонгон сезим отун калкалаар,
«Экинчи өмүр» жаза турган тууган жок.





## КЕЧИРИП КОЙ

Ойлоп-ойлоп, ойдун жетпей түбүнө,
Жалбырактай күбүлөмүн күнүгө.
Көңүл толбос турмушумду кишендеп,
Кетким келет бул жашоодон түңүлө.

Сурабагын турмушумдун кыйноосун,
Сел сыяктуу албууттанып турамын.
Өткөн-кеткен күндөрүмдүн убайын,
Көрө албастан жаман тамдай урадым.

Көп ойлонуп мен ичимден ызаамын,
Көңүл чөгөт кучагында кусаанын.
Кеткен болсо күнөө менден кечиргин,
Кечирип кой, жаным сенден сураарым.

## БЕРБЕЙТ ЭЛЕМ

Мезгилдер сыйкырчыдай көздү боеп,
Менменсип кыя өтөөрүн билбейт элем.
Мен сенсиз көздөрүмдү жашка чайып,
Калаарым билсем сени бербейт элем.

Ооба, ооба. Таң калбагын бербейт элем,
Тагдырдан мен талашып буруп алып.
Сен менен өлбөс болуп жашамакмын,
Сүйүүнүн чеп коргонун куруп алып.

## ТАГДЫР САГА УБАЛЫМ

Бир болууга болбой биздин шартыбыз,
Бир арманым: Калдым сенден бөлүнүп.
Көтөрө албай жалгыздыкты көңүлүм,
Кусаа болуп, ыдырадым сөгүлүп.
Сабагынан түшпөй жатып саргайган,
Жалбырактай бүтмөй болдум төгүлүп.

Ойлогонуң бир ордунан чыкпаган,
Бир кем дүйнө, кандай айла кыламын.
Бул оопасыз жашоодо мен бириндеп,
Билинбестен жаман тамдай урадым.
Бөлгөн сени тагдырыма миң наалат,
Буйрулбаган тагдыр сага убалым.







***Бедияров Осмонали,***
***«Ак-Жар» айыл өкмөтү,***
***Большевик айылы***

## ЖАРК ЭТЧҮ ЭЛЕҢ

Кыз кезек чагың анда,
Туйлачу элең балыктардай.
Коомай сөз кабылганда,
Кол бердиң таарынгандай.

Кымбатымсың жаз айындай,
Жарк этчү элең чагылгандай.
Сүрдөдүм сөз таба албай,
Бир сүйүүгө чалынгандай.

Күлмүңдөйсүң алда-кандай,
Көз отторуң каршыланбай.
Келбетинди көрөм айдай,
Кээде жанып, кээде жанбай.

Келчү элем арып-талбай,
Керемет кебиң бардай.
Жан кумар аныкталбай,
Кыз кезиң жаңылгандай.

# ЭҢСЕЙМИН КӨКТӨМ УБАКТЫ

Эңсөөлөр күндө келет мурункудай,
Сагынтып алыстагы ашыгымды.
Кусалык толкунданат тунук суудай,
Энчилеп сага жаздым ушул ырды.

Элесиң айылчылап келген күнү,
Экөөбүз махабаттын паркындабыз.
Айтылып ширин сөздөр бейпил түнү,
Аялуу жүрөгүңдөн тыңшайм добуш.

Сезимден айланчыктап ырактадың,
Жаздагы келип кетчүү келгин куштай.
Эңсеймин жаздын көктөм убактарын,
Эми калдык билбеймин жолугушпай,
Эмнеге биз жүрөбүз жолугушпай?

### Сен жөнүндө

Ойлонсом өтө эле көп чырмалыштар,
Чаташкан чырпык сымал жүдөттүрөт.
Баасын бербей баса калат кыйналыштар,
Багым окшойт бар-жогуна түтөп жүрөк.

Көрүнгөндө көзөнөктөн алыстан Ай,
Ишеничсиз илкип келем күз күүгүмдө.
Эргүүлүктүн отунан алыстабай,
Илхам келсе ыр жазылат сен жөнүндө.

Толкунданам жакшыраагы жазылганда,
Толо болбойт жаңы Ай «төрөлгөндө».
Тарап кетет тез эле атаар таңда,
Тартылгандай «булак» ыры көрөңгөмдө.





# КЕРЕМЕТ БЕЛЕҢ ТОО ЖЕРИ

Тоолордун билип кеч сырын,
Түркүн түс боек жыштыгын.
Ташына дагы түс берген,
Табийгат берген сыйкырың.

Күү чалып шамал ышкырган,
Кыргызга тоону туш кылган.
Керемет белең тоо жери,
Үн салып тоодак кыйкырган.

Бүркүтү тоонун шаң куруп,
Бытпылдык безейт таң сүрүп.
Карышкыр түлкү көрүнсө,
Качырып барат жанды уруп.

Тоолордо улар үн кайрып,
Тоолордун койну миң байлык.
Тоорулуп тоодон кете албай,
Кенч берген тоону ырдайлык.

# ЭМИ КӨРСӨМ

Эсте калган секелек кез жаш чагың,
Экиленип ээлик кылчу башкаруун.
Эмне айтсаң туура көрүп биз дагы,
Ээрчип жүрдүк эми башка каш кагуун.

Бузулбаптыр буудай ыраң каштарың,
Өзгөрүптөр мүнөз кыял баштагың.

Эми көрсөм эрин ээрчип алыптыр,
Байкабапыз мезгилдердин шашканын.

Бир кездеги бирге өскөндү эскерип,
Бири семиз, бири арык бөскөрүп.
Бири агай, бири болсо ак дыйкан,
Ар кесипте ар кандай күн өткөрүп.

Канчалаган мезгил күндөр экчелген,
Кылчайсаң да кайра келбейт кеч делген.
Арман айтпа жаштык кезге ал мыйзам,
Далай ашуу сынап бизди текшерген.







*Байназаров Осмонбек,*
*Өзгөн району,*
*Чаңгет айыл өкмөтү*

## ОЙ ТАЛААЛАР

Мезгил өтөт боз жоргосун салдырып,
Жылдар узайт карасаң көз талдырып.
Кээде адамга байлык берип кубантса,
Кээде адамга жолдош болот жардылык.

«Дос» көбөйөт колунда амал турганда,
«Дос» жоголот оомат жүзүн бурганда.
Издеп жүрүп туруктуудан дос тапкын,
Ишенбестен эки жүздүү шумдарга.

Келем жолдо көптүн бири катары,
Кетирбейм деп айта албаймын катаны.
Кейийм бирок кээ бирөөнүн жонунан,
Кедейликтен түшпөй жүрсө чапаны.

Кээ бир адам айткан үчүн чындыкты,
Кеңкелестен кекерлээген сынды укту.
Келтирбегин айылыңдан кубала,
Келжиреген ниети бузук ынжыкты.

Караандай суук, аптаптарга жан чыдап,
Кайраттуулар өзүн , ишке камчылап.
Машакаттуу мээнет менен жан багат,
Мандайынан мончок тери тамчылап.

Узун ойдун колго кармап чылбырын,
Урматтаймын ар бир сөздүн чындыгын.
Уялбастан кээ бирөөлөр күн көрөт,
«Улуктарга» шыйпаңдатып куйругун.

## ЖАШОО ТАЛАБЫ

Жатпастан жамбашты талытып,
Эмгек кыл маңдай тер агызып.
Жалкоолук коерун унутпа,
Маалынан мурдараак карытып.

Жетишпей чай, туздун келиши.
Бош жүргөн күндөрдүн жемиши.
Иштесең бөксөңдү толтуруп,
Ооматтын кайрылып келиши.

Баркын бил секунддун, мүнөттүн,
Бактылуу жашоо үчүн күрөшкүн.
Эмгегиң токчулук жаратып,
Колуңдан кулпунуп гүл өссүн.

Өмүрдүн өр тарткан жолунда,
Калбастан эч кимдин соңунда.
Бакубат турмушту каалаcаң,
Бардыгы өзүңдүн колуңда.





Курулай кыялдар ар кандай,
Оюмду багынтып алгандай.
Сезимде жашаган кыйла жыл,
Сезилип кадимки майрамдай.

Жашырган чүмбөттү чындыкты,
Жашоонун өзү алып ыргытты.
«Эч качан оңдогон эмес» деп,
Жалганчы самоолор турмушту.

## ӨСПҮРҮМ БАЛДАРГА

Өмүр деген милдети зор сапарда,
Тоскоолдук көп даярдыгы начарга.
Оку тынбай, спорт менен машыккын,
Сен өзүңдү кошкуң келсе катарга.

Жакындаба жаман жорук жосунга,
Жан дүйнөсү түркөйлөргө кошулба.
Жарыбаган болор-болбос нерсе үчүн,
Жаман адам сатып кетет досун да.

Болоор бала жашында эле эртелеп,
Ачык-айкын максаттарга белсенет.
Болбогурлар көчө таптап жүрүшөт,
Жалган сүйлөп, арак ичип темселеп.

Оку, оку эч нерсеге караба,
Эркиң жетсе дүйнө жүзүн арала.
Кичи пейил көңүлүңдө кири жок,
Көптү билген азамат бол садага!

## ЭНЕ ТИЛДИ КЕМСИНТПЕ

Өгөй болуп өзүңдүн түп тегиңе,
Кудай берген эне тилди жерибе.
Өз элиңе бөтөн тилде сүйлө деп,
Өзгөчө ойлор азгырабы сени же?

Алды артыңа аң сезимдүү карагын,
Алган элбиз кылымдардын сабагын.
Ардактабай эне-тилин кемсинткен,
Ата-Журттун талаша албайт таламын.

Өткөн доордон тарых берет кабарды,
Тарыхы жок келечегиң караңгы.
Жакпай сага жарды болсо эне-тил,
Залкар эпос Манас кайдан жаралды.

Жаман үйдүн башкарат дейт коногу,
Конок тилди өз алдынча коелу.
Эли-жерин урматтаган адамга,
Эне-тилдин орду болот жогору.

Эрдик изи эң илгерки түпкүрдө,
Эркин элбиз эне-жердин үстүндө.
Эчен каардуу замандарды карыткан,
Эне-тилди учуратпай мүшкүлгө.





## ӨМҮР

Өмүр сен деңиздеги кемедейсин,
Жол тарткан бир жээгинен , бир жээгине.
Өткөнүн күн-түндөрүн кенебейсин,
Тизилип ай-жылдардын тизмегине.

Учурап албуут, долу толкундарга,
Умтулуп улам алга жылган сайын.
Утурлап улгайган кез кол сунганда,
Умсунтат алыстаган жаштык чагым.

Учурду убагында баалай бил деп,
Эмгегим эселентип берсин жемиш.
Өмүр сен өткүн жиреп толкундарды,
Чалкый бер, жашоо деген улуу деңиз!

## САКТАЙ БИЛСЕК ЫЙМАНДЫ

Качан көрсөң кабак , кашын түйбөгөн,
Качан көрсөң калыс сөзүн сүйлөгүн.
Калкы сыйлап тилин алчу адамдар,
Качан эле өтүп кеткен дүйнөдөн.

Эми алардын таалим, тартип сабагы,
Эл ичинде эстен чыгып калабы.
Азыр элде андагыдай пейил жок,
Солгундоодо соңку муундун саламы.

Сансыз кылым сабак алып жашоодон,
Салтка айлантты ата-баба жыйганды.
Сатып ийбей алтын, күмүш буюмга,
Сактай билсек сөз тийгизбей ыйманды.

## АР КЫЛ ЖАШОО

Бүркүт самайт бийиктикти, кеңдикти,
Эркин учуп кош канатын жаюуга.
Алты ай кышта , тынч уктоого камынган,
Түбү терең үңкүр жагат аюуга.

Айтсак туура канаттуунун зору да,
Арам окат адат болгон журуга.
Шакылыктап жөн жүрбөгөн сагызган,
Айланчыктайт эшектердин жооруна.

Күкүк тууп башка уяга жумурка,
Куулук кылып балапанын бактырат.
Тоо боорунан ийин казып тамыр жеп,
Жашап жүрөт суур жана кашкулак.

Тарпка конуп кокту, колот, тоолордо,
Таскаралар чыгарышат капшытты.
Бийиктикте таза жашап көнүшкөн,
Алгыр куштар жек көрүшөт пастыкты.

## АЧЫК СЫР

Оо, жараткан, ашыксам бардаш бергин,
Кыйындыкты жеңгенге кайрат бергин.
Жакшылыкка умтулуп тилек кылсам,
Жарык кылып жолумду жалгап келдиң.

Таң сүргөндө намазга ойгономун,
Даарат алып өзүңдү-ойлономун.
Дил тазартып, ак жашап, туура жүрсөм,
Жакшы билем ишимдин оң болоорун.





Арам пул таап үй-бүлө баккан жокмун,
Кол куушуруп кайдыгер жаткан жокмун.
Ак-караны ылгабай манчыраган ,
Алдым-жуттум пендеңе жаккан жокмун.

Жанкечтинин сүйлөгөн кесир кебин,
Жакын албай көңүлгө кечиргемин.
Каргашалуу нааданга салыштырам,
Кара жемсөө куулардын эсиргенин.

Жан дүйнөсү тазага жанашамын,
Жакшылыктын жолунда баратамын.
Жактаганым калыстык, адилеттик,
Жан күйгүзүп чындыкты талашамын.

Кудай десем мен сактап кеңири ичти,
Бут тоскондор тымызын жеңилишти.
Ишим жылса алдыга, жан талашып,
Ичи тарлар жалаа жаап теригишти.

Ачык айтып максатка белсенгеним,
Адал иштеп калкыма берсем дедим.
Жүрөктөрдү жылытса бүгүнкү ишим,
Жүзүм жарык болот да эртең менен.

## ЖАЗГЫ ТҮН

Караңгы түн көзгө сайса көрүнгүс,
Күрпүлдөгөн суунун шары жаңырган.
Күркүрөсө селт этkенсийт теребел,
Кезек-кезек оттук чагып чагылган.

Жан талаша жүгүнүшөт дарактар,
Бороон жүрсө булуттарды айдаган.
Жамгыр сээлдеп дымып калып кыйлага.
Шатырата төгүп кирет кайрадан.

Таркады анан бир оокумда булуттар,
Жылдыз жайнап, түпсүз асман көгөрүп.
Былк этишке шайы келбей дарактар,
Туруп калды бир-бирине жөлөнүп.







*Жумаева Каныштай,*
*Өзгөн району, Баш-Дөбө*
*айыл өкмөтү*

## АПАМА

Айланайын алтын апам,
Бир өзүңдү мен сагынам.
Эне жытын эңсеп туруп,
Кусалыка мен де батам.

Кымбатым алтын апам,
Аппак болгон саамайыңды мен самап.
Көргүм келет көздөрүңдүн карегин,
Өзүмдү токтото албай мен баратам.

Апа деген ыйык экен баарынан,
Апам барда мен кубанам, сагынам.
Уул-кыздын урмат сыйын көрө бер,
Биз сурайбыз ден-соолугуң Кудайдан.

## ЖОЛДОШУМА

Кош жылдызым Кудай кошкон жолдошум,
Кудай биздин ишибизди оңдосун.
Бирге жашап, бир бололук түбөлүк,
Алла дайым бизди бирге колдосун.

Бирге жашап таптык уул-кыздарды,
Биз өткөрдүк турмуштук оор кырдаалды.
Эми минтип көрөөр күнгө жеттик го,
Оо жолдошум бир көрөлү жыргалды.

Уул үйлөп, келин алып күтүнүп,
Той кылалы куда күтүп сүйүнүп.
Ынтымака Кудай бизди жеткирсин,
Бир жүрөлү бир муштумдай түйүлүп.







*Кадыров Абдимитал,*
*Өзгөн району, Төрт-Көл айыл өкмөтү*

## КӨРҮШПӨГӨН СҮЙҮҮЛӨР
*(юмор)*

Сүйүү кандай, бир мезгилде Барпы айткан,
Сезим козгоп боз уланды какшаткан.
Сүйүү десе сүзүп өтүп деңизден,
Алыкул джа жүрөгүндө барды айткан.

Үкөй кыз да Боогачыны боздоткон,
Арман кылып жүрөк сырын козготкон.
Ырыспайды өмүр бою сүйгөнү,
«Алмашым» депо бон созуп жоктоткон.

Аалыкени мунары да муңканткан,
Сүйүү дешип канчалар бар үн каткан.
Айлуу түндө булактарда кезигип,
Ант беришип, кол кармашып сырдашкан.

Жүз көрүшүп сүйлөшпөгөн сезимдер,
Кайсы жүрөк күйүп жанат дегим бар.
SMSте чен өлчөмүн айтышып,
Таалай издейт азыр кыздар, келиндер.

Менин азыр ойлорумду таңгалткан,
«Сүйөм» дешип оозмо-ооз антташкан.
Жашты көрбөйм, замананын укмушу,
Сүйөт имиш телефондо Ватсаптан.

## БИЛИМ БАШАТ КУТМАНЫ

Күлүктүрдү таптагандай жайында,
Адамзаттын саяпкери айылда.
Колдо жогу чындыр, бирок сиздерге,
Дил руху жетпейт такыр байында.

Балдар менен чиеленип бошобой,
Жаралгансыз тагдырыңыз ошондой.
Окуучунун демине-дем күч берип,
Таза абадан таңшып чыккан обондой.

Ал-мугалим тарбиянын устаты,
Адеп-ахлак, билим-башат кутманы.
Жеткинчектен 90 жашка чыкса да,
Эже, агай деп сый көрсөтөт бүт баары.

## АТА-БАБАМ ЖЕР СООРУСУН ТАНДАГАН

Кимге кандай жашоодо ал билинбейт,
Туулган жер, өскөн жерим миср дейт.
Жашаса да эрме чөлдө таш зоодо,
Суук жерби менин жерим Сибир дейт.

А мен болсо таза абада аңкыган,
Тоолорунда бүркүт учуп шаңшыган.





Жашайм эркин асман тиреп тоолордо,
Тунук булак, дары суулар саркыган.

Асманында түркүн куштар айланып,
Тоо-ташында кайберендер жайланып.
Жайнап турат алма, алча, бүлдүркөн,
Мөлтүрөгөн таза суулар сайда агып.

Чөл деп коёт Ош, Баткенди, Сүлүктү,
Тил тиштейсиң даамын татып өрүктү.
Дарбыз, коон, жүзүмдөрүн мындай кой,
Каймак, майын, айран, кымыз, курутту.

Мекенимди Меккеге да алмашпайм,
Жазсаң болот дагы канча ыр дастан.
Кудайыма миң мертебе шүгүр дейм,
Ата-бабам жер соорусун тандашкан.



*Курванали кызы*
*Кутманай,*
*Өзгөн району, Баш-Дөбө*
*айыл өкмөтү*

## АЙЫЛДА

Эрте таң, көктө жылдыз толгон убак,
Жаркырап маңдайымда Чолпон турат.
Салкын жел сылап өтүп ичиркентип,
Ачык турган моюнумду кытыгылайт.

Таң сүрүлүп көрүнөт күндүн көзү,
Талыкпай апакем уй сааган кези.
Талаага кетмен алып жөнөгөн,
Көрүнөт Субанкулдай атам өзү.

Кеч кирип мал кезүүдөн кайткан убак,
Керемет күч айылыма тартып турат.
Мурунумду жарып гана жиберчүүдөй,
Апакемдин тамагынын жыты урат.

Ай чыгып, түн ортосу болгон кезде,
Айланам кооз жаткансыймын бейиште.
Бейиш эмес анан не деп атай алам.
Пейили кең жашап жатсам айыл жерде.





## АПАКЕМДИН ЖАПКАН НАНЫ

Каруудан, күч кубаттан кетсең дагы,
Калбады нан жапканың таң заардагы.
Уйкудан көз ушалап турган турган кезде,
Капкачан даяр эле жапкан наны.

Асманда жылдыз толук тарай элек,
Апам ай, отурчу элең үнүң элеп.
Азыр эле ойгонушса «жөжөлөрүм»,
Курсактары ачпасын десең керек.

Тирүү жан уйкусунан ойгоно элек,
Тандырдан от чачырап элеп-желеп.
Салганыңда мыктап жууруган нандарыңды,
Жытынан курсак сылап ойгончу элек.

Кар басып канча жылдар өтсө дагы,
Калбады нан жапканы таң заардагы.
Каруудан көч кубаттан кетсең дагы,
Калбады нан жапканың таң заардагы.

## БАЛАЛЫГЫМ

Балалык кез барды-жокту билбеген,
Билип, билбей шоктук кылдым миңдеген.
Кылыгыма күлүп турган жылмайып,
Апакемди окшоштурам күн менен.

Шыпыргыны комуз кылсам черткилеп,
Апам турат, өнөрүмө элжиреп.
«Адам бол»-деп алкап мени арада,
Турар элең тентек кызга бак тилеп.

Кийип алып шиш такасын эжемдин,
Мен өзүмдү мугалимдей сеземин.
Катар тизип куурчактарды окутуп,
Иштен чарчап кайра үйгө келемин.

Апакебай кызым тентек дебегин,
Бал кыялдын аңдаптырмын себебин.
Бала кыял орундалса аз күндө,
Бала окутуп ЭЖЕЙ болуп келемин.

## БИР САБАКТА

Көңүл бөлбөй мугалимдин сөзүнө,
Кылт дей түштү керемет ой сезимге.
Илхам келип ыр жазганга ашыктым,
Илим эмес өнөр турду сезимде.

Көзүм турду мугалимге тигилип,
Кулагыма болор-болбос сөз илинип.
Оюм кетти алып учуп кыялды,
Оргуштаган асыл сөздөр биригип.

Дептеримдин алды тема, арты ыр,
Ырдын күчү мени өзүнө буруптур.
Тема коюп текст жазбай калыпмын,
Мына ошентип токсон мүнөт бүтүпүр.





## ОШ ШАМЫ

***Ош шамы гезитинин 25 жылдыгына арналган***
***(акро ыр)***

Он алты бет кызык бири-биринен,
Окуйм талбай окуяңа сиңип мен.
Ойго сала он алты түр кызыгың,
Оргуп чыккан Ордолуу Ош жеринен.

Шаңы да бар, кайгы, муңу баары бар,
Шыпаа берер дарттарыңа дары бар.
Шаңшып күүлөп, обологон булбулдай,
Шаан-шөөкөттүү маданият дагы бар.

Шериктешсиң түркүн улут элине,
Шерденбейсиң ээлик кылып жериңе.
Шертиң бузбай биримдиктүү иштейсиң,
Шерик болгон улут менен бириге.

Атагың бар «Ош шамы» деп аталган,
Арман кылбайт окурмандар катталган.
Ачык окуп, түркүн-түр жаңылыкты,
Айрып алар акыйкатты жалгандан.

Меймандоссуң бөлүнгөндү билбейсиң,
«Мени оку, жаңы кабар бил-дейсиң».
Мекен үчүн кашык каның аябас,
Мертинбестен оор жүк арткан пилдейсиң.

Ынтымакты, достукту сен бекемдеп,
Ырыскылуу Ошту келдиң мекендеп.
Ыр арнадым чейрек жашың куттуктап,
Ырдап жүр деп, сактап жүр деп белендеп.



*Курманбеков Кадырбек,*
*Өзгөн району, Ийри-суу*
*айыл өкмөтү. Акын.*

## "ЖОГОТУП ЖҮРГӨНҮМ ЧЫН МЕН АРМАНДА, АРЫЛДЫМ АРМАНЫМАН СЕНИ АЛГАНДА"

Жашырбай жан сырымды мен төгүлдүм,
Көзүмө он тогуздай сен көрүндүң.
Жылмайдың ууртуңан «алам»-десем,
Ишенип, ишене албай чын төгүнүн.

Жалындуу жылдарды биз эстеп жаттык,
Эртеси тартынбастан эркин бастык.
Качанкы күндөр бизге кымбат эле,
Кайрылып келбесе да ал кез, жаштык.

Ал күндөр алтынга да тете эле,
Экөөбүз бир жүргөндөй кечээ эле.
Олтурдук кучакташып билбегендей,
Жылдарды менсиз өткөн нечен эле.

Экөөбүз моюнга албай жаш өткөндү,
Эргидик эске албай өзгөргөндү.
Көңүлдөр ошол биздин курактагы,
Сакталып сары майдай көөнөрбөдү.





Сүйүүбүз канбай ичээр суубуздай,
Кармайлы желбиретип туубуздай.
Оорутар көңүлдөрдү уу сөздөрдү,
Сен мага, мен да сага эч угузбай.

Жар болчу жаркын мүнөз жанга шерик,
Экөөбүз махабаттын күчүн сезип.
Жашайлы толкуп ташып, жарык чачып,
Жашоого жан жыргаткан тартуу берип.

Көңүл шат издегенин таап алгандай,
Жытыңды искей берем мокум канбай.
«Жар болуп кадырыңа жетем»-дедиң,
Бир гана мендик болуп жаралгандай.

Жоготуп жүргөнүм чын мен арманда,
Арылдым арманыман сени алганда.
Бир жыттап алсам болду жан чыгаарда,
Жашаймын сүйүү үчүн бу жалганда.

Анан эртең не болоорун ойлонбой,
Кош ооздо дүрмөттөлгөн октордой.
Экөөбүз тең бир максатка атылдык,
Жарышканда мезгилинен озгондой.

Сен бүгүн жаркын жарсын жан отумдай,
Акыры болор ишти көп создурбай.
Канча жыл кантип чыдап жүрдүм экен,
Издебей, таап албай, тез кошулбай.

Менде азыр башка турмуш, башка жашаш,
Кезеги келген кезде кимди тандаш.
Мен сени тандагамын сезип туруп,
Сенчелик эч ким жоктур мени баркташ.

Махабат мунарасын курганымда,
Учунда кол булгалап турганыңда.
Жашардым жашаргандай ким да болсо,
Жаңыдан алмаштырып канн куйганда.

Бошотуп койсоң мени кучагыңан,
Асмандан кулагандай учагыңан.
Чын айтсам жан сырымды кур калгансыйм,
Жашоодон жалгыз гана утаарыман.

Бейпил түн сен, мени  жашартып,
Көңүлдү көтөрдүң тазартып.
Өксүүдөн айрылып кошулдук,
Өмүрдү өйдөлөп баратып.

Сыйкыр нур денеме таралып,
Сен үчүн кайрадан жаралып.
Эх, калсам түбөлүк мейли эле,
Койнуңдан чыга албай арбалып.

Сүйүүнүн пирлери кайтарып,
Көркөмүң көңүлдө сакталып.
Отуз жыл өчпөгөн сүйүүгө,
Ишенбейт көптөрү таңкалып.

Өмүрдүн көбү кетип , азы калды,
Алдыда салкын төрбү, сормо сазбы?
Чачылган ойду жыяр, ала келээр,
Өзүңсүн өмүрүмө да бир жазды.

Болгону күндө үйдө тоссоң жайнап,
Ашыгып көрбөгөндөй эчен айлап.
Келээрмин жердин жети катмарынан,
Азгырып кетсе дагы шайтан алдап.





Мен сенден башканы билбедим,
Сен жакта калыптыр издерим.
Карылык кезеңде дагы эле,
Өзүңөн жылуулук издедим.

Сен дагы дарегиң билгизип,
Заматта күлүк ой мингизип.
Учурдуң күндөргө бир жүргөн,
Бир гана сен билип, мен билип.

## АТА-ТЕГИМ

Тутантып коломтону Эр Манасым,
Өчүрбөй эчен кылым келатасын.
Суу башын, салкын төрдү байырлаган,
Байыркы көп элдердин бабаасынын.

Аттанган кылымдарга убагында,
Желбиреп көк асабаң турганыңда.
Кара жер калыңынан чыдаганбы,
Чакырган «Эр Манастап» ураанына.

Аталып «жапайы арстан» эрдигиңен,
Жараткан жалгап сага бердиби дем.
Айланып рухуңа кыргыздардын,
Айрылбай келет журтум элдигинен.

Урчуктуу Теңир-Тоо да туулга кийип,
Кыргыздар жок болбогон кумга сиңип.
Дайрадай күпүлдөгөн ырга айланды,
Манасым дилге кирип, ырга кирип…

Тоготпой сан душмандын чабуулдарын,
Кыргызым-көктөн түшкөн чагылганым.
Арбагы алп Манастын сүрөп-колдоп,
Алдыга басар жолдон жаңылбадың.

Ок өтпөс олпок кийген аскалардан,
Ой жоруп келечекке сыр сурасам.
Бабамдын баатырдыгын айтып турат,
Арстанды айбат кылган бөлө чапкан.

Адаты ат кадырлап, үртүк жапмак,
Алгыр деп куш төрөсү бүркүт таптап.
Жолборсту укуруктап жетелептир,
Шердигиң, баатырдыгың унутуп таштап.

Тайганга карыкырды чайнатышып,
Тирүүлөй кабыланды байлатышып.
Угушкан күндөп-түндөп манасчыны,
Казанда кайберенди кайнатышып.

Терисин алып аюунун төргө салып,
Көркөмдөп ак өргөсүн жөнгө салып.
Ардактап аталарды, улууларды,
Улуу от коломтодо, көздө жанып.

Бул күндү тартууласа бабаларым,
Жол улап мен да куштай сабаладым.
Сен дагы кыргыз уулу алгалай бер
Кылчактап эч артыңа карабагын







*Мамажунусов Мамасали,*
*Өзгөн району, Ничке-Сай айылы, акын жазуучу*

## ӨЗГӨН КҮРҮЧҮ

Өзгөндүн күрүчүнүн ашы сонун,
Жеген сайын жегиң келет, даамы сонун.
Көп жерлерге тыным албай кетип турат,
Өзгөндүктөр ошондуктан эгип турат.

Өзгөн күрүч көп жерлерде тарпи болот,
Аш жасашса, анын даамы башка болот.
Кой майына койдун этин куурун туруп,
Бышкан кезде күрүч салып, демдеп коет.

Даамы кетпейт, жеген сайын жегиң келет,
Тойгон соң да, кайра-кайра даамын берет.
Кээ бирлери ашты жешет жума сайын,
Бир кой союп, муздак жерге сактап коюп.

Өзүбектер чайканада ашты жешип,
"Кой ягыда аш йедик"-деп мактанышат.
Көк чайларын чайнектерге демдеп коюп,
Аштан алат, анда-санда ууртап коюп.

Биздин күрүч көп жерлерге кетип атат,
Бардык дандан мунун наркы өйдө турат.
Пайдасы көп, даамы сонун бул күрүчтүн,
Ошондуктан бул күрүчтүн баасы кымбат.

Соодагерлер көп жерлерден келип турат,
Тонналаган күрүчтү алар сатып алат.
Көп жерлерге алып барып, пайдасына,
Ал жерлерде кымбат баада пул кылышат.

## ДОСУҢ БОЛСУН КЫЙЫШПАС

Жашоодо жакшынакай досуң болсун,
Сырдашып, сыр айтышып, көңүл толсун.
Башка түшүп кыйынчылык мезгил келсе,
Ажырабай жаныңда дайым турсун.

Достор бар ажырагыс, кудай кошкон,
Өмүр бою кыйышпастан бирге жүргөн.
Дос күтсө кээ бирлери пайдасы үчүн,
Андай достор бир мезгилде үзөт изин.

Эгер сен кудай кошкон достон болсоң,
Дос түйшүгүн тең көтөргүн, козголбостон.
Пайда күтпө досуңдан дароо эле,
Пайда болот, кудай берсе, о дүйнөдөн.

Досуңду ар кыл шартта сынап көргүн,
Сындан өткөн досуңа колду бергин.
Досуңдун кол кармашкан аялы бар,
Астыртан аны дагы байкап билгин.





Досуң болсун, өз пайдасын көздөбөгөн,
Аны тапсаң, бактылуу болосуң сен.
Чын досуң жамандыкта, жакшылыкта,
Жөлөк болуп, бирге болот сени менен.

## КАРЫЛЫКТЫН ТАМАШАЛУУ АРМАНЫ

Картайып өмүр бараткан,
Кайгыруу менен таң аткан.
Картайтпай койсо, болбойбу,
Кайран бир жанды, жараткан?

Эскирип өмүр баратат,
Эскерүү менен таң атат.
Аттиң ай, сонун өмүрдү,
Эскиртип неге жаратат.

Кайран өмүр, шум дүйнө,
Эскиртип мени салдыңбы?
Кайкып бир учкан куш элем,
Кармалып тордо калдымбы.

Балалык кезим элесим,
Сагындым качан келесин.
Сагынычым таркамак,
Көрүнсө сенин элесиң.

Тамашалуу ыр жаздым,
Тамаша эмес чын жаздым.
Өткөрүп жаштык кезимди,
Аттиң ай эми деп калдым.

## ЖАШТАРГА НАСААТ

Бул дүйнөдө жашоо кымбат баарынан,
Ошондуктан эмгек кылгын жашыңдан.
Эмгегиңен далай жаштар макталып,
Төштөрүнө орден-медал тагынган.

Эмгектенсең, жакшы турмуш курасың,
Эл оозунан жакшы сөздөр угасың.
Жалкоо болуп, жата берсең жамбаштап,
Анда кантип турмуш жолу улансын?

Эрте турсаң, ырыс берет кудайым,
Ошондуктан сергек болгун ар дайым.
Жакшы адамдар дайым таза жүрүшөт,
Жакшы иштерге дайым колун сунушат.

Ата-эненди сыйласаң, сен да сыйды көрөсүң,
Сен да бир күн ата-эне болосуң.
Жамандыктын баары сенден жоголуп,
Кудай берип, ишиң дайым оңолсун.

Кээ бир жаштар мактанышат жөнү жок,
Ойноп жүрөт, турмуш менен иши жок.
Камоктордон чыга алышпайт алыстап,
Баса албастан , буту-колу чалыштап.

Оокат-аш жок, үйдө балдар чыркырайт,
Аны көрүп, байкуш эне зыркырайт.
“Кардым ачты, тамак алып келгин”-деп,
Жатып алып, ал эргул, аялына кыйкырат.







*Маматалиева Марал Тыныбековна,*
*Өзгөн району, Мырза-Аке айылы*

## АЛЫКУЛ ОСМОНОВГО

Акын жазган Ала-Тоонун эл жерин,
Дал ошондой ырлар жазсам тилегим.
Ырларымда акын айтып кеткендей,
Кудай берсе жакшы эки сап ыр берсин.

Бир кетсе келбес кайра мындай акын,
Жүрөгүм ырларыңа абдан жакын.
Ырыңды кайра-кайра окуп келем,
Ырыңдан улуулуктан гүлүн терем.

## ПОЭЗИЯ

Поэзия жүрөгүмдү ээлеп алдың,
Бир күн да сени окубай тура албаймын.
Кубанчыма, кайгыма ортоктошсун,
Жашоодо сени менен болом дайым.

Поэзия сүйүүнүн ааламысың,
Уктасам уйку бербей келетасың.
Ойлонсом оюма сен ой кошосуң,
Жүрөктөгү оордукту бошотосуң.

## КЛАССТАШТАР

Эх классташ, классташтарым,
Көргүм келип мен силерди сагындым.
Окуганда силер жзган күндөлүктү,
Эстей берем окуучулук күндөрүмдү.

Кантейин жете албайм бириңе да,
Бириң түштүк, бириң борбор шаарында.
Сагынганда учуп барар канатым жок,
Аттиң ай арманым бар ошол гана.



Өзгөн районунун акын- жазуучуларынын жана ыр ышкыбоздорунун жыйнагы



*Мурзабаева Шарапат,*
*Өзгөн району, Корс-Этти айылы*

## КӨЧӨБҮЗДҮН АЯЛДАРЫНА

Ынтымак болуп жүрөлүк,
Ырдап өмүр сүрөлүк.
Ынтымак болсо адамдар,
Ырыскы болот түбөлүк.

Айылга бирге баралы,
Айылдан такыр калбайлы.
Алдыда турган өмүрдү,
Жакшылап күтүп алалы.

Каткырып дайым күлөлү,
Кайгыдан алыс жүрөлү.
Оорулардан айыгып,
Ойлонбой өмүр сүрөлү.

Жамандык такыр болбосун,
Көчөдө балдар ойносун.
Ар бир үйгө жакшылык,
Түбөлүк келип орносун.

Балдар иштеп алыста,
Үйдө олтуруп байыйлы.
Мулжуңдабай көп эле,
Мээримдүү болуп карыйлы.

Көчөбүздө той болсун,
Коңшуларым бай болсун.
Кемибесин арабыз,
Төрөлө берсин небере,
Балдарыбыз бар болсун.

Ынтымак болуп жүрөлүк,
Ырдап өмүр сүрөлүк.
Ынтымак болсо адамдар,
Ырыскы болот түбөлүк.
Тарбиялап балдарды,
Кыргызстанды сүйөлүк!

Курманжан Датка өңдөнүп,
Саламат эжем аман бол.
Баатыр эне аталдың,
Медалдарың тагынып.
Небере келин жумшадың,
Чебере келин келгенче,
Ушунуңдан жазбагын.
Айсалкын эжем дагы бар,
Каныкей апа өңдөнүп.
Жайкалып басат көчөдө,
Эркайым аталып.
Баатыр эне болгонсуз,
Аман эле болуңуз.
Жездеми катык башкарып,
Наки эжем дагы бар.





Ал да медаль тагынган.
Кээде ооруп буттары,
Олтурушта дайыма,
Үйдүн бурчун тандаган.
Аман эле болуңуз,
Чебере келин колунан,
Чай-пай ичип коюңуз.

Кыштоонун гүлү барпайган,
Чоң эне болдуң балпайган,
Шакен эжем алтыным,
Өзүмө дайым жакыным.
Атаандашып сиз дагы,
Баатыр эне болдуңуз.
Чебере келин жумшаңыз,
Чоң эне, таэне болуп жайкалган.

## КАЛДАРБЕК БАЛАМА

Калдарбегим карегим,
Сүйлөшкөндө маегим.
Ичпеген да чекпеген,
Беш убак намаз окуган.
Сабырдуу менин тун балам,
Арканды узун таштаган.
Келечектен кеп кылат,
Колунда болгон байлыгын,
Берейин деп эле турат.
Көп эле иштеп табасын,
Баарыбызга тең бөлүп,
Кайра эле ишке барасын.
Ушунуңдан жазбагын,

Сыйлап турсун алганың.
Убайым көргүн балдардын,
Алтын башың аман бол,
Үй-бүлөң менен бирге бол.
Нурмухаммед, Имран уулдарың,
Жарык берген ай болсун.
Нурайым менен Нурия кыздарың,
Тийип турган күн болсун.

## АПАМ КАРАГУЛ КЫЗЫ ТАТТЫБҮНҮН ЭЛЕСИНЕ

Кагылайын алтын апам кутманым,
Мандайымда,күйүп турган чырагым.
Урушсаң да урсаң дагы мейли эле,
Кубат эле өзүң тирүү турганың.
Нияз кетип сыздап турган убакта,
Өзүң мага кайрат айтып тургансың.
Жаш кезегиң эстеп алып апамын,
Сени таппай ыйлап турам жан апам.

Казанга жапкан нандарыңды сагындым,
Күүгө бышкан айраныңы сагындым.
Эрте менен эрте туруп сабоодо,
Ууз сымал саамалыңды сагындым.

Жаз мезгили жайлоого биз көчкөндө,
Этти кууруп чаначтарга салчу элең.
Кымыз менен этти байлап тең келип,
Тору атка өзүм минип алчелем.
Ак көйнөнүң кийип алып таптаза,
Ак боз минип өзүң эркеч салчелең.







*Мусабаева Матлюба,*
*Өзгөн шаары. КР*
*Улуттук жазуучулр*
*союзунун мүчөсү*

## МЕКЕН

***Мекен-астанадан башталат.***

Жүрөгүмдүн түпкүрүнөн башталгансың сен
Мекен,
Көз жашымдан, кубанчымдан башталгансың сен
Мекен,
Дарттарымдан жан дүйнөмдөн башталгансың сен
Мекен,
Катып калган арманымдан башталгансың сен
Мекен.

Армандарым атамбы, же энембим билбедим,
Көкүрөктөн жарып чыгалбаган арманымбы билбедим,
Жыгылганда сүйөп турган тууганымбы билбедим,
Тып-тып тамып турган ниеттерим сен Мекен.

Өкүнгөндө, өксүгөндө эркелеттиң энемдей,
Аалам кең дүйнөгө батпай калган күндөрүм,

Кээде ДОС жарлар оорутса жан дилимди,
Башымды уруп мен өзүңдөн жай издеймин
Мекеним.

Бийлик, байлык арттырбадым, арттырбадым
дос-жарды,
Бул жарык ааламда жан жолдошум өзүңсүн
Мекеним.
Душмандарым кир издесе тырмак ичинен ,
Тоюп кетем, тойдурса сага гана сүйүнөм Мекеним.

Сулуулуктан, аруулуктан жаралгансың сен Мекен,
Туйгу сезимдердин жаралгансың сен Мекен,
Бир-бирине тойбой турган көз караштан жаралган,
Бул дүйнөдө, ааламда жалгыз өзүңсүн Мекен.

## АЯЛДЫ КЕМСИНТПЕ

Аялды кемсинтпең, үстүнөн күлбөң,
Текшерип жүрбө баскан кадамын.
Бакыт бербесе Алла, бакты жок деп жүрбөң,
Тепсеп койбоң анын кыялдарын.

Аялдар өздүгүн тепкилеп өтпөң,
Сиз эмеспи аны жалгандан сүйгөн.
Жалган сөз үчүн асмандан учкан,
Сиз үчүн кимдер жанынан кечкен.

Аял ким, энебиз, ыйык бир инсан,
Аял ким, эжебиз-сулуу канайым.
Аял ким, сиңдибиз-туруктуу ыйман,
Аялдар бар үчүн жашообуз уланган.





Аял мээримдүү жар сиз үчүн,
Барбы жокпу чыдап жашай берет.
Бир эле сөзүңүз ал үчүн укук,
Темир укуктардан короо жасай берет.

Сүйсөңүз чын жүрөктөн сүйгүн аялды,
Сиз эмеспи өктөм туруктуу өктөм.
Аял жүрөгү ыр, окууң бул ырды,
Жанында болсоңуз аял кем болбос.

Эркектер дүйнөнүн устуну сизсиз,
Коркобуз, устундар кулап кетсе.
Жүрөктүн түбүндө жаркын күнсүз сиз,
Кара күндөр эч сызык сызбасын.
Аялды кемсинтпең!

## ЭРКЕКТЕР

Оруп жатып калбасын эркек,
Көккө карап көзү талбасын.
Эркек болсо, аткарылып тилек,
Тилек арман болуп калбасын.

Эркеги бар үйдүн жүрөгү кенен,
Салымы бар, сагынычы бар.
Аталарга ким келет тең,
Алар болсо, дүйнө да кенен.

Эркектер бар жүрөктөр бүтүн,
Түндөр да, күн да тынч.
Ырыскыны бүтүн кылат биз үчүн,
Жүрөктү да аралабай өкүнүч.

Саргайбасын эркектин жүзү,
Аялына бакыл болбосун.
Ар убакыт сынбасын сөзү,
Аялына калбасын күнү.

Эркек эркек бойдон жашасын,
Балдарына улуу бир ата.
Ашын жеп, жашын жашасын,
Урмат көрсүн, сый көрсүн ата.
Бирок жарын таштап кетпесин!

## БИТИК

Көңүл-Канбадек улуу,
Сөз-кылычтан өткүр.
Мээрим-кутмандуу ыйык,
Акыл ой-пикирдин кескич чырагы.
Сабыр-алтынга тең байлык,
Ишенич-айлана короо.
Үмүт-гүл сулуулук,
Өкүнүч-капкара түн.
Бакыт-жарык келечек,
Махабат-ширин түш.
Кызгануу- тикендүү жол,
Кыянат- падаркуш.
Домат-шайтандын иши,
Хасат-жүрөгү күйүк.
Ичи каралык-куруган бак,

Омат-көрктүү тоо
Илхам-бул бир талант.





## БИР ТУТАМ КАГАЗ

Ыйык болду бир тутам кагаз,
Куруу сөздү эч ким да укпас.
Сүйлөй албас кысылган бул үн,
Сөзүндү бирөө да укпас.

Не болсо да кагаз сүйлөсүн,
Анда түркүн сөздөр түзүлгөн.
Шишип турган көбүк бөксөсүн,
Акыйкаттын тили кесилген.

Апалар да жазып берсин сөз,
Аталар да колун койсун.
Алдап койсоң көздү сол көз,
Кагаз кылымы болсо, кагаз да не кылсын.

Оо! Куткарып калган бир тутам кагаз.
Не болсо да кагаз сүйлөсүн!

## ЖОЛДОГУ ЫР

Барат поезд токтобой ылдам,
Түрдүү өлкө, өрөөндү бойлоп.
Достун жолу байлыгы,
Бул жолду барамын ойлоп.

Кең талаа, ойдундар калаар,
Көз алдымда мени узатып.
Кокту-колот муңкаят алар,
Сулуулукту дилге жөнөтүп.

Вагондо ар түрдүү адам,
Жүргүнчүлөр түрдүү тагдырлар.
Адам заты эмнеге кадыр,
Барат поезд токтобой жанып.

Арадагы аруу тилектер,
Тумандуу ой таркалаар секин.
Жүзгө болгон,
Поезд баратат.

## БИР ДААНА ГҮЛ БЕРБЕДИҢИЗ

Бир даана гүл бербедиңиз мен үчүн,
Жакшы сөздөр айтпадыңыз мен үчүн.
Кетсеңиз да кетпегенге окшойсуз,
Кетпесеңиз кетпедиңиз эмне үчүн.

Менин барым сизге мүшкүл кылбасын,
Чыдоонун да кеселери толбосун.
Жалган сөздөр да бар бул дүйнөдө,
Жаш гүл эч убакта соолбосун.

Досторум көп кучак гүлдөр беришти,
Өзүм үчүн жанын курбан этишти.
Дөөлөттүүдүр жүрөгү бийик инсандар,
Урматым да асмандарга жетишти.

Бир даана гүл бербесеңиз бербеңиз,
Бир ооз сөз айтпасаңыз айтпаңыз.
Ай-асмандан бир күн жерге түшөрсүз,
Ошол күнү айтың-айтың кантээрсиз?

*Бир даана гүл бербедиңиз мен үчүн…*
*1998-жыл*





## ТИЛИМ

Өзбек тилим-эне тилим,
Кыргыз тилим-мекен тилим.
Сөздөрдөн бал тамган,
Жан дүйнөдөн жаралган.
Сөзү терең-өзү терең,
Мекен тилим, эне тилим.

Өзбек-кыргыз биз бирбиз,
Түрк атанын балдарыбыз.
Кыз алып, кыз беришкен,
Куда-лаискин, жан досбуз.
Сөзү терең-өзү терең,
Мекен тилим, эне тилим.

Бир көрпөдө чоңойуп,
Сөздүн дилин билишкен.
Бир булактан суу ичип,
Кол кармашып жүрүшкөн.
Сөзү терең-өзү терең,
Мекен тилим, эне тилим.

Мамлекеттик тил сыймыгым,
Тил билүү-сыйлыгым.
Тил билген кор болбойт,
Эл башаты тил менен.
Сөзү терең-өзү терең,
Мекен тилим, эне тилим.

## ДОСУМ САГА

Мезгил актыр, ооба ак,
Ал сени, мени талдайт.
Ушул сулуу кең аалам,
Бири-бирин баалайт.

Жан дүйнөмө кир, киргин,
Тереңинен орун алгын.
Жүрөк таза бир сен үчүн,
Кир дүңнөңдү алып салгын.

Мамиледе жүрөлү түз,
Жасалмасыз чын дилден.
Куттуу болсун кадамыбыз,
Бөлүнбөйлү жур-элден.

## МЕКЕН ЫРЫ

Эркин журтум, эркин Мекеним,
Эгеменсиң бүгүн Кыргызстаным.
Койнуң ысык, жыргаар жан дилим,
Даңктала бер Кыргызстаным.

Кайырма:
Аман болгун гүлдө жана сен,
Бабалардан калган Мекеним.
Алып чыктың бакыт жолуна,
Эл-журтум Ата Мекеним.

Карлуу тоолор, кырлар керемет,
Таза аба жанга дарамет.





Көктөн асман, таза суулары,
Аман болгун жаным журтум.

Кайырма:
Аман болгун гүлдө жана сен,
Бабалардан калган Мекеним.
Алып чыктың бакыт жолуна,
Эл-журтум Ата Мекеним.

Тарыхка бай тарыхсың өзүң,
Ырың дилде жан Кыргызстан.
Алкышка бай тарыхсың өзүң,
Бакытка бай сен Кыргызстан.

Кайырма:
Аман болгун гүлдө жана сен,
Бабалардан калган Мекеним.
Алып чыктың бакыт жолуна,
Эл-журтум Ата Мекеним.

*2000-ж. 25-май.*

## МЕКТЕП ГИМНИ

Мектебим сен жарыксың,
Дилиме нур тараткан.
Билим менен чаңкоо кандырдың,
Кең ааламга жол ачкан.

Кайырма:
Мектеп атам-энемсиң,
Туура жолго баштаган.
Казынасың, көлдөй тереңсиң,
Жүрөгүмө чок таштаган.

Мектептеги күндөрүм алтындай,
Бул күндөрүм кайра табылбас.
Жаштык кезиң ааламдай,
Зар болсо да билим сатылбас.

Кайырма:
Мектеп атам-энемсиң,
Туура жолго баштаган.
Казынасың, көлдөй тереңсиң,
Жүрөгүмө чок таштаган.

*2000-ж. 20-май.*

## ЭКИ ДОС

Бир көчөдө бирге өсүштү,
Бир төшөктө бойго жетишти.
Бир-биринин тилин билишти,
Улуттарын эске алышпай.

Аппак нанды бөлүп жешти,
Бир идиштен суу ичишти.
Кийимди да бирге кийишти,
Улутуна карап отурбай.

Мүшкүл түштү жан досторго,
Көңүлдөрү калды корголо.
Кимдер салды кара булут ортого,
Тамырына балта чабышты.

Тойлорунан кетти береке,
Үйлөрүндө жабык терезе.
Жээкеги эки жарга такап,
Куткаруучу калыс бар бекен?!





Чаар аты чабат жүгүрөт,
Кыялымды тепсеп дүпүрөп.
Ачуулуктан табат эмнени,
Акылмандар кайда элдеги?!

Калайык калк экен чыдамкай,
Мансап куубайт ага баргыдай.
Токтоо мүнөз өзү улуудур,
Улуулардын улуусу кана?!

Бүтүн нанды бирге тиштейлик,
Бузукуну кууп таштайлык.
Жакшы турмуш, өмүр баштайлык,
Жакшылыктын тоосу кайда?!

Карапайым элдин дилине…
Каалаймын тынчтык элиме.

*2007-ж. Июнь.*

## КӨЗДӨРҮҢҮЗ КӨЗДӨРҮМДӨН ӨТҮП КЕТТИ

***(Азиз өмүр жолдошум Азимжан уулу Ганыжандын рухтарына багыштаймын***

Көздөрүңүз көздөрүмдөн өтүп кетти,
Сөздөрүңүз сөздөрүмдөн өтүп кетти.
Эмне дейин… не арманым айтайын мен,
Боздотуп карааныңыз өтүп кетти.

Бул жалган дүйнөнү дүйнө дедик,
Уулума деп,кызыма деп дүнүйө жыйдык.

Өзүбүздөн өзгөлөргө жүрөк бердик,
Чимелиге окшодук го, окшоп кеттик.

Үйүм дедик, жайым дедик, тың албадык,
Саламаттык күндөн дагы өтүп кетти.
Жан аманатпы, аны дагы билбедик,
Курдук үй-жайларын бекем кылып.

Айландырып, тегерете коргон салып,
Ойлогонбуз темир коргон бекем го деп.
Ал коргон да кулап түштү, талкаланды,
Дилим сынды айнек сымал майдаланып.

Сүйлөгөнгө сөздөрүм да алсыз калды,
Сүйөнгөн адамым жок калдым эле.
Жүрөк туйлап бир нерсеге урулгандай,
Ойлорум да эңсирейт жалгыз эми.

Бассам-турсам катарымда жүргөндөйсүз,
Көлөкөмө шерик болуп тургандайсыз.
Бекитпестен дарбазаны күтүүдөбүз,
Азыр эле сырттан кирип келчүүдөйсүз.

Күнүмдүк көр оокатка шашылдык биз,
Күйүп жатып бир бакытка кабылдык биз.
Азыр билсем ал күндөрүм сонун экен,
Кыял болуп, жомок болуп калдык биз.

Баасы жок дүр-дүйнө мурас эттиңиз,
Өзүңүздөн бир элес таштап кеттиңиз.
Перзенттер, неберелер улуу бакыттыр,
Алардын сый урматын көрбөй кеттиңиз.





Колдорум жайылган дуба окуймун,
О… дүйнөдө бейиштен берсин кең орун.
Ал жердин жыргалы кооз жайлары,
Буюрсун сиз үчүн болуп эң сонун.

Көздү жумсам дайыма түшкө киресиз,
Туулуп, өлүү мыйзам го билебиз.
Бир күнү мен дагы барам ал жака,
Бул дүйнө жалгандыр аны сезебиз.

Турмуштун көйгөйлөрү өз изин табаар,
Айлар, күндөр токтобостон учуп, шашаар.
Сиз жоксуз… бир гана Сиз жоксуз эми,
Өксүк көңүл, арман, ызаа ыйлап бараар.
Көздөрүңүз көздөрүмдөн өтүп кетти

*2007-жыл.*

## МУГАЛИМ ДОСУМА КАТ

Мугалимсиң десе дейберсин,
Кем каражат болгондугу үчүн.
Балдай таттууларды жей берсин,
Үстүбүздөн күлгөнү үчүн.
Таза мээнет, пешене тери,
Ийне менен кудук каздык.
Бир семирип, бирде арыктап,
Жамандыктан абдан тажадык.
Менменсинип атты чаппадык,
Эл көрсүн деп, ак мээнет жасап.
Ишибиздеката кылбадык,
Эмгек менен көрдүк урмат.
Байлык куут, байлык таппадык,

Ээлеп алып жаш жүрөктү.
Мугалимдик наамын сатпадык,
Ардактадык биз келечекти.
Аалам таанып, адам таанядык,
Калем кармап, калем таанядык.
Калем менен жашоо да эркин,
Кимдер бизге арзуу кылгандыр.
Баарыбызды карап окшоштуруп,
Наамыбызды ыйык билгендир.
Мейли кимдер кылса жамандык,
Адамдыктын китебин окуп,
Биз турмуштан беребиз сабак.
Кимдер окуп жана кимдер угуп,
Таза жашайт-жашоосу жарык,
Ойчулдукту түшүнөт баары.
Алгебраны кимдер жатка билет?
Химия илими мындан да сонун,
Жылдыздарды кимдер түшүнөт,
Тил билгендик,дилди билгендик.
Бүгүнкүбүз эртеге тарых,
Карама-каршы сөздү илгедик.
Медицинага эч аралашпай туруп,
Жаратылышты ким билер досум.
Алла илим кылып жараткан.
Биз инсандар ыйык бир затбыз.
Таза мээримин бизге тараткан,
Мына досум сөздөр ушундай.





## УУЛДАР

Бул дүйнө кайта-кайта берет,
Тирүү дүйнөдө да эсеп-китеп бар.
Жашоо өз ырын айтса берет,
Дүйнө иши жазылбаган күү.

Ата-энелерибиз өтүп кетишти,
Бизди деп, биз үчүн жашап кетишти.
Ата-эне болдук убактысы жетип,
Кадырына жеттик бүгүнгө келип.

Уул-кыз берилген улуу бир ырыскы,
Алланын пендеге берген сыйлыгы.
Уул-кыздын өзү баа жеткис бейиш,
Алланын кереметтүү сыймыгы.

Уулга теңсиз канчалаган кыздар,
Бирок бирөөнүн жары деп аталат.
Көңүлүбүз түбүндө жанган жылдыздар,
Бирөөнүн үйүн кооз кылат.

Уулдар эркектер дүйнө таянчы,
Эненин мээримин бийик коюшат.
Эненин ишенген тоодой ишенчи,
Жашоо элегинен тамбай турушат.

Уулдар бар, саргайбайт эненин жүзү,
Күсөгөн нерсесин алдына коет.
Дос-душман ичинде сынбайт сөзү,
Эненин изин сажда деп билет.

Жүрөктүн түбүндө катуу ар намыс,
Уулдук намысын басып өтпөгөн.
Энесин ажы кылуу улуу бир иш,

Энесинен эч бир таныпп кетпеген.
Бул дүйнө кайта-кайта берет,
Өмүр берсин энесин ажы кылган уул балдарга.
*2008-ж. Мекке.*

## АЖЫ ЭНЕЛЕР

Алланын Бейишин саякат кылган,
Алланы сүйгүн жүрөктө туткан.
Алладан жакшылык күткөн,
Бардык сөзүн жүрөккө туткан.
Ажы айым-Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Ажы айым Ажы энесиз,
Жүзү нурдуу жылт этип жанган.
Тазасыз, Сиз жалгызсыз,
Көңүл түбүндө Сиз бир даанасыз.
Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Эки дүйнө таалайы Сиз,
Жакшылыктын башатысыз.
Махабаттын чындыгы сиз,
Таза жүрөктүн ибадатысыз.
Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Идингиздин өзү счажда кылуучу жай,
Балдарыңа адыл падыша.
Уул-кызга дайыма көмөк,
Жакшыдан да, жамандан да күбө.





Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Мактасам да мактоо түгөнбөс,
Сүйлөгөнгө сөзүм да жетпес.
Мактоо да арзандап кетпес,
Энелер да эч тынч жатпас.
Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Дүйнө кезген саякатчысыз,
Жаныңызга жан болсун курбан.
Намыстуу бир гүл дестесиз,
Тазасыз, сиз периштесиз.
Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Дүйнө кооз сиз менен,
Үй-бүлөлөр бактылуу сиз менен.
Эркектер бүтүн сиз менен,
Таалайдын таажы сиз менен.
Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Ак жоолукчан сулуу аялсыз,
Жыпар жыттуу гүл багы сиз.
Көңүл ардагында жакшысы сиз,
Дүйнөдө дайыма сиз барсыз.
Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.

Аман болгун, гүлдөй ачылгын,
Айдай болуп, айдай толуп.

Төрүбүздө дубаалай берип,
Балдарыңыздын рахатын көрүң.
Ажы айым –Ажы энелер,
Сизге таазим Ажы энелер.







*Негматова Дилхумор,*
*Өзгөн шаары*

## ЖАҢЫ ДООР

*(КРнын эгемендүүлүгүнүн 20 жылдыгына арналат)*

Жыйырма жыл мурда келди азаттык,
Эч кандай согушсуз,элиме шаттык.
Кооз жаратылыш тартуулайт кубаныч,
Бекем кармаш керек мекенде тынчтык.

Өлкө тарыхында жаңы замандын,
Алгачкы мыйзамы «Мамлекеттик тил».
Жаңы атрибуттар кирди күчүнө,
Жаңы доордун башталышы бил.

Түрдүү этносторду камтып койнуна,
Өз эркин, желегин алып колуна.
Алга кадам таштап, зор күчкө толуп,
Тоскоолдуктарын жеңип, чыкты жолуна.

Эгемен өлкөмө суктанып душман,
Кол салуу болсо да, ал калды аман.

Анда жашап жаткан түрдүү элдерге,
Душмандык уругун чачты, ал жаман.

Достук мээрбандык баарын жеңет,
Душмандык уругун жок кылып кетет.
Дүйнөгө жүз ачат эгемен элим,
Кут болсун Мекеним, эгемен күнүң.

Жаңы идеялар, жаңы эрежелер,
Байытты маданий чөйрөнү абдан,
Коштосун ийгилик, бакыт, оомат дайым,
Ийбегин башыңды элим эч качан.

Соодада, чарбада теңи жок элим,
Алтын кендери көп, көзү ток элим.
Мээнеткеч ар ишти жасайт жүрөктөн,
Меймандос, мейманын күтөт жүрөктүн.

Алп денелүү жигиттер, айчырай кыздар,
Мекенге ак кызмат кылсын кулундар.
Таза аба, суусу дартыма даба,
Мактасам жарашат, Ата Мекеним!

Көктөмдө кырынды кызгалдак баскан,
Багында булбулдар дайым сайраган.
Көркүңө сөз жетпес ажайып өлкө,
Бул менин мекеним-Кыргызстан!





## АР НАМЫСТУУ ИНСАН

Бул дүйнөдө чын акыйкат издедим,
Туура сөздү сүйлөдүм,коркподум.
Эл-журтума кызмат кылып көңүлдөн,
Жаш муунду туура жолго баштадым.

Жакшы-жаман күндөр өттү башымдан,
Душмандарым заар салды ашыма.
Тизе бүкпөй баардыгына чыдадым,
Ар-намыстуу инсан болуп жаралдым.

Өз айыбын кимдер көрөт замандан,
Шүгүр кылгын азат асман, тынч заман.
Мээнет кылып жетишиң сый-урматка,
Тагдыр жолуктурсун жакшы инсанга.

## БУЛ ДҮЙНӨГӨ БИР КОНОК

Бул дүйнөгө баардыгыбыз бир конок,
Бир-бирибиз сыйлап, таттыралы тамак.
Жаман сөз сүйлөгөн кесирлүү болот,
Жакшы сөздөн келет элге ынтымак.

Жамандык кылганга жакшылык каала,
Жообун аласын пенде бир паста.
Сөз кудуреттү, күчтүү бир курал,
Ар сөзүң ойлонуп, сүйлө сен аста.

Оорутпа адамдын дилин эч качан,
Дил жарааты кетпес, унутпа инсан.
Кылымдар карыткан руханий байлык,
Макал-лакаптардан үйрөнүп адеп.



*Өмүралиева Алия,*
*Өзгөн району Мырза-Аке,*
*Бабыр айылы*

## КАНЫКЕЙГЕ

Тогуз ай толуп көтөрдүм,
Толготуп кызым төрөлдүң.
Уулума шерик карындаш,
Бактымды шаңга бөлөдүң.

Алдейлеп боорго кысамын,
Аппак кызым чырагым.
Күн-түн дебей жаныңда,
Ак сүтүм берип багамын.

Бешикке сени терметип,
Бешик ырын ырдаймын.
Бата кылып азыртан,
Багыңды сенин сураймын.





## БАЙ ЭЛГЕ

Балбылдап жанса көздөрүң,
Бактылуу болуп кетемин.
Балдайго ширин сөздөрүң,
Жашоого кубат бергеним.

Жүрөгүм ооруйт оорусаң,
Сыздап бир кетем ыйласаң.
Көзүм тойбой караймын,
Бойтоюп ширин уктасаң.

Жаратканга ыраазымын,
Баласыз кантип жашадым.
Суранаарым бир гана,
Балдарымдын аманын!



***Өсөров Базарбай,***
***Өзгөн району, Мырзаке айылы.***

## АТАКЕМДИН ЭМГЕГИ

Атамдын айтсам сырларын,
Ал тоолордун баскан кырларын.
Колхоздун багып койлорун,
Эмгектен коргон жыргалын.

Тереңден билип кой сырын,
Ырдаган эчен кой ырын.
Ат көтөргүс чоң эмгеги,
Жашаса эмне бир кылым.

Деңиз болуп булуттар,
Карышкыр эчен куруткан.
Түн ичи короо кайтарган,
Жуттуп коюп куруттан.

Апамдын тийип көмөгү,
Атамдын болуп жөлөгү.
Айрыкча турчу сезилип,
Уз, токучулук өнөрү.





Жүн байпак тигип кийгизген,
Уздугун ошондо билгизген.
Үшүбөй карда ойногом,
Эч качан чыкпайт эсимден.

## СЕЗИМИМ ТУРАТ ЖАБЫРКАП

Ойлорум кетти чачырап,
Кала албай сени асырап.
Ак шоолаң мага тийгенде,
Санаркоом анан басылат.

Бүт сезимим турат жабыркап,
Дарысы сенден табылат.
Канчалык күнөө кылсам да,
Кечирсең көңүл ачылат.

Сезимди ызаа кылбайлы,
Басмырлап кетет муң кайгы.
Мөлтүрдөй тунук сүйүүгө,
Кайдыгер карап турбайлы.

## ТҮРКҮГҮ СЕНСИҢ ҮЙҮМДҮН

Сандыктай сыны кетпеген,
Суктанамын карайм дале мен.
Балдарды багып чоңойттук,
Неберееге келгенде жүдөбөгүн эми сен.

Бой мүчөң сенин келишкен,
Байбичем менин периштем.

Түркүгү сенсин үйүмдүн,
Туңгучу сенсин сүйүүмдүн.

Экөөбүз бир бирибизге өнөкбүз,
Экөөбүз балдарыбызга жөлөкбүз.
Небере, чөбөрөбүз көбөйүп,
Балдарыбыз көлөкө бизге күн өтпөс.

## УШУЛ ЧОЛПОН УШУЛ АЙ

Сырдашчуубуз көңүлдүн бөксө
жерин толтуруп,
Белестеги өрүкзарда олтуруп.
Гүл жазданып өлөң чөпкө бой таштап,
Ойлончуубуз болор кезге жол куруп.

Асман көккмөк томуктай ала булут
барат жылып,
Шамал токтоп тыңшагансыйт бизди тынып.
Ал кездеги табияттын кооздугун,
Теңирим койсочу биз үчүн жылбас кылып.

Ага болбой кайран өмүр өтүп баратат,
Табияттын кооздугу ошол бойдон калат.
Арадан канча кылым өтсө дагы,
Ушул чолпон, ушул ай жанып турат.





## АК ЖААН

Кара булут каптап тоо башын,
Аркайган аскалар зорго көрүнүп.
Чак түштө күгүм тартылып,
Ак жаан жаады төгүлүп.

Бир беткей чөптөр жыгылып,
Жаанга туруштук бере албай.
Кулундар үшүп бужүрөйт,
Жашынаар жерин таба албай.

Жылгаага толуп сел агып,
Күңгүрөп коркунучтуу үн катып.
Оргочтоп агат киргилт суу,
Кетчүүдөй барын агызып.

Түш оой барып басылды,
Асмандын бети ачылды.
Булбулдар сайрап шак-шакта,
Жай айы ушунча чырга жакынбы.

## ЖАЗ КЕЛДИ КҮТКӨМ САГЫНЫП

Чокусу асман тиреген,
Тоо артынан ай чыкты.
Сүттөй аппак жер бети,
Ачылды гүлдүн мыктысы.

Жер бети көккө бөлөнүп,
Гүлдөн килем жамынып.

Чабалекей үй салып,
Жаз келди күткөм сагынып.

Дыйкандар жерин айдашып,
Даярдап үрөн чачууга.
Шаң кошуп келди жашыл жаз,
Чоло жок уктап жатууга.

## СЕЗИМДЕРИМ МУҢКАНАТ

Жүрөгүмдө сен тондурган муз жатат,
Көңүлүмдө эрибеген туз жатат.
Элесиң мен өткөнчө эстен кетпей,
Сезимдерим жалгыз сен деп муңканат.

Көңүлүмдө дайым бороон туңгуюк,
Өтө алыста бүлбүлдөгөн нур жанат.
Бул сенден келчү жакшы кабар,
Кабарың жок жан дүйнөм эмнегедир сурданат.

Жан дүйнөм оор сага жүк тартат,
Сезимдерим ооругандай бук жатат.
Кандайдыр ээлеп алды оюмду,
Күгүмдөтүп туңгуюкка алып барат.

## ЖЫЛЫНЫП ИЛЕБИҢЕ

Мурунураак жетсем болмок тилегиме,
Жүрөт белем жылынып илебиңе.
Ар кыл суук көздөргө урундурбай,
Деги катып алмакмын жүрөгүмө.





Кеч көрүнүп чок салдың жүрөгүмө,
Көрүнгөндө окшодуң сулуулардын мүрөгүнө.
Сураштырып мен сени бүткөнүмчө,
Конгон экенсин капкачан түнөгүмө.

Мен сага тоодой бакыт каалайм,
Ошентсе да жүрөктөн ырым арнайм.
Түбөлүккө сымбатың кетпей сынынан,
Жаркылдап күлүп жүргөнүңдү каалайм.

## СҮЙҮҮДӨН ДҮЙНӨ ЖАРАЛЫП

Гавхардай бүткөн немедей,
Кынтыгың таппайм кенедей.
Теңирим сага сулуулук,
Бергенби такыр ченебей.

Теңирден келген сулуулук,
Сезимимде сиңип жылуулук.
Табыйгат берген байлыгын,
Кетпесе деймин урулуп.



*Раимбердиева Жумагүл,*
*Өзгөн району, Ак-Жар айылы*

## ЖЕҢИШ КҮН

Тарыхта өткөн кылымда,
Кырк бешинчи жылында.
Ааламат согуш аяктап,
Адилдик жеңген чынында.

Жеңиштин күнүн белгилеп,
Жеңиштин туусу желбиреп.
Кан күйгөн батыш тараптан,
Аталар аман келди деп.

Көптөрү жанын беришкен,
Согушуп жатып жеңишкен.
Мекенин сактап душмандан,
Жарым жан болуп келишкен.

Жеңишти берген аталар,
Согушта жеңген апалар.
Арадан кетти азайып,
Байкаган жүрөк кападар.





Жетимиш бир жыл өтсө да,
Согуштун тагы кетелек.
Жакшылык жагын ойлойлу,
Үмүттөр алга жетелеп.

Жеңиш күн бизге кут болсун,
Мекеним өссүн көкөлөп.

*22.04.2016.*

## МАМАТ ОМОРОВДУН
### 75 жылдыгына

Оморов Мамат ким эле,
Орошон талант бири эле.
Оргуган илхом коштогон,
Обондуу ырдын пири эле.

Өзүңдөй шакирт таптаган,
Билгенин ичке каптаган.
Кең пейил, айкөл жөнөкөй,
Чыгаандардын бири эле.

Ырдын пири Рыспай,
Шакирти болгон кезинде.
Балалык күндөн бапестеп,
Үрөнүн сепкен сезимге.

Үйрөтүп нота сырларын,
Дайрадай төгүп ырларын.
Ээрчитип дайым бир жүргөн,
Эненин көрүп сыйларын.

Атактуу «Кара-Шоросун»,
Аздектеп кимдер ырдабайт.
Кыргызга берген дөөлөтүн,
Урпактар кантип сыйлабайт.

Ар адам билет Маматты,
Өзгөндүн уулу экенин.
Унутпай айтып кетели,
Кандава кичи мекенин.

*Ноябрь, 2015-ж.*

## КЛАССТАШТАРГА

Келгиле классташтар отуралы,
Көңүлдүн бөксө жерин толтуралы.
Божурап сагынычты айтып бүтпөй,
Өткөн күн бала чактан сөз кылалы.

Арабыз азайыптыр бир топ эле,
Аттиң ай, арман дүйнө ушул беле.
Токтомуш, Токторбайлар дүйнө салган,
Экөө тең менмин деген жигит эле.

Эргешпай, Эрмек жана Алипачы,
Эстеймин ар бириңин кыялдарың.
Алардын өткөндөрүн укканымда,
Чубурган көз жашымды тыя албадым.

Мейличи өткөн күнгө өкүнгөндө,
Пенденин колдорунан эмне келмек.
Артында калгандары аман болсун,
Алланын буюрганы ошол демек.





9 кыз, 9 уул бирге жүрүп,
Шоктонуп, ыйлап-сыктап өмүр сүрүп.
Балалык басо кыял артта калып,
Бир-бирден ажыратты мезгил күлүк.

Түрдүүчө картиналар эсте калды,
Бирөөнү тагдыр деген буттан чалды.
Кээсинин турмуштары шыдыр кетти,
Көздөгөн бутасына оңой жетти.

Мектепте физкультура сабагында,
Капитан командабыз Кимсан эле.
Ал эми класскомдук милдет,
Жакыпов Токтобайда болоор эле.
Кээ кезде Сайдирахман агайыбыз,
Мени да тазалыкка коер эле.

Эргешбай, Томан, Токтомуш,
Буларда кесип шоктонуш.
Тымызын иштер жүргүзүп,
Ортого болчу от коюш.

Токторбай токтоо жан эле,
Токтосун баштуу бала эле.
А Сейит менен Томанда,
Чилдирман чертмек бар эле.

## ПЕДАГОГ

Мен педагог мекен жүгүн көтөргөн,
Милдетимди жан-дилимден өтөгөн.
Берем билим бекем болгон жугумдуу,
Деп Кудайдан тилек менен өтүнөм.

Билим алдым чет эл тилин окуда,
Мен билгенди үйрөнсүн деп окуучулар.
Англис тил замананын тили деп,
Ар түрдүүчө ыкма менен окуттум.

Шартка карап мектепте көп иштедим,
Узак жаздым окуучунун тизмесин.
Мекенимдин келечеги эмеспи,
Окутуунун жаңы-жаңы усулдарын издедим.

*Апрель, 2016-ж.*

## МЕН МУГАЛИМ

Мен мугалим Айткурбанова,
Бири болом жерге жакын Жылдыз.
Династиям англичанка-педагог,
Көпүрөсү болсом дейм Англия Кыргызстандын.

Үй-бүлөдө жети англис тилчи,
Окуучуга жан дүйнөсүн арнаган.
Кыргыз айтат: «жетинин бир кызыр»деп,
Чет эл тилин үйрөтүүдөн талбаган.

Мугалим бул билимдүү да боорукер,
Болуш керек , керек жерде кеменгер.





Үйдө эне, иште эжеке үлгүлүү,
Күйөөгө жар, үйдүн куту жароокер.

Жылдыз айым төгөрөгү төп келген,
Пешенеңде жанып турат периштең.
Мектебинде мыкты-чыгаан эжеке,
Турмушунда үйдүн шамы дегизген.

Мугалим бул мөмөлөгөн дараксын,
Күздө бышат мөмөлөрү дарактын.
Чейрек кылым сиз иштеген мектепте,
Ишенимдүү кадам шилтеп бараттың.

Жылдыз айым уул-кыздын энеси,
Мелт-калт болуп сүзүп барат турмушунду.
Колдоп турса жан жолдошуң Султаның,
Багынат дейм ийгиликтин башаты.

Канчалаган окуучуну үйрөттүң,
Айылыңдын уул-кызын англисче сүйлөттүң.
Тандап алган татаал кесип сырларын,
Педагогдук ыкма менен гүлдөттүң.



*Садыков Эрмекбай,*
*Өзгөн району, Төрт-Көл*
*айыл өкмөтү*

## ШИЛТЕМ

Сен да арчы, мен жашымды арчыдым,
Чегесиңби чөнтөгүмдө бир чылым?
Ширеңкемди кошо салып берейин,
Айланайын асылзадам алтыным.
Мен бул жагын тагдырымдан көрөйүн,
Бар! Барагой айланайын жаштыгым.

## БОЛО АЛБАЙМ ГО…

Мен Омардай боло албайм го жүз жылда,
Алыкулдай же бер жагы Байдылда.
Моюндагы ыйык таккан тумардай,
Мени турмуш матап салган айылга.

Же Чыңгыздай түшө албадым чоң жолго,
Лондон эмес бара албадым борборго.
Байдылдадай чыгып барып тоолорго,





Туз берүү да колдон келбейт койлорго.
Мен кубанып жүрө берген экенмин,
Өмүр бою жашап жүрүп өтөмүн.
Өзгөндөгү «Яссы» деген коргондо.

## АКЫНДЫК КЫЙЫН ЭКЕН

Акындык кыйын экен ай чырагым,
Ар күнү  ар кыл ойго жанчыламын.
Күндөрүм кургап кетсе нөшөр болуп,
Асмандан келет жерге тамчылагым.

Акындык кыйын экен бил чырагым,
Чыдоодо зорго-зорго дил чыдамым.
Алдыга кадамдабай кашаң тартса,
Заманды ар күн келет камчылагым.

## МЕН ТУРМУШТА…

Мен турмушта «Ооматы жок» адамдан,
Көп ойлоном: Неге минтип жаралган.
Кыйчалышкан оң келбеген иштер көп,
Зордоп жылмай, онтоп жүрүп арандан.

Кандай сыр бар биле албадым чечмелеп,
Көп нерсени өмүрүмдө кеч берет.
Кеч берсе да ыразымын жазмышка,
Бербей койсо калаар элем темселеп.

Ниет кылган жашоодогу парызым,
Бергенине белди байлап иштемек.
Турмушумда бардык нерсе кеч келет,
Балким мага өлүм дагы кеч келет.

## ПОЭЗИЯ- МЕНИН КЕЧКИ МАХАБАТЫМ

Ыр жазып, обон жазып, жашап жашын,
Орто жаш болгон кезде ашап ашың.
Бул Эрмек барган сайын олукту деп,
Көп угам досторумдун шахабасын.

Мейли алар мага күлүп, ха-халасын,
Мейли алар канча сөзгө такабасын.
Танбаймын сүйгөндүгүм айдан ачык,
Поэзия- менин кечки махабатым.

## КЫРГЫЗ КЫЗЫ

Океанга салыштырсам дүйнө элин,
Ырас аздыгыбыз аралдай.
Башкалары кандай сезет билбеймин,
Биздин кыздар терип койгон маралдай.

Кайберендер калчагандай аркарды,
Илбирсинден иргегендей калтарды.
Калчасам да иргесем да теңдешсиз,
Кыргыз кызы жүрөгүмдү аңтарды.

Чачтарыңа салыштырсам кундузду,
Пейлиндин жумшактыгы болгонбу?





Өзгө кызды өөдөлөтүп көрө албай,
Өзүңөргө эттүү жүрө булкунду.

Акыл менен аңдаштыргын ааламды,
Артык көрбөй, ак буудайдан саманды.
Ак маралды сүйө билген алмашпай,
Кыргыз кызы кыргыз үчүн жаралды.

*1974-ж Шоро-Башат*

## БОЛО АЛБАДЫМ

Үч уктасам түшкө кирбес жагалмай,
Кайдан мага жетип келдиң шамалдай.
Ой максаттар, тилектер да төп келет,
Эсептөөдөн туура чыккан амалдай.

Ойлор бирге жаштык алыс араандай,
Сен сеңгелген, мен эркейген бадалдай.
Же сен мурун, же мен кийин жаралбай,
Деп ойлоном башка арга таба албай.

Кечирип кой калсам сөздү таба албай,
Мен сен үчүн калсам керек жаралбай.
Болсоң мейли Бегимайдай боло бер,
Боло албадым Раймалы агамдай.

## СҮЙҮҮ КҮЗГҮСҮ

Тунук сүйүү күзгүсүнөн карасам,
Мен-Токтогул а сен болсоң Алымкан,
Өмүр боюу бириге албай келемин,
Сибирдемин жай таба албай жанында.

Ак сүйүүнүн күзгүсүнөн жоголгон,
Мөөр болсоң мен баягы Болоттон.
Баякеге салып берип алсыздан,
Ак Мөөрүмдөн айрылганмын жоготкон.

Сүйүүдөгү күзгүнү айт күзгү деп,
Мен Төлөгөн а сен болсо Кыз Жибек.
Тирүү болуп жашасам да дүйнөдө,
Мертингемин сага жетпей жебе жеп.

Мен күзгүнү кандай кылып көрбөйүн,
Атаа кылган мага турмуш көндөйүн.
Көөдөнүмдө сүйүү жашайт өлмөйүн,
Алымканым, Кыз Жибегим, Мөөрдөйүм.

## КҮТҮҮ

Келсеңчи шыдырым шамал болуп,
Тосоюн алдыңдан…колум созуп.
Көздөрүң шоола берип,
Суктантты чексиз мени,
Сүйөйүн кучак жайып келчи эми.

Келсеңчи ак боз ат, жорго сымал,
Тосоюн алдыңдан көкү сымал.
Көңүлдөр туйлай-туйлай,
Кабына жүрөк сыйбай,
Келчи эми,келчи жаным, өксү кылбай.

Келчи артыгым периштеден,
Тапсам деп өмүрүмдө сени издегем.
Ойлорго деңиздеген,





Батсам да жол изденем,
Келчи эми, келчи жаным, мен издеген.

## СҮЙҮҮ ЖАНА ЧЫНДЫК

Ай ааламды жарык кылган күн-чындык,
Жазда ачылган бажырайган гүл-чындык.
Булбулдагы кубулжуган үн-чындык,
Мен сүйүүдөн жаралгамын бул чындык.

Ошон үчүн тулку боюм бүт сүйүү,
Ошондуктан күлкүлөрүм чын күлкү.
Сүйгөндүктөн, эл кыйнаса чыдабай,
Жүрөгүмдөн кайнап чыгат чын сүйүү.

Сүйүүм барда too жарылса чыдабайм,
Жүрөгүмдү мыкчып эзем, ызаалайм.
Сүйгөн үчүн кайра кайра сабылып,
Мен сүйүүдөн башка ырды ырдабайм.

Мен сүйүүдөн жаралгамын бул чындык,
Мен сүйүүдөн өнүп келген бир чырпык.
Чынар болуп жашасаң да дүйнөдө,
Айла канча, ажал келсе кырчылдап.
Чынар кетсе жаш көчөткө «пыр» этип,
Кала берет сүйүү деген бир чымчык.



*Саипов Аширбек,*
*Өзгөн району*
*Каратарык айылы*

## АПАМА

Баркыңды апа билбепмин,
Бакылдап кээде тилдепмин.
Өзүңдө жаткан көп сырды,
Өзүмө такыр илбепмин.

Кошоктуу айтсаң мукамдуу,
Кошулуп сага куралтуу.
Санжыра айткан саптарын,
Санаанда турчу туруктуу.

Төлгөнү салсаң төп келген,
Кудайым сага шык берген.
Төрөтүп далай аялды,
Жакшылык каалап эмдеген.

Бышырып жарма казанга,
Ичирет элең балаңа.





Чакырып деле берчүүсүн,
Көчөдөн өткөн адамга.

Кең пейил адам болупсуң,
Керегиң тийип барына.
Аттиң ай, анда жок болчу,
Элесиң тартчу «камера»

Туйгуну элең аялдын,
85 жашты жашадың,
Туз-насип көрүп балдардан,
Келбес сапар аттандың.

*20-май 2011-жыл*

## «ӨЗГӨН НУРУНА»

***(райондук «Өзгөн нуру» газетасынын 80 жылдык маарекесине)***

Түстүү болуп келбетиң,
Түптүү жашап келесиң.
Жаңылык болсо аймакта,
Заматта эле жетесиң.

Көп барак коштоп өзүңдү,
Көбөйүп нускаң өзгөрдү.
Колуна алган окупман,
Кабарың окуп сүйүндү.

Өзгөндө өтөт көп нерсе,
Майрамдар болот бир нече.
Чагылтып дайым келесиң,
«Өзгөн нурум» бетине.

Сексен жаш болуп курагың,
Жемиштүү жашап барасың.
Жыл өткөн сайын өзгөрүп,
Жашарып дайым турасың.

Кабарды камтып койнуңа,
Кабарчың жазат эң туура.
Жарпыңды жазат бул гезит,
Жазылгын «Өзгөн нуруна!»

## ЖАЛПАК ТАШЫМ

Бабалар баалашкан жерибизди,
Меймандос , кичи пейил элибизди.
Өтүптүр «Карымбайдай» кызыр адам,
Тартуулап «Сары-Таштай» кенибизди.

Жерибиз төрт түлүктүү малга кенен,
Ата-Журт, жашап келем сени менен.
Абасы таза келип Жалпак-Таштын,
Демиме, дем кошулат эмне деген.

Алдиер тооң, бийик жерден орун алган,
Чокусун чулгап дайым булут турган.
Жайытты, жердеген дейт «Султан-Супа»,
Эзелтен бул адамдын аты калган.

*28-июль 2008-жыл.*





## НЕБЕРЕМ АТАЙГА

Көргөнү келдим атайын,
Көөдөнгө кысып жыттайын.
Не деген кылык сенде бар,
Небере уулум Атайым.

Там-туң баскан кадамың,
Арбыштуу кээде басканың.
Туш-тушка басып ар жака,
Түйшүккө салат Атайым.

Жылдызы жарык баламын,
Жытыңа тойбойт кумарым.
Өмүрүң узун болсунчу,
Колдой жүр дайым Кудайым.

Комузду чертсем жармашкан,
Колдору кармайт мыйтыйган.
Комузчу болгун Атайдай,
Күүлөрү өчпөс баркталган.

## ӨЗГӨНҮМ

Өзгөрүп жылдар кылымга,
Өмүрлөр өттү арадан.
Өзгөнүм өссө чынында,
Өркүндөп мен да баратам.

Өзүнчө укмуш бөлүнөт,
Салаалап аккан дарыя.
Акылмандай көрүнөт,
Сакалдуу ар бир карыя.

Кур калбай алып жатабыз,
Жараткан берген үлүшүн.
Арманда өтөөр дүйнөдөн,
Жебеген Өзгөн күрүчүн.

Көк теңир колдоп баласын,
Көңүлү элдин жибисин.
Космостон берди саламды,
Өзгөндүн өткүр жигити.

## НАРКТУУ КИШИ ЭЛЕ

***(Агайым Каримкул Калмурзаевдин жаркын элесине)***

Согуш мезгил… Сабатсыз көп айылда,
Тамга таанып, жазгандар аз арада.
Оор күндөр… Кыйынчылык болсо да,
Шашкан экен мектебине барганга.

Жетинчини бүтүп жатса эң жакшы,
«Агай бол» деп районо айтыптыр.
Айылдагы өзү окуган мектепке,
Алгачкы ирет мугалимден баштаптыр.

Айлар өтүп, жыл айланып арадан,
«Агай» чыкты арык сары баладан.
Чейрек кылым, бир кесипти аркалап,
Алкыш, медаль, орден менен сыйланган.

Мени окуткан сыймыктанам агайга,
Сабак өтсө, кызыкчуумун далайга.
«Чымының бар, жакшы оку, балам» деп,
Таптап койчу колун коюп далыма.





Канча жаштар ээси болуп кесиптин,
Доктору бар, кандидаты илимдин.
Артта калбай, өрнөк болуп келатат,
Ысымыңыз атын алган мектептин.

## КАРА-ТАРЫК

Туулуп өскөн айылым Кара-Тарык,
Өзүңдөн учпадымбы канат кагып.
Адырда бир ташыңа арзыбайт го,
Атайлап ыр жаратсам жүрөк жазып.

Мүрөктөй агып турган булак сууң,
Уурталпай бал сезилет эмне мунуң.
Жаныңдан алыс кетсем сагынамын,
Мен дагы алпештеген тууган уулуң.

Жайлооң кең «Жан-Чукур», «Караңгы-Колот»,
Жайында жаш чабандар барып конот.
Коктуңда кымыздыгың терип жесем,
Мага да бир күнчөлүк кубат болот.

Энемдин кучагында сүтүн эмгем,
Эркелеп шиберинде бойду кергем.
Ар убак алыс жакта жүрсөм дагы,
Айылым бир өзүңдү эңсей берем.

*1957-жыл*



*Самиева Сатина,*
*Өзгөн району,*
*Доң-Булак айылы*

## «ЖАЗДАГЫ ЭРГҮҮ» ЫРЛАР ТҮРМӨГҮНӨН

### КӨЧӨЛӨРГӨ ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Көңүл эргип кыйкырчу элек.
Көктөм келди, жаз келди –деп.
Жаздын сыйкыр деми менен,
Жаздай жаркып жашарчу элек.

Жаз кайрылып кыштан кийин,
Жан дүйнөбүз тазарчу элек.

Жаштык жазга үндөшчү эле,
Жадырашып өндөшчү эле.
Эгиз козу сыяктанып,
Бир-бирине төп келчү эле.
Жаз, жай өтүп, күз келсе да,
Жаштык чиркин бөксөрчү эмес эле.





Жылдар жылып өткөн сайын,
Жашыл кезим узадыңбы ай.
Ак жүзүмө чийиң жазып,
Эми минтип сынадыңбы ай.
Жаздай жоодур жароокерим,
Жаным сүйгөн ынагым ай.

Келбес жакка кеткениңе,
Кейибеймин бирок бүгүн.
Кереметтү кездеримден,
Көңүлүмдө көп эскерүүм.
Жаркып дале күтөм сени,
Жашыл жазым, жүрөк үнүм.

Жаз жадырап келген менен,
Жаштык келбей узап барат.
Уул-кызым жаш бүчүрдөй,
Өмүрүмдү улап барат.
Эстафетам токтогон жок,
Тагдыр сага чоң рахмат!

### КАЛСЫН МЕЙЛИ ЭСИМДЕ

Бири-биринен айырмасыз, түссүз күндөр түгөттү,
Сабырымды, жүрөктөгү соолубаган үмүттү.
Сени самап, сүйүп, эңсеп далай күндү өткөрдүм,
Жалган эмес, жашыра албайм, жамалымды жел өптү.

Жаштыгымды сен жандабай өткөн эстеп сыздадым,
Жакшы күндөр алыс калып, жаңырыгы чыкпады.
Жал-жал карап, жоодураган көздөр менен узаттым,
Жайкы аптапта чаңкагандай эриндерим кургады.

Жакшы сөзүң, жакшы көзүң, жакшы ырыңды аяба,
Жаштык шашып өтсө дагы, сен азырак аярла.
Жан дүйнөмдү бийлегениң, жаныма жан экениң,
Жалган эмес, жашыра албай, жашап келет санаамда.

Сенсиз жашап, сенсиз баскан, сенсиз күндөн тажадым,
Сезимимде чын дилимден тилейм жаның аманың.
Жалкы тагдыр буюрса да, жашоо түбү бөлүнүп,
Жанымды эзип жандап жүрөөр жалгыз калган
караанын.

Кайыкпайын, келбе мейли, кайгы арманым бөлүшпө,
Качанкы бир жакшы түштөй көзүм калсын көзүңдө.
Кайсы бир күн жамгыр жууган жазгы таңдай ырыңдын,
Кайрыктары калсын мейли, калсын мейли эсимде.







***Самиев Маматибраим, Кыргызстан жазуучулар жана журналисттер союзунун мүчөсү, Манас изилдөөчү, милициянын ардагери. Мамлекеттик кызматтын I класстагы кеңешчиси, коомдук ишмер.***

## ЫЙМАН

Ыйман жыл быйыл аталып,
Шилтеме жаздым ыймандан.
Адашып кетсем кокустан,
Ырайым сурайм Кудайдан.

Ыймандын өзү ишеним,
Сыйлоо менен урматтоо.
Жетик жана өзгөрбөс,
Алланы эстен чыгарбоо.

Жан дүйнөң менен таанытын,
Алланын сен бардыгын.
Окуп Куран, хадисти,
Илимиң менен таанытын.

Периштеге ишенип,
Аалам сырын окугун.

Байлык алып китептен,
Жүрөккө ыйман толтургун.

Акыйкатты тааныт деп,
Жөнөттү бизге пайгамбар.
Периштелер аркылуу,
Ыймандуулук тууралуу.
Айтып турду тажабай.
Акыркы биздин пайгамбар,
Азирети Мухаммад (С.А.В).
Сүннөтүн бекем туталы,
Шапааты бизге тиет деп.

Кубаныч дайым тартуулайт,
Ыймандуу адам дүйнөгө.
Өзүнө эмне каалаcа,
Ошону каалайт бирөөгө.

Колунан да тилинен,
Залал келбейт пендеге.
Окуп илим үйрөнөт,
Кабырга өзү киргенче.

Мухаммедге (С.А.В) жиберген,
Аллах өзүнүн китебин.
Ыйык куран китепте,
Алланы сөзү ишенген.

Куранды терең окусаң,
Алланы анык таанyйсың.
Арам, адал билесиң,
Куран менен жүрөсүң.





Далили жок ишеним,
Тамчы суудан жаралдың.
Чириген сенин денеңди,
Оңой эле кудайга,
Жан киргизүү каралдым.

Жаннат менен тозоктун,
Бардыгына ишенгин.
Акырет күн келгенде,
Өмүрүңдүн өтө эле,
Аздыгына ишенгин.

Алла айтканын аткарсаң,
Бейиш болот мекениң.
Баасыз өмүр өткөрсөң,
Тозок сенин жетээриң.

Тагдыр жашоо мыйзамын,
Алла өлчөп жасаган.
Магдырасаң жеңишке,
Эңгирип жалгыз каласың.
Эрктүү, өжөр болсоң сен,
Турмушта оордуң табасың.

Ыймандуу адам адептүү,
Маданият үлгүсү.
Ыймандуу адам көбөйүп,
Болсунчу элдин күзгүсү.

Замандаш сени билсин деп,
Ыймандын жолун тактадым.
Ушуну таза аткарсаң,
Мөмөлүү бейиш бактасың.

## ЫЙМАН, АДЕП ЖАНА МАДАНИЯТ

Ыйман адеп дайым бирге жүрүшөт,
Биргеликте маданият түзүшөт.
Ыйман өзү жакшылыктын башаты,
Дүйнөдөгү илимдердин тазасы.
Эки дүйнө бактылуулук ачкычы,
Адилеттин, тазалыктын баскычы.

Ата-баба ыйык көрүп ыйманды,
Кыргыз эли байыртадан мусулман.
Ата-энесин, улууларды урматтап,
Ислам динин салт катары тутушкан.
Кары-жашы , ханы, бийи биригип ,
Аалымдардын насааттарын угушкан.

Кыргыз эли, бийлери да хандары,
Аманатка кыянаттык кылбаган.
Меймандостук өсүп-өнүп өркүндөп,
Жолоочуну тууганындай сыйлаган.
Акындар да жазуучулар тынбастан,
Ыйман ырын түнү күнү ырдаган.

Сабыр кылып тагдырга баш ийгенден,
Ыйман биздин жүрөктөрдө козголот.
Намаз, зекет ажылыкты аткарсаң,
Ислам сенин сырт жагынан коздойт.
Ислам менен ыйманды сен кармансаң,
Аллах сени жамандыктан оздойт.

Кыргыз көчү, күндөн-күнгө күч алат,
Илимдүүлөр билим менен сугарат.
Ислам динин салт катары тутунган,
Кыргыз эли илгертеден мусулман.





## ЖЕМКОРЛУК
***(Коррупция)***

Окусак, эл тарыхын, санжыраны,
Манасты да, хадистерди, курандада
Илгери өткөн эски замандарда,
Болбогон дейт жемкорлук бул ааламда.
Адамдар баары бирдей жашашкан дейт,
Ханыда, жакыры да ал заманда.

Түз сүйлөп, ийри отуруп билермандар,
Хандарды шайлашкан дейт эл биригип.
Ханыда, адилеттүү кызмат кылган,
Бар дүйнөсүн элге чачып, эллин сүйүп.
Ошондой хан таламай салты калган.
Эмдигиче айтышат, аңыз кылып.

Эл бузуу, журтту бузуу шайтан иши,
Жемкорлук кызмат кылуу шайтан үчүн.
Жемкорлук бул оорусу хандын бийдин,
Жемкорлук акыйкатты тануу менен жалган айтуу.

Жемкорлук чындыкты бетке айтпастан, элди алдап,

Эл дүйнөсүн топтоп алып, элден качуу.

Бийликте отурганда дайым эсте,
Жемкорлук элге душман, мага душман, сага душман.

Жемкорлук бекти, бийди, ханды азгырып,
Жемкорлук нечендеген бий-хандардын башын жуткан.

Жемкорлук бул ажыдар, жети баштуу,
Дайыма элди алдап, өзү уткан.

Жемкорлук пайда болот, ыйман жоктон,
Ыймандуудан жемкорлук дайым корккон.
Жаратканддан биз тилейли ыймандуулук,
Төбөлдөргө, бийлерге – элибизге башчы болгон.
Келсинчи бийликтерге жаштарыбыз,
Жүрөктөрү ыйман толуп, эл деп соккон.

## ӨЗГӨН ШААРЫ КАРА ЖОРГО МЕКЕНИ

Өзгөн шаар кооз жерде жайгашкан,
Себеби аны Карахандар тандашкан.
Оң жагынан Тар дарыясы бойлосо,
Сол жагына Жазы дарыя жайгашкан.

Душман келсе алыс жактан байкоого,
Үч дөбө чек катары орногон.
Кыйнап келет бир ой мени ар качан,
Эмнеге атын «Кароол дөбө» койбогон.

Карахандар согуш ыгын билишкен,
Душман келсе ылаачындай тийишкен.
Ошондуктан Өзгөн шаар аталып,
Калган элдер ага башын ийишкен.

Карахандар сүрдүү, күчтүү эл болгон,
Бардыгы тең Кара-Жорго минишкен.
Кара Жорго бийин бийлеп ырдашып,
Адеп менен жыргал өмүр сүрүшкөн.

Шаар алдынан жол салышкан дарыяга,
Душман келсе суу алууга же камоодо калбоого.
Мына быйыл «Маданият, адеп, ыйман
жылында»,
Өзгөн шаарым изилдөөнү алалычы колдоого.





## ОШ ШААРЫМ

Ош шаары байыркы шаар, элим сүйгөн,
Ортодо Сулайман-Тоо байыр алган.
Пайгамбар эгин айдап өгүз менен,
Ош деген улуу аты шондон калган.

Шаарымды эки бөлүп, Ак-Буура аккан,
Ал дайра ташка урунуп көбүк чачкан.
Бул шаардын көркөмдүгү суктандырат,
Кокустан Ош шаарына келип калсаң.

Алыстан Ош шаарына көз жүгүртсөң,
Ортодо өркөчтөнгөн Буура жатат.
Бууранын көбүктөнүп дайра коштоп,
Тургансыйт Ак-Буура деп өзүн атап.

Шаардын көркөмдүгүн көрүү үчүн,
Бабурхан тоо бооруна үй салдырган.
Анан да сырдуу таштар, таш жазуулар,
Элимди, меймандарды таң калтырган.

Ош шаары жибек жолдун тоому болгон,
Согушчул Македонский да көңүл койгон.
Так Сулайман пайгамбардын батасынан,
Ачарчылык болсо да, элим тойгон.

Ош шаары тынчтык шаары достук шаары,
Ынтымакта жашашат элим дагы.
Ош шаарым өсө бергин өнүгө бер,
Кудай колдоп, дайыма Кызыр даары.

## МИЛИЦИЯ

Ата мекен ыйыктыгын сезишкен,
Өз өмүрүн керек болсо беришкен.
Ыйык тутуп мыйзамдарын элимдин,
Кылмышкерден журтун коргоп келишкен.

Кайырма:
Милиция бейпилдиктин сакчысы,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Кыргыз эли байыртадан баатыр эл,
Сакчыларды мыктылардан тандаган.
Мындай улуу бийик парзды аткарган,
Жигиттерге эл суктанып таң калган.

Кайырма:
Милиция бейпилдиктин сакчысы,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.

Ардагерлер акыл айтып үйрөткөн,
Милиция тайманбаган эр болот.
Элибиздин укутарын коргоодо,
Милиция акыйкатты орнотот.

Кайырма:
Милиция бейпилдиктин сакчысы,
Берген антын эл алдында актаган.
Ардагерлер сап башында болушуп,
Насаат айтып, сабырдуулук сактаган.





## ТАГДЫР

Күн жылып, жашоо кызып,
Чабалекей эрте жазда уя салды.
Тынч гана уясында жашап жатса,
Таранчы күчкө салып тартып алды.

Чабалекей айланчыктап өз уясын чыркырады,
Алы жетпей, чырдашалбай кетип калды.
Таранчы тукумдады балапандар пайда болду,
Жашоосу өз нугунда өтүп жатты.

Ал үйдө жашоочу эле бир карт эне,
Бөпөлөгөн балдары алыскадыр кетип калган.
Абышкасы көп жыл мурда каза болуп,
Эски үйүндө ал энебиз жалгыз калган.

Капыстан таранчылар ойку-кайкы тынбай учуп,
Сайрап жатты кайгылуу жардам сурап.
Эне да чайын коюп таранчыны ээрчий басты,
Кудайым көрсөтпөсүн алааматты.

Таранчынын балапанын жутуу үчүн,
Кара чаар жылан акырын сойлоп бара жатты.
Жыланды урууга энеке эч нерсе таба албады,
Жылан да балапанга жетип калды.

Мына эми оп тартаарда балапанды,
Таранчы өзүн жыландын оозуна таштап салды.
Шашпастан жылан аны оп тартууда,
Ошол кезде эне да галош менен уруп калды.

Урган галош жыланга тийген да жок,
Бирок уя эне чымчык катуу келип урулгандан,
Талкаланып айванга кулап калды.

Балапандар өлгөн жок тирүү эле,
Эрмек кылып аларды энекебиз багып алды.
Күз келди чымчык болгон балапандар кетпей
койду,
Ошол кышта эне менен бирге болду.

Кийинки жыл келди эненин балдары,
Небереси бакма чымчык ойноду.
Энесинен угуп алып укумушту,
Жакты энеге, небереси шаарга кетпей койгону.

Ошол күндөн ушул күнгө чейин да,
Бирге жашап небереси чоң энесин багууда.
Ата-энеси айласыздан өз баласын көрүүгө,
Дайым келип апасынан тынбай кабар алууда.

Окурман мына далил Баба сөзү,
«Зордукчул зордулчуга жолугат» -деп.
Балапан аялуу зат эч күнөөсүз,
Жараткан берет анын ырыскысын.

Баласы кайра алыска сапар алды,
Энени небереси багып алды.
Тагдырдын буйругу бир Кудайдан,
Адам да макулук да моюндады.

## АЛТАЙ ХАКАСИЯДАГЫ КУСАЛЫК

Элимди мага эскертти,
Энесайдын бойлору,
Бабам Манас жүргөнсүйт
Хакас-Алтай жолдору,





Ээн талаада жайгашкан,
Ачык «Салбык» музейи,
Таштардан ал куралган,
Жүз тонна бери дегени.

Хакас-Алтай жеринде,
Кыргыздар жашап өткөн -дейт.
Калмак кытай чабаарда,
Ала-Тоого кеткен дейт.

«Манас» тоо, көлүн көргөндө,
Көзүмдөн жашым айланды.
Кетким келбейт ал жерден,
Эстесем үйгө кайтарды.

Ушулардын баардыгын,
Эстелик кылып сактаган.
Раазы болдум мен абдан,
Хакас-Алтай элине.
Убада бердим аларга,
Көргөнүмдүн баардыгын
Айтамын деп элиме

## ШИЛТЕМДЕР

Бактылуулук ыйман менен,
Сүйүү бекем ислам менен.
Аллах берген жашоо барктуу,
Адеп, илим, намаз менен.

Аракетчил болсоң сен,
Жолуң ачык дайыма.

Жүүнүң бош болсо эгерде,
Адашып жолдон калдың да.

Жүүнү боштук кылбагын,
Жашоонун сыры алдыда.
Өзүңдү өзүң ондогун,
Элиңе көрүп камылга.

Күндө туруп эртелеп,
Эмгектенгин дайыма.
Ошондо сен жетесиң,
Каалаганыңдын баарына.

Кир менен кедейлик, терсаяктык бир жүрөт,
Мындай адамдарды шайтан өтө сүйөт.
Эгер сен ыймандуу таква болсоң, таза жүрсөң,
Бул дүйнөдө бактылуулук, оо дүйнөдө Бейиш күтөт.

Кесипкөйлүк каалоодон,
Байлык акылдуулуктан.
Адептүүлүк тарбиядан,
Атактуулук абийирден.
Бактылуулук ыймандан.

Кыска ойлуу, кыска ойлууну самайт,
Өзүнө өзү, акылдуудай карайт.
Кыска адам кысканы самайт,
Өзүнө өзү, узун бойлуудай карайт.

Балаңа арам тамак берсең жей берет,
Кийин сени, элин уялткан мерез болот.
Ал эми аруу тилек менен, адал тамак берсең,
Ал ыймандуу сага, элине керек болот.





Камгак үйлөй албаган эркек,
Кээде үйдө катын коркутат.
Сабырдуу аял ага чыдап,
Ширин сөз менен жооткутат.

Компьютерди жакшы билген жигит,
Туура колдонсо, элдин керегине жарайт.
Ой келди, ыймансыз малыматтарды көрсө,
Эртеби, кечпи уят болуп, жер карайт.

Замандаш өмүрүң өтөт экен, кетет экен,
Аллахты сүйө албасаң, бул дүйнөдө жашоо бекер
экен.

Ыйман тутуп жыйнасаң собопторду,
Акыретте Бейишти бир көрүүгө жетээр бекен.



*Самтыров Манап,*
*Өзгөн району, Ак-Жар айылы*

## ТООЛОРДУ СҮЙӨМ

Мен тоолорду жашымда кандай сүйсөм,
Азыр деле ошондой сүйүп жүрөм.
Өзүм дагы тоолорго окшоо үчүн,
Ак калпакты түшүрбөй кийип жүрөм.

Төрөлгөмүн тоолордун кучагында,
Андыктан абдан кымбат мага алар.
Бүркүт мүнөз өсүүмө көмөктөшкөн,
Аска-зоо, кийик жүрбөс жаламалар.

Махабатым жаралган тоо боорунда,
Үр кыздардын жанында жүргөн элек.
Бийиктиктен жылынып күн нуруна,
Бийиктиктен келгемин дүйнөгө мен.





## КҮЗГҮ ТОЛГОНУУ

Жапжашыл жалбырактар,
Айланды сары түскө.
Мен сени күткөн элем ,
Келет деп сары күздө.

Келбедиң сары күздө,
Саргайдым жалбырактай.
Санаасыз күндөр өтпөй,
Санаасыз таңдар атпай.

## ОШОЛ СЕНДЕ

Сен мага жылдыз болуп жанган көктө,
Кол жеткис бийиктиктен көрүнөсүн.
Кээ бирде жан киргизип гүлгө, чөпкө,
Нөшөрлүү жамгыр болуп төгүлөсүң.

Назиксин кырда өскөн кызгалдактай,
Мен сага тик кароодон батынбаймын.
Алдымда кайсалактайм сөздөр таппай,
А бирок сүйгөнүмдү жашырбаймын.

Сени эстейм таттуу сөздөр укканымда,
Сени эстейм ар бир баскан кадамымда.
Тангамаал салкын аба жутканымда,
Кечке маал түйшөлүп ыр жазаарымда.

Жылдыздар жалаң гана көктө дешет,
Мен үчүн жерде дагы бир жылдыз бар.
Ошол сен балбылдаган кезек-кезек,
Эми ага тең келе албайт миң жылдыздар.

Сен мени карап койсоң, назар салаа,
Кирпигиң течип өтөт жүрөгүмдү.
Ошондо түшүнмөксүн ачык-айкын,
Мен сени кандай гана сүйөөрүмдү.

## ЖАНАТ СЕНИН ТЕРЕЗЕҢ ЖАШЫЛ БОЛУП

Жаратылыш бүчүр байлаган,
Жашыл гүлдөр жайнаган.
Жашыл эле айланам,
Жалбырактын өңүндөй,
Жашыл болчу күн дагы,
Жашыл болчу түн дагы,
Жашыл кезде табийгат,
Жашылданттым көзүмдү,
Жашыл дарак түбүнөн,
Жазда күттүм өзүңдү,
Жанат сенин терезең,
Жанат менин жүрөгүм.

Жашыл түстүү көйнөгүң,
Жалбырактай дирилдейт.
Жалжылдаган көздөрүң,
Жылдыз болуп күлүңдөйт.
Жаздын жашыл түнүндө,
Жашыл дарак түбүндө,
Жашыл гүлүм жыпарлуу,
Жазып кеттиң кусамды.
Жанат сенин көздөрүң,
Жанат менин жүрөгүм.







*Сапарова Алимакан,*
*Өзгөн району,*
*Шоро-Башат айылы*

## ТАТТЫБҮБҮ ТУРСУНБАЕВА ЭЖЕГЕ

Күндөн-күнгө, күндө сулуу таң атып,
Мезгилинде мен дегенди каратып.
Талантыңыз өчпөй жанат кыргызда,
Күндө жаңы ой максатты жаратып.

Ноокатта боз жоргону минип алып,
Үстүнө көк кемселин кийип алып.
Уркуя уюштуруп дале жүрөт,
Канжыгага күл азыгын түйүп алып.

Көркүн көрчү азыр Ноокат жериндин,
Уксаң айтаар чечендери элиндин.
Кайрат күчүн жаштарыңа орносун,
Комсомолка жаның менен берилдиң.

Ажырадың зордук менен Болоттон,
Жаш мезгилиң көз жаш менен короткон.
Келечекте кезигүүчү жол бардыр,
Деп үмүттүү өзүн-өзү сооротkон.

Бакта алма жытын чачып алыска,
Мезгил келип бопбош калды бак дагы.
Энчилеген ээсин күтүп томсоруп,
Анда турат «Кызыл алма» шактагы

«Кызыл алма» сезим оту бүлүнүп,
Колго алып арчып коюп сүйүнүп.
Канат байлап айга бийик жетчүүдөй,
Жүрөк чиркин алоолонуп сүйүнүп.

«Кызыл алма» колго тийди жалтырап,
Көргөн кезде жигит кетти калтырап.
«Кызыл алма» тең бөлүндү экөөнө,
Экөө кеткен жолдор көзгө тартылат.

Талантыңа таазим этем эжеке,
Боз жоргодо ууртуң толо береке.
Күлүк караан жол арбытат жарышта,
Сизди сүйгөн инсан катат карекке.

Канкор кулак кармашкандан жазганбай,
Аткарган иш ташка тамга баскандай.
Заманыңда алга умтулат ар качан,
Күлүк жарыш маарага деп чапкандай.

Билиминди эмгек менен көгөрттүң,
Балалыктан сахна менен тең өстүң.
Кыргыз барда талант жашайт тарыхта,
Канча муундун кызыгуусун көбөйттүң.





## АТА ЖУРТ

Ата Журт күч кубатым сени менен,
Өмүр бактым өзүң менен кемибеген.
Улуулардын учугун улап келем,
Элимдин кажыбас күч деми менен.

Ой күлүк мейкиндикте кайкып учуп,
Жашап келем жашоону маяк тутуп.
Талаалардын кууп жүрүп шамалынан,
Ата Журттун абасынан кере жутуп.

Ата Журт, ата конуш, ата мекен,
Өмүрдү өзүңө арнап сунсам бекен.
Ансыз да өмүр бизде өлчөнүү да,
Жүгүңдү күчкө салып көтөрсөм дейм.

Ата Журт тарыхты таптай бергин,
Кылымдын кабатында жашай бергин.
Алсыз болсом алдыңа чөгөлөйүн,
Ата Журтум бар жүгүңдү көтөрөйүн.

Ата Журтум көзүмдүн карегисиң,
Өзүңдөн өнүп чыккан данегимсиң.
Акылды айланталбай калган чакта,
Ата Журт ата-конуш дарегимсиң.

## ШОРО-БАШАТ

Мен өзүңдөн өмүр шерик жандадым,
Бала бактым жаштыгымды арнадым.
Маңдайына жазганы дейт Алланын,
Айылым сенден алыс кете албадым.

Шоро-Башат бир өзүңдөн бүрдөдүм,
Турмуш деген бак-шагыңда гүлдөдүм.
Балапанды куштай кылып бөпөлөп,
Азыр менин жүздө желе күндөрүм.

Жашоо өзүң кызыктырып келесиң,
Убайымдуу инсан экен дебесин.
Дүйнө келет өз жолунан адашпай,
Тагдыр мага кандай тартуу бересиң.

Шоро-Башат бир өзүңдөн байралып,
Ата-бабам жашап келген жайланып.
Көөдөн толо үмүт менен жашаймын,
Мен өзүңдөн кете албаймын айланып.

Шоро-Башат  жашап турган жанымсың,
Бүт денемде агып турган канымсың.
Түбөлүктүү жашап келем байралып,
Кичи мекен турагымсың жайымсың.

Менин жашым улам келет өйдөлөп,
Бийик жактан аппак бубак көрүнөт.
Биз канчалык тырышсак да кайрылбай,
Мезгил кербен өтүп жатат дөңгөлөк.

Мен жашоого жеңилдимби-жеңдимби,
Тагдыр мени сынап жатпа керилип.
Тармал чачтуу тагдырымдын жолунда,
Көп көрүнөт жеңгенимден жеңилип.

Шоро-Башат атың дайым атайын,
Өлбөстүккө сүрөт кылып тартайын.
Акыретиң тарткан болсо жараткан,
Турпагыңды мамык кылып жатайын.





Балапандай бир өзүңө жалынам,
Алыс кетсем куса болуп сагынам.
Карт тарыхта турат сенин катарың,
Шоро-Башат кубатыңа багынам.

## КАЛЫС БОЛГОН

Сагынтат ата журттан алыс болгон,
Өзүң жака келе жатам алыс жолдон.
Жер жайнаган кызгалдакты аралап,
Ышкын  терген ал учур алыс болгон.

Сенде калды бала кыял жаштык кезим,
Тоо койнунда тушалган жаштык сезим.
Турдум мен сөз кайрууга күчүм жетпей,
Курч эле, өткүр эле айткан сөзүң.

Эс алганы келе жатам алыс жолдон,
Жолуктук көл жээгинен Ыссык-Көлдөн.
Боюбуз бир болсо да ой бир болбой,
Турмушта жашоо бизге калыс болгон.
*01.06.2010.*

## КУЮН МИНИП АЛГАНДАЙ

Тоодон ойго желип учкан шамалдай,
Жүгөнү жок шамал минип алгандай.
Тагдыр мени тамашалап ойносо,
Жашап келем куюн сымал тайманбай.

Таппай жүргөн таалайыма табылдың,
Күүгүм тартып калган кезде кабылдың.

Эркин жүргөн жүрөгүмдү ноктолоп,
Куса кылып санааларга кабылттың.

Санаалардын талаасында сабылдым,
Азап чеккен кусалыкка кабылдым.
Кыялдарым тынчтык бербей өзүмө,
Кайдан гана сүйүү дартка кабылдым.

*15.05.2010.*

## КӨТӨРӨ АЛБАЙ БУЮГАМЫН

Жолуксам сөз табалбай буюгамын,
Ырыма тамчы болуп куюламын.
Кааласаң ачып көрчү жүрөгүмдү,
Көрөсүң кусалыктын уюганын.

Жүрөктө ыр толкундун уюганын,
Көкөлөтүп көтөрө албай буюгамын.
Ишенсең тыңшап көрчү жүрөгүмдү,
Көбүргөн суусундуктай сунуламын.

Капыстан жолоочудай жолугамын,
Тик карап сүйлөшүүдөн корунамын.
Чаңкап келип сурасаң чын пейилден,
Сыр аякка кымыз болуп куюламын.

## КИТЕБИМ

Көңүлүм жок, маанайым пас отурганда,
Китебимди колго алып окуганда.
Жагымсыз жүрөктөгү ойлор учту,
Кызыгына батып кетем моокум кана.





Китебим кирем кызык сырларыңа,
Көпөлөктөй учуп коном ырларыңа.
Колго алып сени ачсам баарын жеңем,
Китебим акыл ойлор жыргалым да.

Китепти окугандан тажабаймын,
Бош болсом имерчиктеп сага дайым.
Бадалды аралаган балага окшоп,
Суу сурап чаңкап турган баладаймын.

## КЕЛЕ ЖАТТЫҢ

Жамгыр жаабай турса деп мен самадым,
Кусалыкты көөдөнүмө камадым.
Саатты болжоп келем деген сөзүңө,
Үмүт менен өйдө төмөн карадым.

Басып жүрөм болду эми канча убак,
Асман бүркөө бышкан жамгыр тамчылап.
Келбесе да тынч болсунчу дегенче,
Келе жаттың атты оң-сол чапкылап.

## КЫРГЫЗЫМ

Мен кыргыз канаттуу ой минип келем,
Турмуштун түрмөктөрүн түрүп келем.
Кыргызым менин каным, менин жаным,
Мен жашайм бул жашоодо үмүт менен.

Мен дайым жакшы сөзгө муюп келем,
Энелик сезим менен туюп келем.

Чындыкты чырылдатып турган чакта,
От болуп жалын болуп күйүп келем.

Турмуш деген кемеде сүзүп келем,
Чындык үчүн дайыма күйүп келем.
Кыргызым менин элим, менин жерим,
Сен менен жакшы жашоо сүрүп келем.

## САГЫНЫЧЫМ КАНАТЧАН

Мен алыстан кыргызымды санасам,
Оордук кылат мекен үчүн таразам.
Канат күүлөп сен өзүңдөн талпынып,
Көңүлүмдө кусалыкты жаратам.

Бийик көктөн эл жеримди карасам,
Силер жака оордук кылат таразам.
Башка жакта минут дагы тургум жок,
Бийик учат сагынычым канатчан.

Элестетип айылымды самасам,
Жүрөгүмдөн жаңы ырды жаратам.
Жашоонун эпке келбес толкунунда,
Үмүт менен алга жылып баратам.

## ҮШҮП ТУРАМ

Кычыраган кыштын суугун сезбестен,
Музу тоңгон кашка сууну кечпестен.
Жан адамга айталбаган сырымды,
Шыбыр айтып сага турам кетпестен.





Кашка суунун кечүүсүнөн кече албай,
Кадам шилтеп же бат жүрүп кете албай.
Көңүлдөгү бороонго үшүп турам,
Ушул чакта сага турам жете албай.

Жок дегенде көңүлүмдү улап койчу,
Жалгандан да саамайымды сылап койчу.
Көңүлүм көтөрүлбөй турган кезде,
Жарым жанга жакшы сөздү кынап койчу.

## ТОЛКУН МИНИП БАРАТАМ

Мен кызыгып алды жагым карасам,
Көл үстүндө толкун минип баратам.
Көл жээгинде кээде толкун шарп этип,
Мөлт-мөлт эткен ыр тамчысын жаратам.

Кыялданып бийик тоону карасам,
Камчыланып шамал минип баратам.
Асмандагы айга жетип барчудай,
Ай нурундай айдай ырды жаратам.

Үмүт менен көк асманды карасам,
Кыялымда жылдыз минип баратам.
Эми гана көккө жете калганда,
Нурун чачкан күндөн кубат алалам.

## ЭНЕ ТИЛ

Эр Манасым сүйлөп келген эне тил,
Бабаларым жомок айткан эне тил.
Эми гана тили чыкты неберем,
Күндөй менин жаздай жарык эне тил

Эне тилим келем акыл желеге,
Сүзүп келем жашоо деген кемеде.
Урпактардан-урпактарга жашайсың,
Минут кагып мезгил өтөт дегеле.

Айланчыктайм акыл күтөт дегеле,
Эне тилим ойдон ойду чегер.
Тээ асмандай маяк болуп көрүнөт,
Эне тилим учат көккө желеге.

Тилим сенден уу тамат да бал тамат,
Ачуулансаң, каршылансаң кан тамат.
Жашың жыргап жакшы сөзгө магдырап,
Көңүлүңө кубанычтан май тамат.

## КӨПӨЛӨК

Кызыл, сары көпөлөк,
Бийик учат көкөлөп.
Гүл бакчамда гүлдөр көп,
Мен багайын бөпөлөп.

Кон коногой көпөлөк,
Гүл ширесин татагой.
Чарчап келсең алыстан,
Гүл бакчама жатагой.

Жашыл, кызыл көпөлөк,
Жарышышат көкөлөп.
Бажырайып ачылган,
Гүл тандашат экөөлөп.





Кичинекей көпөлөк,
Кайдан келдиң көкөлөп.
Каалашыңча тандагын,
Бизде гүлдөр өтө көп.

## БӨБӨКТӨР СУРАЙТ

Эмнеге? Каздар кийбейт куртканы,
Тооктор кийбейт турсаны.
Түндө кантип үшүбөйт,
Жокко анын жууркaны.

Каздын жокко чапаны,
Жалпак экен тапаны.
Жөжө жем деп чокушат,
Өтүктөгү таканы.



***Сатимов Кадырали,***
***Өзгөн району Баш-Дөбө айыл өкмөтү, Ана-Кызыл айылы***

## ҮМҮТ –ШАМЧЫРАК

Жолум болбой күн кечирип өңүрсүз,
Жашым өтүп жалгыздыктан сенделем.
Алган жарым кашкулактай тиштигип,
Кеткен бойдон туңгуюкка кептелем.

Күнөө кимде? Али күнчө баш катат,
Ар-ар жерде керек эмес баш жатат…
Жан дүйнөмү түшүнгөн бир жан чыкпай,
Күйүп-жанып безеленген тил катат.

Акыл-эсим толук кандуу пендемин,
Түтүн булап башкаларга тең келдим.
Неден жаздым? Ушул күн да түшүнбөйм,
Кызыл-тазыл балдар туруп экчелдим.

Балким өзүм бул жашоого кеч келдим,
Айкүр конбой чүкөлөрүм тепселдим.
Маалында келген болсом мен эгер,
Анда неге ширендидей экчелдим?





Убагында гүлдөр бергем селкиге,
Айлуу түндө кыналышкам этиге.
Баалагандын баркын билбей аздектеп,
«Багым таптым» сөзгө кирген ээрчиме.

Мээм да болгон эмес чайкалган,
Түзүк эле пендемин бир каркайган.
Күн ыргагы бузулганы көп болду,
Сый-төр көрүп бололекмин балпайган.

Басар жерим кургуй анан туңгуюк,
Санаалардан далым чыкты уркуюп.
Жатсам-турсам суранамын Кудайдан,
Күтүп алчу бир пенде бер буюруп.

Жан чыкпаса жан дүйнөмү түшүнгөн,
Каламбы анда гүл көктөмдө буюгуп.
Жок-жок үмүт үзүлбөсүн эч качан,
Жан чыкканча жылдыз кетпес суюлуп…

Миң сан жылдыз кол жеткистей жаркырайт,
Жетем деген колун сунуп талпынат.
Өзүн –мени алдабаган жан чыкса,
Жанат эле үмүт деген шамчырчак.

## КУСАЛЫК

Көөдөнгө сыйбаган кусалык,
Жүрөктү сыздатат күч алып.
Башкага сенчелик жаналбай,
Калгансыйм түбөлүк тушалып.

Кабарың билүүгө зар кылып,
Кат жазам үйүңө жар кылып.
Сен билбес башка бир дүйнөгө,
Кетпеди же бирөө азгырып…

Үмүткө жеңдирип күчүмдү,
Жакшыга жорутпайм күтүшүмдү.
Аргасыз күү угуп алаксыйм,
Жаз кылып кыш түшкөн күнүмдү.

## КАЙТАЛАНГЫС ИРМЕМДЕР

Карлар эрпип, күн жарыгы узарып,
Жаш улгайып көздөр барат тунарып.
Кол кармашкан кырандарда чуркаган,
Жалын жаштык алыс калган мунарык.

Жаз жыттанып талаа жатат суналып,
Кар түрткүлөп эчак чыккан байчечек.
Суу алууга кыздар барат буралып,
Кемсел тиреп көкүрөктөр чыңалып.

Кат жазгандар жообун күтүп зарыгат,
«Кабарчысы» делдең кулак иниси.
Өзөн жээктеп күйүп карек карыгат,
Бакан илген болуп кетти кимиси?

Уялыңкы келет селки ыйбалуу,
Дүргүп каны бозой башы чыңалуу.
Акмалаган жеңе ичинен кымындайт,
Бүгүн эртең болобуз деп кудалуу.





## ЧАҢ КАЛДЫБЫ БИЛБЕЙМИН

Өмүр дайра нугу түптүз болбогон,
Төгүлсө ал кайра чака толбогон.
Изи калаар бир өмүрдү узарткан,
Уул-кызы булак болот соолбогон.

Байлык-бийлик ай асманды чапчыган,
Күркүлдөрдөн кыйсмылсыз мүлк, бөз калат.
Акылмандан дос душманды жууруган,
Кылымдарга өчпөс аңыз сөз калат.

Эксең дарак суу жүгүртүп карагын,
Тамырласа канат бутак жайылат.
Күткөн малың, жыйган чөбүң кар болсо,
Кызыл аяк, анан көзгө сайылат.

Алган жарың, тапкан балаң сөз укса,
Элиң сыйлап, төгөрөгүң төп болот.
Беттен алып, буттан чалса аларың,
Маңдайыңдын бырыштары көп болот.

Урпактарың аскар тоосун сыйласа,
Айткан кебиң эки болбойт эгерим.
Көчүң жүрүп, төө үстүнөн ит каппай,
Тийген болот элге-журтка керегиң.

Уучка толбой салбып бурат мезгилиң,
Ашуу аштым, дагы канча желемин…
Жетип-жетпей тартпай келем тизгинин,
Тийдиби элге, же тийбеди керегим…
Чаң калдыбы, же из калды билбеймин,
Бир өмүрдө ырым-сөзүм белегим!

# ЭРДИН КЕТЕТ СЫМБАТЫ

Өмүр чиркин барат күндү кубалап,
Өткөн ирмем тасма сыяктуу чубалат.
Кыз жандаган кер муруттуу жигит кез,
Ыраак-ыраак, бирок калган «уялап».

Жаштык кезең кеткен тура кыялап,
Бүктөмдөрүн кайра кими жыялат.
Эсте калган кайта келбес күндөрдү,
Эске салып жазып келем сыялап.

Жакшы күндү кана кими кыя алат?
Ирмемдери гүл талаадай суналат.
Ким сүйүлдү, кимдер кандай күйүндү,
Өктөөлөрү кана кимден суралат…

Болуп турат уул-кыздардын урматы,
Келип туру кечээр күндүн кымбаты.
Жыл ийрилип минтип ашуу ашкан соң,
Менменсинген эрдин кетет сымбаты.

# 8-МАРТКА КААЛОО

Жаз келип, карлар эрип, аалам жаркып,
Көргөнгө ушул жазды турам балкып.
Гүл сунам майрамыңа алтын апам,
Өмүрүң узун болсун, чөйчөк каркыт.

Жеңелер Жамийладай болсун жылдыз,
А кыздар бой жетишсин жака кундуз.
Селкилер кылыктанган периштедей,
Болушсун үй жаркыткан көктө Нуркыз.





Чоң эне, таэнелер болсун аман,
Бөкчөйүп карылыкта көрбөй жаман.
Балпайып төрүбүздүн көркү болуп,
Уул-кызы урматтасын кызып таман.

Жаз майрам ырыс толсун ар бир үйгө,
Жер көчпөй бейпил болсун ушул дүйнө.
Жаш-кары ынтымакта кол кармашып,
Кыргыздын ак-кызылы болсун мүлдө.

# ЭНЕ ТИЛИМ-АЛ МЕНМИН

Дилин берип, тилин жерип,
Сүйлөбөсө эне тилде эгер ким..
Унутканы ак сүт берген энесин!
Уккан эмес бешик ырын,
Өмүр бою угуп өтөт аларың,
Ата-Журттун жемесин!

Күн келерин салтты билбей,
Эне тилде каты билбей,
Чет элдиктей ой туюму
Кыттай болуп сезим тоңуп,
Эне тилден биротоло айрөк каларын!

Күнү бүгүн «Манас» окулбаса,
Күлүгүң да кыргызча токулбаса.
Аламанда бөркүң түшүп, оомат таят,
Кызыгында ийленбей
Дөшүдөгү темириң согулбаса.
Айткым келет жар чакырып:
«О-оо, кыргыз тукуму,
Эне тилин - сүтүн унутпай,

Бабалардан калган көрөңгөнү курутпай,
Сүйлөй да бил, ырдай да бил ардактап,
Орус, чет тилдерди семичкедей чаксаң да,
Өз тилиңди-эне тилди,
Сактай билгин куруттай!

## СҮЙҮҮ - АРМАН...

Ак көйнөкчөн этектериң делбектеп,
Эске түшөт он жетиде курагың.
Шылтоо кылып сурасаң да китебим,
Ал эсимде кызарганы кулагым.

Жооп таба албай сууга түшүп шөмтүрөп,
Дудукмун мен жүрөк чиркин түрсүлдөйт.
Ого бетер жагалданып мөлтүрөп,
Аптыккандан көзүм тиктеп үлгүрбөйт.

Кемселиңдин бүчүлөрү седептүү,
Көйнөк ичин тиреп турат кош алмаң.
Шок болсоң да табиятың адептүү,
Сүрдүккөндөн кармай калат жок талмам.

Келгин куштар ысык жакка кеткендей,
Кетти жаштык, сүйүүм эми кайрылбайт.
Түтүн булап, болсом дагы перзенттүү,
Сүйүүм эстеп баштан арман арылбайт…





## НЕГЕ ЫРАА КӨРБӨДҮҢ?

Сүйгөмүн кантип аны жашырамын,
Жетпейт го жашырууга акыбалым.
Жаңыдан сүйүү нурун чачкан кезде,
Жараткан сүйгөнүмдү тартып алды.

Ыйымды угар-сезээр пенде чыкпайт,
Көкүрөк күйүп жанат көздү чыктайт.
Күйүттөн жаш чыланган жаздыгымды,
Сооротуп , көңүл улап эч ким сыкпайт.

Карайлап басар жолум таппай келем,
Алоолоп күйүт тартып жанат денем.
Түрүлгөн толкундардан аласалды,
Үмүттө сүзөт деген түшкөн кемем….

Таалайым ушунчалык тайкы беле?
Күсөгөм бала жыттап болом эне.
Сүйгөнүм чагылгандай жанып өчтү,
О Кудай ыраа көрбөй алдың неге?...

## ОЙ-ТИЛЕГИМ УШУНДАЙ

Ата-Журт алыс кетсем сагынамын,
Элесиң тумар кылып тагынамын.
Өзүңдү чырайыңа чыгарууга,
Өзүмдү күнү-түнү жагуудамын.

Башкасы зер чыкса да Мисир болбойт,
Өзүңсүз бакыт кушу башка конбойт.
Чумкусам балык болуп Жазы сууга,
Жүрүшүп ишим дайым Кызыр колдойт.

Ашууда турам бүгүн алтымыштын,
Учугум-урпактарым узарсын деп.
Өзүңө ата конуш койдум кышын,
Бак эктим мөмөлөрү кызарсын деп.

Күн келет кызыл-тазыл неберелер,
Тойлогон эккендердин мөмөсүн жеп.
Айтышыт ата конуш сакталыптыр,
Биз үчүн чоң атабыз көлөкө деп.

Жараткан, жарты кылбай ырыс-кешик,
Ырооло, мээнетимдин акыбетин.
Анан да ыйман бергин балдарыма,
Бирөөсү Ата Журтка чындап келсин!

Тамыры терең кетип, бутактары,
Канат жайсын урпагы Сатимдин деп.
Ийисин ата конуш булактары ,
Укумдарга тагылсын тумардай кеп.

Абалтадан аталар тилек кылган,
Конуш сактап бала үчүн болгон курман.
Сыйлап укса эгер ким ата кебин,
Кызыр ага ак жылоо дайым бурган.

Тилегим ким жугузса акыл-ишим,
Өксү болбой кем карчтан күн кечирет.
Жаза тайып укпаса ата кебин,
Борошодо карайлатып үй чечтирет.







***Сейитова Үрнуса,***
***Өзгөн району, Мырзаке айылы***

## АПАМА

Калсаң дагы отуз жашты аралап,
Кандай билбейм апакебай сага адат.
Баландан да мурда туруп чуркайсын,
Кичирейтип курагынды салабат.

Сапар улап алыс кетсем канчалык,
Кан жолумдан кайтып келсем каржалып.
Кучагыңа батпасам да бек кысып,
Өпкүлөйсүн сагынычың таратып.

Ай апаке аялуусуң сезимде,
Сенден айланам жер шаарындай өзүңө.
Мекенимдей үйүбүздүн кутусун,
Мекенимдин керемети өзүңдө.



*Сулайманов Үсөн,*
*Өзгөн району, Мырзаке айылы*

## ЖАРАЛАГАН СОҢ АРНАЛЫП

Жаралаган соң бул дүйнөгө арналып,
Илим ула, илимдүүдөн үлгү алып.
Салым кошкун өстүрүүгө илимди,
Элиң өссүн, коом өссүн чыңалып.

Жаралаган соң бул турмушка арналып,
Турмуш ула мыктылардан үлгү алып.
Кесир кылып турмушуңа карасаң,
Бул жашоодо каласың сен алданып.

Жаралаган соң бул өмүргө арналып,
Өмүрүңө өмүр ула шанданып.
Бейпайдага өтүп кетсе өмүрүң,
Жашабайсын кайра өмүрдү карыз алып.

Ошондуктан эсиңе ал дайыма,
Бул жашоого бир келесин жаралып.





Кайра келер болбой, болсо каталык,
Жашап өткүн из калтырып артыңан,
Мезгилиңде мыкты инсан аталып.

Ишиң калсын үлгү болуп артыңда,
Сөзүң калсын нуска болсо алтында.
Бул жашоодо мите сымал жашабай,
Шайдоот жашоо эч нерседен тартынба.

## УБАКЫТ

Иш көп болсо жан ал калбай шашабыз,
Иш аз болсо жай баракат басабыз.
Убакыт да тескери экен жумушка,
Иш көп болсо жетпей калат кашайып,
Иш аз болсо өтпөй калат какайып.

Андай эмес убакытта айып жок,
Секундалар өтүп жатат калыпта.
Минуталар алга умтулат жарышта,
Саат болсо өтүп жатат дайыма,
Жүрөк болсо бир калыпта кагышта.

## ЧУКУРАНЫП

*(жайкы таңдагы элестер)*

Таң шооласы акшам болуп сөгүлүп,
Турган кезде жер бетине төгүлүп.
Жан-жаныбар көшүрүүдө мемиреп,
Таңга маалкы таттуу уйкуга чөмүлүп.

Түн пардасы алмашылып ак шамга,
Не бир кооз көркүн чачып асманга.
Түпкүрүнө батып барат жылдыздар,
Жалгыз чолпон нурун төгүп асманда.

Муздак желге таңкы соккон чыгыштан,
Чөптөр үшүп көз жаштарын төгүшөт.
Ичиркенип түркүн куштун барысы,
Жатагына улам ыктап чөгүшөт.

Уяларда балапандар чыйрыгып,
Шоокум салып энесине ыкташат.
«Тынчтанчы» деп кейигендей үн салып,
Энелери кайра үргүлөп укташат.

Наристелер көшүп жаткан бешикте,
Чукуранып ойгонушат козголуп.
«Уктачы» деп эмчек салып апасы,
Кайра уйкуга кетет жатып ойгонуп.

## БАКЫТ ЭМНЕ

Бакыт эмне? Байлыкпы же бийликпи,
Манчыркаткан максатыңа жеткенде.
Ашык  жарбы, же балабы нaристе,
Моокум канган бек кучактап өпкөндө.

Ооба бакыт- максатыңа жеткениң,
Байлык, бийлик, ашык жар да , бала да.
Кесир кылбай турмушуңа түз карап,
Ынак болуп мээрим төксөң балага.

Эң чоң болсо керек деп ойлоймун,
Адам болуу, адам болуу жана да.







*Тагаев Тургунбай,*
*Шоро-Башат айылы*

## ТУЛПАРЫ СЕНСИН КЫРГЫЗДЫН

*Байылда Сарногоевге*

Тулпарындай Толубайдын зыркырап,
Туягынан таштар учуп от жанып.
Сенин дүйнөң махабаттуу ыр булак,
Тоодон түштүң, тоолук элге топ жарып.
Сен чокуда, чолпон жылдыз жаркырап,
Мен коктуда, сага жетпей көз талып.

Жаздың акын! Толкуп ташып көктөмдө,
Нөшөр куюп атылганда чагылган.
Таң кылайып чолпон жылдыз өчкөндө,
Ошол саптар чагылгандан жазылган.
Топ булутту шамал айдап кеткенде,
Мен келемин нөшөр издеп жашымдан.

Айтчы Баке! Нөшөр менен чагылган,
Буюрганбы сендей гана акынга.
Мен да тоолук, өстүм ушул айылдан,
Ырларыңды жатка окудум жашымда.
Эй Тургунбай! Сен бир чобур жетпейсин,
Байдылды ким? Ал тулпар да- асылба!

## МҮРӨКТҮН СУУСУН ИЧКЕН АРГЫМАКТАР

Алп каракуш зоодон учса кулап таштар,
Ал жерде желдей сызган айтуяк бар.
Мүлдө кырыз каганатын коргоп келип,
Мүрөктүн суусун ичкен аргымактар.

Буктурма, буйга жерге жоону камап,
Буудандар кармаштарда жалын чачкан.
Тулпардын туягынан бырчаланып,
Капталдагы калың жоо сайга чачкан.

Тагдырын күлүктөрдүн айтып турат,
Тарыхтын барагында алтын саптар.
Чокуларда Манастын чоросундай,
Чекте турган бизди коргоп аргымактар.

Суктанышып турпатына тулпарлардан,
Кайкып учат калем каш карлыгачтар.
Мекендин сакчылары бүгүн дагы,
Бар болгула, баатыр минген аргымактар!





## МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН

Кыргыз элим жашап келет байыртан,
Атыңды окуйм алтын тамга тарыхтан.
Күндөн келген күн нурундай элибиз,
Бабаларым күндөн бата алышкан.

Кыргызстан көп улуттан куралган,
Эл достугу кылымдарда чыңалган.
Кыргызстан улуу тарых бүтпөгөн,
Ал тарыхты Манас атам түптөгөн.

Кыргыз жерин кылыч менен ченеген,
Канча хандын кетти башы денеден.
Эр Манастай жоону кууган баатырды,
Аруу дене баатыр эне төрөгөн.

Уулу болсоң эркин өскөн элимдин,
Мекен үчүн тур катарга чакырам.
Душман буту баспайт сени өскөн жер,
Ант беребиз алп Манастын атынан.

## ОРДОЛУУ ОШТО БИР КЫЗ БАР

Аралап жүрсөң аңкыган,
Ошумдун гүлүн сагынам.
Оюмда дайым бир кыз бар,
От чачкан жүрөк канынан.

Жайнаган гүлзар багынан,
Жарк эткен күлкүң сагынам.
Алтын так тартуу кылайын,
Ак сүйүү ырлар сабынан.

Айтамак ким? - деп сурадым,
Ак-Бууранын шаарынан.
Ордолуу Ошто кыз бар дейт,
Бал таткан сүйүү багынан.

Сулуу кыз ким? -деп сурадым,
Сулайман тоонун таңынан.
Суктанткан Ошто бир кыз бар,
Жаралган оттун табынан.

## МАХАБАТ АЛОО ЫР ДАСТАН

Болсоңчу мага асыл жар,
Аруу кыз сага сүйүүм бар.
Махабат жазы бир келет,
Кыялкеч жаным билип ал.

Сүйүүбүз бизге жарашып,
Сүйүүдөн бүткөн таң атып.
Ай чыгат түнү жасанып,
Алкымың менден талашып.

Бар дүйнөм менен издесем,
Бар бекен сулуу жылдызда.
Алдынан тосуп айтайын,
Арзууму сендей бир кызга.

Асылым сен деп аскага,
Алтын таш менен ыр жазам.
Мен жазган сайын жалындайт,
Махабат - алоо ыр дастан.





## ШАХЕРЕЗАДА-ЖОМОК ПЕРИСИ

Шахерезада миң бир түндөгү,
Ашыглыктын башта жомогун.
Жомоктогу пери кыздардын,
Мен болоюн түнкү коногу.

Жанган отту көрүп көзүңдөн,
Жан дүйнөңө калдым арбалып.
Көз кысышат көктө жылдыздар,
Экөөбүздү гана айланып.

Айлуу түндө сүзүп бараткан,
Шахерезадам аккуу көлдөгү.
Көлгө жетпей соолуп ооруган,
Мен бир дервиш карып чөлдөгү.

Жомоктогу сыйкыр дүйнөсүн,
Мендей бирөө балким жоготкон.
Шахерезадам жанган от болуп,
Келчи мага түнкү жомоктон.

## ОМАР ХАЙЯМ-КҮН ЧЫГЫШТЫН КҮЗГҮСҮ

Лола кыздын чоктой ысык илебин,
Соргондурсун айдын нурун жамынып.
Лола кыз да арнап сага жүрөгүн,
Өмүрү өттү ошол түнүн сагынып.
Сен чабылган талаасында алоонун,
Мен да келем күлүк аттай чабылып.

Окуганда не ажайып, не көркөм,
Ырларында бир керемет катылган.
Сен оодарган саптарынан дүйнөнүн,
Лола кыздын махабаты ачылган.
Жетпейсин дейт Хайям жазган дүйнөгө,
Жазып жатсам тереземден ушул таң.

Акпагандай артын көздөй Сыр дайра,
Эки Хайям өткөн эмес дүйнөдөн.
Күн чыгыштын кыздарындай ошондо,
Лола кыз да эки Омарды сүйбөгөн.
Күн нурунан Күнчыгышка бир келген,
Хайям өткөн, Хайям тилде сүйлөгөн.

## АШЫКМЫН ТООНУН КЫЗЫНА

Тоо гүлүндөй кызы тоолуктун,
Толукшуган айдай толупсун.
Кайкып учкан бакыт кушундай,
Кайсы бактан мага жолуктуң.

Ак сүйүүгө мени чакырган,
Атыр гүлүм сенсин ачылган.
Жыттаганда жыпар жыттанган,
Качан сылайм кундуз чачыңдан.

Таамай жазса балким жараткан,
Тагдыр мени коштоп бараткан.
Махабаттуу сендей бир кызга,
Махабатым учат канатчан.





Ай жылдыздан издеп өзүңдү,
Айыкпаган дартка жолуктум.
Өмүрүмдү арнайм өзүңө,
Өмүрлүккө болчу колуктум.

## ТАЛ ЧЫБЫГЫМ-ТУЛПАРЫМ

Балалык кез. Бастым жолду сыялап,
Бактын ичин балапандай уялап.
Чанкай түштө багалекти түрүнүп,
Чаарала көпөлөктү кубалап.
Жаштыгыма шум кыялым жарашып,
Жаратылыш койгон мени дубалап.

Тай буурул деп тал чыбыкты ат кылып,
Анда дүйнө бизге турчу чөгөлөп.
Тулпарыма жаңы тумар тактырып,
Туу көтөрүп көктө сыздык көкөлөп.
Ай ааламды бир кыдырып келчү элек,
Талбас күлүк тал чыбыгым экөөлөп.

Балалыгым аруу кези жанымдын,
Алоолонон коломтодон жалындын.
Чагылгандан жата калып шиберге,
Көктөмдөгү нөшөр менен жаңырдым.
Таалайыма таң нурунан бир келген,
Тал чыбыгым келчи сени сагындым.

## КАБЫЛ АЛ ЖАЗГАН КАТЫМДЫ

Кат жазам сага сагынган айлуу түндөмүн,
Кат менен берем жайлоонун терип гүлдөрүн.
Махабат жанган, алоосу күчтүү бул дүйнө,
Буулукпай укчу булбулдун мукам үндөрүн.

Учунда турам ак шумкар учкан асканын,
Көктөмдөр берген көтөрүп сүйүү аптабын.
Ааламды кезип адашпай барсын өзүнө,
Аскадан жазган ашыглык деген дастаным.

Көп жылдар бою көмүскө жаткан тушалып,
Көрсөм дейт сени көөдөнгө батпай кусалык.
Арзуулук берген айлуу түн бизге буюрса,
Аргымак минип алдыңа барам куш салып.

Кат жазам сага, кат жазбайм сенден башкага,
Башкалар мага жашырган сырын ачса да.
Жүрөктөн арнап жүз жылдар бою турсун деп,
Кат жазам сага, атыңды чегип аскага.

## ЖАРКЫРАЙТ КӨКТӨ ЖЕТИГЕН

Жан курбум менин “жетиген”,
Жаралган “кызыр” жетиден.
Жайнаган таза дүйнөңдөн,
Жан азык алып жетилгем.
Канатым күүлөп көктөмүн,
Казынанды казып четинен.
Нарк-насил, насаат сенде бар,
Наристем сүйөт бетиңен.





Кылымдар таазим кылышкан,
Кыргызда жети ыйык сан.
Жети атам мени улуу деп,
Жеңгенде дуба кылышкан.
“Жетиген” перзент бергин деп,
Жети күн сага сыйынган.
Жер жайнап гүлгө оронсо,
Жетөөнү берген тыйындан.
Жер кезип тоодон, кыядан,
Жети атчан сапар улаган.
Жете албай жолду кайда деп,
Жетигенден сураган.
Алоосун кечип сүйүүнүн,
Ал экөө айыл четинен,
Жеңилип жеңген ыйык сөз,
Жетинчи күнү бекиген.
Сагынган арзуу ойлорду,
Саптарга жаздым жетиден.
Жол карап күткөн бир ган,
Жетиген сенсиң жетиген.

## КӨГҮЧКӨН ЖАНА АЙЫМКЫЗ

Көк тенир буйруп тазарып,
Көктөмдө аалам жашарып.
Кубулжуп турган дүйнөдөн,
Куштарда бүгүн тазалык.
Көркүнө чыгып көк моюн,
Көгүчкөн алган жасанып.
Көңүлү түшкөн бирөөнөн,
Көк моюн учат кат алып!

Ал учат бийик зоолордон,
Ашыглык каты чакырат.
Алыстан жазган кат ээсин,
Ашыгат самап, ашыгат!
Бак даарып келсин башына,
Бактысы бүгүн ачылат.
Бурулбай кагып канатын,
Булутка азыр жашынат.

Кыялай тоодон түз басып,
Кыйкырдым мынтип тил катып;
Ээй! Көк асман ээси көгүчкөн,
Көрк берип мүчөн келишкен.
Болсон сен жерде Айымкыз,
Болмоксун менин периштем.
А бирок уянды өсүп чонойгон,
Учасын таштап неликтен?

Канатын туруп кайрылып,
Көгүчкөн айтты жай туруп:
Сарала алма бакта бар,
Сайраган куштар шакта бар.
Баргын деп каттын ээсине,
Батасын берген салтта бар.
Кыпкызыл алма бакта бар,
Кыялкеч мендей шакта бар.
Кыя албай келген кат ээсин,
Кылымдан калган салтта бар.
Келатам менда бата алып,
Көк асман ээси аталып.
Кетирсе тигил кетирет,
Кетирбейм бир да каталык.
Мен конгон шакка кут конот,





Мен барсам тигил жуп болот.
Каркылдап тосуп каз-өрдөк,
Карысы – жашы бүт болот.
Жер эне менин турагым,
Жер шарын кармап турамын.
Тынч жаша дүйнө эли деп,
Тынчтыкка менин урааным!
«Кош!» деди үнү буулуккан,
Кор болот салтты унуткан.
Көрүнбөй калды көк моюн,
Көгөргөн ошол булуттан.

А жерде биздин Айымдар,
Алладан келген жасалып.
Ааламдын көркүн ачышат,
Апакай гүлдөй жасанып.
Ак сарай салсан алтындап,
Ал үйдүн куту аталып.
Ак калпак менен баш кошот,
Алладан тилеп бата алып.
Көз кыры түшкөн жигиттен,
Көктөмдө бүгүн кат алып.
Көчөгө батпай Айымкыз,
Көзүнө сүйүү жаш алып.
Тоо гүлүн алган кучактап,
Толкундай толкуп жашарып.
Баратат издеп бактысын,
Бактысын биз да ачалык.

Угуп тур Айым асылым,
Угузбай айттым акырын;
Кучактап тоонун гүлдөрүн,
Кут болсун ушул күндөрүн.

Бирок да Айым билип жүр,
Аксакал, кары үндөрүн.
Алар да берген Айымга,
Асканын аппак гүлдөрүн.
Буурул тан тосуп угушкан,
Булбулдун мукам үндөрүн.
Бакытка алып бараткан,
Бактылуу болсун гүлдөрүн!

Гүлүндөй Айым буркурап,
Гүлүнөн назик сыр сурайт:
Айткыла кара, акмынбы,
Арсыздын жолун бастымбы?
Ак жолго мына аттандым,
Ачкыла бүгүн бактымды.
Күткөнү өзүм баратам,
Күнөөгө балким баттымбы?
Тоо гүлү жообун бат кылып,
Токтолбой айтты аптыгып:

Алтыным Айым ардагым,
Айт сени кантип алдайын.
Алладан келген бактынды,
Алдырбай бүгүн кармагын.
Арманда калган канчалар,
Алдырып ийип ардагын.
Кыздарга бүгүн буюрган,
Кызырдын ыйык бармагын!

Көк сызып учса жарашкан,
Көз талып көптөр карашкан.
Жашоосун ула көктүн деп,
Жараткан аны канатчан.





Ашыглык алоо отунан,
Албырып Айым бараткан.
Бар болсун эки наристе,
Бактысын ачсын жараткан!
Жаштык кез мынтип ат салып,
Жашоолор күндө башталып.
Баратат экөө бак издеп,
Баарына бүгүн жар салып.
Байланган турмуш жолунда,
Баратам мен да тапталып.
Батамды берип жаштарга,
Бактылуу көздөн жаш тамып.

## КҮНЧЫГЫШ КАЙРЫКТАРЫ

О Күнчыгыш! Кут даарыган Күнчыгыш,
Салам айтам алоо жанган ырымдан.
Нан жыттанган касиеттүү Күнчыгыш,
Оомат сенде! Оомат сага кылымдан.
Батанды бер! Жан дүйнөмдөн аттандым,
Жарк суурулуп жаркыраган кынымдан.

Өттү сенде не бир күндөр замандар,
Күндү көздөй баштап элди кагандар.
Сенде жашап, казалында данкташты,
Күнчыгыш деп, күндөй жарык жарандар.
О Күнчыгыш! Күндүн ээси өзүнсүн,
Менден сага тан нурунда салам бар.

Баш сөз менен жазылган мин жылдардан,
Баласагын Күнчыгыш тарыхында.
Баш байгенин ээси болгон ак сарайда,

Башмын деген акындар жарышында.
Мен да келем чанында мара көздөй,
Сендей буудан ак жалдын арышында.

Омар акын оттуу акын чынында,
Кол сунбаган шарап менен чылымга.
Алкагында аалам сыры айланган,
Акыл жатат анын ар бир ырында.
Дүйнө кезип баш көтөрбөй жазсам да,
Мен Омардай боло албаймын кылымда.

Даназалап сулуулугун Чыгыштын,
Ал Навои жазды сүйүү казалын.
Махабаттын улуулугун жар салып,
Өзү тартты Фархад, Ширин азабын.
Наво-назик, лирикасы жүрөктүн,
Сен тазасың, мен да сендей тазамын.

Атпай журтту ак сөз менен башкарып,
Акылы да, сымбаты да жарашкан.
Алла буюруп Курманжандай Датканы,
Аялзаттан жалгыз өзүн жараткан.
Улуу элин сактап калып кыргындан,
Тынчтык деген Күнчыгышта тан аткан.

Акылман да, акының да иргелип,
Алла берсе кылымдарда бир келет.
Токтогулдай топту жарган көсөмгө,
Топ жыйында кана кимдер тен келет?
Ал – тире даанышман, мен бир чобур айылда,
Чуркабаса чобур кантип тердемек.

Алп акындын бири мына алкынган,
Ак батадан айга сызган калкымдан.





Ал Женижок бөксө жерин замандын,
«Аккан суудан» алып келип толтурган.
Атпай журтка мен Женижок боло албайм,
Атылсам да аскаларга толкундан.

Калын элде кармашканын качырган,
Кан басымдан жараат алган катылган.
Хандар, бектер тизгин тарткан кан жолдо,
Кара буура Калык деген акындан.
Буркан-шаркан түшө албаймын буурадай,
Болсом дагы жебе болуп атылган.

Алымкулдай ак тандайды жараткан,
Ала-Тоого бирди гана тараткан.
Шумкар дейсин бир карасан көктөгү,
Тулпар дейсин бирде сызып бараткан.
Буюрбаптыр канат менен туякты,
Бугунду айтып жутсам дагы шараптан.

Айтсам бүгүн Күнчыгышта Барпыдан,
Алышканын алып уруп жанчыган.
Бирде толкун типтик көккө атылып,
Бирде бүркүт аскадагы шаншыган.
Мен Барпыдай боло албаймын жүз жылда,
Болсом дагы булбул болуп таншыган.

Көркөм сөздү мармар таштай чегелеп,
Махабатты алып жазды турмуштан.
Көз таштасам бир кылымга серелеп,
Кимдер келет бийик учкан Чынгыздан.
Махабатты мен Чынгыздай жаза албайм,
Мактансам да обон салып жылдыздан.

А Байдылда поэзия талаасын,
Гүлзар кылды кана кимиң танасын?
«Мен кыргызмын кыргыз бол!» деп көз жумду,
Туу көтөрүп Чынгыз менен Таласын.
Байдылданын бир сабына тен келбейм,
Жообу бул: Албай калдым батасын.

Кайрыктары кайталангыс канатчан,
Кай бир кайрык жүрөктөрдү канаткан.
Толкуп, ташып кайрып өттү Ырыспай,
Тоо жаныртып, тоо суусундай шар аккан.
Күүгө келбейт кайрысам да анткени,
Алла мени Тургунбай деп жараткан.

Көзү бардан Жолболду бар Тулпарым,
Али жашсын, сапар алыс чуркагын.
Баш байгенин ээси болгун жарышта,
Балаап жүрүп байыркы Өзгөн турпагын.
А мен бүгүн кайрыктарды тандадым,
Эстей жүргүн, көзүм өтсө урпагым!







*Тиленбаева Зейнеп,*
*Өзгөн району,*
*Кызыл-Сеңир айылы*

## КАБАРЧЫГА

Кабарчым жаз кабарды жалтанбастан,
Көзүн сүзгөн сулууга аяланбастан.
Куу чиреңди мансапка машырканып,
Жемекөйлөр жеп жаткан «майталкандан».

Күн карама сыяктуу эки жүздүү,
Оңго-солго бурулуп күлгөндөрдү.
Көзү жоктун артынан «садага чаап»,
Көзү барга жорголоп жүргөндөрдү.

Жана да жаз өзүмчүл сөөрөйлөрдү,
Өз жанына башканы теңбеген.
Чымчып өтсө чымырап калса гана,
Кабарчынын куйкумдуу калеминен.

Акыйкатчыл, чынчылдык өкүм сүрсө,
Тазалыгын тизилген кызыл шуру.
Журтка жагып өзүңдөн барк табалсаң,
Жүзүң жарык күзгүдөй «Өзгөн нуру».

## ЖӨНӨКӨЙЛҮК

Болбосо да асыл таштуу мончоктор,
Кымбат баалуу сөйкө, шакек, билерик.
Адам үчүн жүрөк таза дилим ак,
Бирөөлөрчө жүргөнүм жок чиренип.

Болбосо да импорт мебель машина,
Жылтылдаган кийим норка, тебетей.
Адам болуп эл ичинде келатам,
Бирөөлөрчө болгонум жок жемекей.

Менменсинген шылуундарды ойлосом,
Заман заң-зуң жүрөк онтоп көп ооруйт.
Элим тыптынч токчулукта жашаса,
Баары болот, эгер болсо ден-соолук.

Жөпжөнөкөй жүрүшүм да турушум,
Жөпжөнөкөй ишканада жумушум.
Карызым жок,жашоо дале жайында,
Жөп-жөнөкөй эл катары турмушум.

## АК ТИЛЕК

Көрүнбөйт дүнүйөң килемин,
Баланы «байлык»-деп билемин.
Кыялбек кызматка жараган,
Эл уулу болсо деп тилеймин.

Кыздарым Акдана, Аксана,
Ажарлуу аптаптуу күн мага.





Келечек алдына нур болуп,
Жүздөрү балкысын бактыга.

Жумадыл, Мурадыл бойтоюп,
Күч берет демиме-дем кошуп.
Ууртуна күлкүсү жыйылбай,
Жүрсө экен көңүлү шат толуп.

Данегим, Чынадыл кичинем,
Чын өмүр тилеймин дилимден.
Көзүңдөн садага болоюн,
Жалбарам жүз ирет ичимден.

## ЭНЕЛЕРГЕ

Эне-Мекен, эне деңиз чалкыган,
Керемет күч мен өзүңө тартылам.
Улуулугуң, теңдеши жок дүйнөнүн,
Кагылайын «Эне» -деген атыңдан.

Эне болуп өйдөлөп барган сайын,
Энелерди ырдаштан чарчабаймын.
Урмат кылып, ызааттап ийилемин,
Көргөнүмдө энenin ак саамайын.

Эне-дешет адамзат жаралганда,
Эне-дешет адамдан жан чыгаарда.
Ыйыктыгың кол жеткис бийиктигиң,
Даңазалап келебиз дастандарда.

Бүгүн майрам аялзатын даңктаган,
Жаз күнүндөй жадыраган шаттанган.
Каалаганым өмүр, ыйман чоң бакыт,
Жана дагы ачык асман, аткан таң

## АК ЭМГЕК
*(Сами уулу Маматибраимге)*

Мекеним, жерим элим деп,
Тынымсыз иштеп келесиң.
Өзүңдөн көрүп турабыз,
«Балбан ата» элесин.

Ак эмгек менен чоң кызмат,
Талыкпастан аткардың.
Акыйкат, ыйман жолунда,
Жазылсын ар бир саптарың.

Кылымдарды барактап,
Кыраандарды издедиң.
Кыргыздын болуп сыймыгы,
Тарыхта жүрсүн издериң.

Күрдөөлдү күздүн күнүндөй,
Эмгегиң берсин жемишин.
Мекендин сендей уулуну,
Колдосун дайым Теңирим.







***Токобаев Кыпчакбай, Апрель Баатыры, эмгектин ардагери, Ош шаары жана облусу боюнча укук коргоочу, эксперт, «Укуктун башаты» гезитинин редакторунун орун басары.***

## МЕКЕНИМ КЫРГЫЗСТАН

Көк мелжиген тоолор менен курчалган,
Көлү жатат сулуу кыздай суйкайган.
Кыргызстандын топурагын, ташын да,
Ыйык көрүп сактап келет урпактар.

Кыйын кезден майышпастан өткөнбүз,
Келечекке пешене тер төккөнбүз.
Кыргызстандын эли өсүп гүлдөөдө,
Эгемендүү атын алып өлкөбүз.

Улуу Манас баатыры бар элденбиз,
Айкөлдүгү, эрдигине сөз жеткис.
Ынтымакта, биримдикте ширелип,
Кыргын, үркүн кыйындыкты жеңгенбиз.

## БИР КЕМ ДҮЙНӨ

Бирөөгө дүнүйө берет төгүп чачып,
Турмуштагы жашоо жолун кенен ачып.
Бирөөгө кууса дагы түк жеткирбей,
Келбестен туруп алат алыс качып.

Бирөөгө телегейин тегиз берет,
Кеми жок баргылыкта өмүр кечет.
Бирөөгө баардыгынан кур калтырып,
Багы жокко дагы жок калды дешет.

Бирөөгө бирди берип, бир кемитип,
Кээде өөдө, кээде ылдый эңилтип.
Ойлогон максатыңа колу жетпей,
Пешенеге бир кем дүйнө дегизип.

## АДАМЗАТ

Мен ойдомун океандай чалкыган,
Мени такыр айырбасын калкыман.
Мен адамга жолукканда сүйүнөм,
Жүзүн көрөм жакшынакай жаркыган.

Асманга октой учса дагы кыялым,
Мен адамдын ыйыктыгын туямын.
Жакшы адамдар жакындаса жаныма,
Мен аларды коштоп алга жыламын.

Адам деген атты асманга чегелеп,
Ааламды бүт айланмакмын төгөрөп.
Элим үчүн жаратсам дейм укмуш ыр,
Бирок ошол ыр оюма келе элек.





## ЭЛИМЕ УРМАТ ТЫНЧЫЛЫК

Урматтап сыйлап калкымды,
Унутпай ата-салтымды.
Элирип атак-даңк күтпөйм,
Эл билсе болду баркымды.

Элиме кылып ак кызмат,
Ойлоном жүрөк тызылдап.
Ааламда болуп тынчылык,
Адырда өссүн кызгалдак.

Суу аксын тунук шаркырап,
Жел соксун таза аркырап.
Ата – Журт жүгүн көтөрсөң,
Бошошбой муунум калтырап.

Мекеним-конуш түнөгүм,
Медерим соккон жүрөгүм.
Бакытым сенин шондуктан,
Бактылуу өмүр сүрөмүн.

Улгайдым келип карылык,
Терс ойдон таза арылып.
Кут келсин деймин элиме,
Кубанам маңдай жарылып.

## КЫТМЫРЛАР

Уяты жок ушунчалык көрүп алып,
Кээде кетем адам үчүн кыйналып.
Кытмыр түлкү экенине таң калып,
Келе жатам жүрөктөн от чыгарып.

Мен билгендер келет десе баягы,
Кемий түшөм жүрсө дагы жанагы.
Барган сайын сууп барат көңүлүм,
Мүмкүн сезип жүрсө керек ал дагы.

Төрт мезгилдей өзгөрүлгөн адам бар,
Бөлүп турат адаштырып дагы алар.
Толкунунда келебиз биз турмуштун,
Ар бир мүнөт ыңгайлашып жагдайлар.

Мен сенин кытмырлыгың билгемин,
Айтчы деги мага неге келбедиң?
Оозуң чын сөз айтууга жарабайт,
Ошол үчүн мен өзүмдү тилдедим.

## ТУРМУШ

Татаал турмуш билбегенге оп-оңой,
Тар жолдор бар басып өтчү аралап.
Кээде турмуш кыткылыктап турат да,
Тээп коет жүрөгүңдү жаралап.

Кээде бирөө тээ алыстан бирөөнү,
Карап турат кантти экен деп табалап.
Ким кандайча жашоодо экен карабай,
Күндөр улам өтө берет сабалап.

## КЕЧИР

Өттү жаштык гүл курак,
Айлуу түндө бирге ырдап.
Тагдыр жазмыш адашты,
Башкага кетип «Гүлбурак».





Карайт сырдуу көз караш,
Жан дүйнөмдү жаралап.
Байлаптырмын бактыңды,
Кечир мени «Гүлбурак».

Өттү жаштык гүл курак,
Өттү мезгил ай-жылдап.
Тагдыр жазмыш адаштым,
Кечир мени махабат.

## КЕЧИКТИҢ

Сен мага жолуктуң өтө кеч,
Сүйүүнү ала албай турган кез.
Сезимиң жүрөктө сакталсын,
Секетим таарынбай уккун сөз.

Кечигип капыстан кезиктиң,
Көңүлүң калтырам кечиргин.
Кыйналып көп азап чекпегин,
Кем дүйнө, ушул да секетим.

## МЕН БАКТЫМДАН АЙРЫЛБАЙМЫН

Сени күтүп, эч качан кыйналбаймын,
Сени жоктоп, ойго батып кайгырбаймын.
Сен өзгөрүп башка адам болсоң дагы,
Эми тапкан бактымдан айрылбаймын.

Сен кабылткан ой-санаадан кутулгам,
Сенден калган ызаалыктар жуулган.
Тагдыр кайра бакыт кушун кондуруп,
Бир боорукер түбөлүккө кол сунган.

## МИЛИЦИЯНЫН ПОЛКОВНИГИ, ТЕХНИКА ИЛИМИНИН КАНДИДАТЫ ИНИМ МАМАТИБРАИМ САМИЕВГЕ!

Союз маалда ак кызматын аркалап,
Акырындап полковник наамын алгансың.
Манас таануу эмгектерин акмалап,
Туулган жери Алтайга чейин баргансың.

Боордош элдер туу туткан,
Атабыз Мамайдан бата алгансың.
Он жылда он эки китеп чыгарып,
Гинеске каттоо боюнча жакындап эле
калгансың.

Техника илим жаатында,
Кандидат болуп катталдың.
Эми биз сенден күтөбүз,
Докторлук даража жактагын.
Биз камтама болуп жатабыз,
Көп күч келтирип ийбегин,
Этият кылчы баш жагың.



# II Бөлүм Жаш калемгерлер

*Абдыкадыров Азирет,*
*А.Калмурзаев мектеби №20*

## КЫРГЫЗСТАН

Эх Кыргызстан мынча сулуу мекенситң,
Эх Кыргызстан Ала-Тооң бар экен.
Мекен жок эч бир адам жашай албайт,
Өз мекениңе көнүп калган экенсиң.

## АПАКЕМ

Апам менин алтыным,
Маңдайыма жазган жарыгым.
Алладан суранаарым,
Узун өмүр, чын ден соолук сураймын.







*Абдыкул кызы Канзада*

## ТАҢКЫ БУЛБУЛ

Таңкы булбул сайрайсың,
Мукам кооз үн менен.
Канаттуулардын арасында,
Бардыгынан сулуусуң.

## СУЛУУ ЖАЗ

Кар кетип байчечекей ачып гүлүн,
Сулуу жаз суктандырат сулуулугун.
Жаз келип бак-дарактар гүлүн ачат,
Көктөмдү бажырайган гүлдөр басып.



*Азимбек кызы Гулмира,*
*И. Жумабаев мектеби*

## КӨК АСМАН

Куштар учуп бараткан,
Кандай сонун көк асман.
Келе жатат күн чыгып,
Бүт дүйнөгө нур чачкан.

Сайрап жатат торгойлор,
Тынчтык ырын ырдашып.
Олтурайын үйүндө,
Китеп менен сырдашып.

Булбул дагы бакчада,
Кубулжуп сонун сайраган.
Уккум келет кооз үнүн,
Дагы, дагы кайрадан.





## ЖАРАТЫЛЫШ ЖАН ДОСУМ

Жаратылыш кооз болуп көрүнөт,
Асманынан мөндүр, жамгыр төгүлөт.
Күн чыкканда баары шаңга бөлөнүп,
Жаратылыш жан досумдай көрүнөт.

Кубанамын жаратылыш баарына,
Карасаңар сонун аткан таңына.
Жарата бер жаратылыш жан досум,
Адамдарды, жаныбарды, кушту да.

## АЛЫКУЛГА ЫРДЕСТЕ

Мекенимди ырлары менен даңктаган,
Алыкулдай акыныма мактанам.
Жашаса да булл өмүрдө аз эле,
Күч-кубатын ырлары үчүн сарптаган.
Ооруса да бир күн тынчып жатпаган,
Ал ырларын тыйын үчүн сатпаган.
Жаны кейип, өзү ооруп турса да,
Ал ырларын алгыр куштай таптаган.
Алыкулдун ар бир жазган ырында,
Муңдуу арман айткан кээ бир сырында.
Өзү өлсө да ыры өчпөгөн түбөлүк,
Алыкулду таанып билип жүрөлүк.



*Акылбек уулу*
*Ырыскелди*

## УБАКЫТ

Жараткан өлчөмдүү берсе керек,
Убакыт шуулдап өтө берет.
Канчалык тездик менен өтсө дагы,
Адамсыңбы? Адамча жашаш керек.

Теңирими өлчөмдүү берсе керек,
Убакыт тездик менен өтө берет.
Баш ийип убакытка багынбастан,
Акыл менен ой жүгүртүп жашаш керек.

Аллахым өлчөмдүү берсе керек,
Убакыт өкүнтүп өтө берет.
Өкүнүп, томсоруп олтурбастан,
Кыйкырып, өкүрүп жашаш керек.

Кудайым өлчүмдүү берсе керек,
Убакыт кубалашып өтө берет.
Жетпедим, чарчадым деп тим болбостон,
Артынан тайманбай чуркаш керек.





*Алишерова Айдана,*
*Абдылда Калмурзаев мектеби № 20*

## ЭНЕКЕМ

Эч нерседен кем койбой чоңойттуңуз,
Бактылуу балалыктын даамын таттырдыңыз.
Ыразыбыз өмүр бою сизге эне,
Узак өмүр сүрө бериң алтын энем.

*Алмазбек кызы Динара,*
*А. Калмурзаев мектеби №20*

## УЛУУ ЖЕҢИШ МАЙРАМЫ

Өткөндөрдү эстеген,
Чоң аталар аманбы.
Кыргыздарды коргогон,
Чоң атамдын майрамы.








*Арстанбек кызы*
*Айгерим,*
*Т. Орозов мектеби*

## ЭЖЕКЕМ

Оку кызым, оку деп айткан,
Акыл айтып келечеке талпынткан.
Билим берип бизди дайым өстүргөн,
Эжекемсиң бизге кымбат алтындан.

Тарбияны талбай алдым силерден,
Талыкпадым окуу окуу дегенден.
Асыл кымбат ыйык сөзгө татыктуу,
Алда болсо менин алтын эжекем.

## МЕЗГИЛ КЕЛЕТ

Мезгил келет биз өсүп жеткенге,
Анан келет акылсыздык кеткенге.
Ата-энеңе сени багып чоңойткон,

Бизге келет ага камкор эткенге.
Тагдыр менин ачык кылгын жолумду,
Берекелүү белен кыл дейм колумду.
Суранаарым ден-соолукту өмүр бер,
Бак-таалайга жеткирип кой өзүмдү.

Эми сурайм бакытымдын чырагын,
Үмүт кылам өмүрүмдүн ыраагын.
Ар убакта тилек кылам жаратkandан,
Аман-эсендикте болсо экен тууганым.

## БИЛИП АЛ!

Мен ыр жазбайм мактанганы бирөөгө,
Жагынам деп мени жаман көргөнгө.
Жазган ырым жашай берсин түбөлүк,
Көп жыл бою өмүр сүрүп дүйнөдө.

Кайгымды ырым менен бөлүшөм,
Кайгырганда алысмын жаш төгүштөн.
Мунумду кайгымды ойлорумду,
Кагазга мен ыр түрүндө түшүрөм.

Кагаз бетте кыялым бар ырым бар,
Айта албаган көп жашырын сырым бар.
Ойлорумду бөлүшөм мен кагазга,
Сезимдерим ыр түрүндө жазылаар.

Кагазда тилегим бар ырым бар,
Кээде капа, кээде күлүү түрүм бар.
Келечекте максаттарым ишке ашып,
Акын болуу дегдегеним билип ал.





## БИЛИМ АЛАЛЫ

Оку досум окуй бергин таалыкпай,
Таамай кара китеп бетин барактай.
Билим алсаң келечегин кең болот,
Максатына жете аласын зарыкпай.

Келчи досум бирге билим алалы,
Акыл менен баарын жөнгө салалы.
Алган билим бизди чекке жеткизет,
Жакшы болсо жаштын тилек талабы.

Келчи досум, бирге китеп окуйлу,
Билим алып келечекти ондойлу.
Өркүндөтүп өзүбүздү курчутуп,
Биз биригип эртеңкини ойлойлу.

Балдар-кыздар өнүгөлү өсөлү,
Бизге жакшы мекенибиз өскөнү.
Дайым бизге күч кубат берип турат,
Бабалардын айткан акыл сөздөрү.

## ЭНЕЛЕРГЕ

Эне кымбат, эне ыйык улуулук,
Эне асыл баа жетпеген сулуулук.
Бала үчүн аппак сүтүн аябай,
Келе жаткан энелердин сөзүн ук.

Энелер майрамыңар куттуу болсун,
Бул күнү үйүңөргө кут консун.

Мээрим төгүп бул дүйнөгө бакыт сунган,
Энелерге апаларга таазим болсун.

Асыл сөздү кымбат сөздү тандап жазсам,
Укмуш сонун не бир кооз сүрөт тартсам.
Дүйнөдөн алтын ташты чогултсам да,
Таба албайм мээриминди ачык айтсам.

Жакшы жолду жакшыларды көп үйрөткөн,
Эркелетип мандайына бөпөлөткөн.
Эчен күн нечен жолу көтөрсөм да,
Бир күндүк ак сүтүңдү актап бүтпөйм.





### *Баатырбек кызы Аян-Нура*

## МЕКТЕБИМ

Сыймыгымсың сен менин кадырлаган,
Ар дайым сени менен сыймыктанам.
Мектебим тааныткан тамга мага,
Бир өмүр карызмын мен алдыңда.

Убакыт зымырык куштай учат кайда?
Умтулуп улам сайын барам сага.
Учууга келди кезек уядан,
Улутунуп мен алдыңда карап турам.

Кош айталбай мен өзүңө мектебим,
Кол булгалап араңдан зорго кетемин.
Көңүлүм жок эмнегедир бүгүн менин,
Ал анткени мен өзүңдөн кетемин.

Мен өзүңдү сагынганда мектебим,
Кайгы басып санааларды кечемин.
Айла жокто сагынганда мен сени,
Ырга жазып катып келем бир сени.



*Жамил кызы Наргиза,*
*И.Жумабаев мектеби*

## ЖАЗДА КЕЛЕТ ЫР ЖАЗГЫМ

Ыр гүл сымал жазда келет гүл ачып,
Асмандагы жарык күндөй нур чачып.
Теребелдин коздугуна суктансаң,
Ыр жазылат саптарына уйкашып.

Булбул сайрап гүлдөр ага бийлешет,
Жарык айда кыз-жигиттер сүйлөшөт.
Тала-түзгө жапжашыл чөп жайнаган,
Жер бетине көк майсандуу нур төшөп.

Карап турсаң көзүң тойбой суктанат,
Жаратылыш биз өзүнчө муңканат.
Бүт ааламды кучагына батырып,
Сөз куралып ырларымда гүл ачат.

Колумдагы калем болуп сырдашып,
Келет кайра, келет дагы ыр жазгым.





Ар бир ырдын, ар бир катар сабында,
Жашырылган жүрөктөгү сырларым.

Жазда келет, жазда келет ыр жазгым,
Кошо кетет бүт дартым да муң кайгым.
Сезимдерге уйгу-туйгу ой салып,
Керемети бир башкача бул жаздын.

## ЖАЗ ЖАМГЫРЫ

Жадырап жаз келгенде,
Жаңырып жыл да келет.
Жаз айы жаш баладай,
Себелеп жамгыр төгөт.

Көрүнбөй күндүн көзү,
Күркүрөп күн да турат.
Нөшөрлөп жамгыр төгүп,
Койнума тамчы куят.

Качпастан турдум мен да,
Эркелеп ал жамгырга.
Жан дүйнөм тазалансын,
Аруулап ал жамгырда.

Себелеп жамгыр төгөт,
Чачымдан ылдый куюп.
Бүт аалам жыргап турду,
Жамгырды таза туюп.

Элестеп көз алдыма,
Эски бир балалыгым.

Жамгырдай таза эле,
Балалык ой максатым.

Себелеп төкчү жамгыр,
Сезимдер жаңылансын.
Жамгыдай тунук болуп,
Бүт аалам аруулансын.





***Исакбаев Элзар***

## ЭЖЕКЕМ

Сүйкүмдүү менин эжекем,дайым жанып турасыз,
Бизге берип тарбия, жакшы акыл айтасыз.
Кечигип калсам мектепке,пол жуудуруп урушасыз,
Пол жуудуруп урушсаңыз да, бизге жагып турасыз.

## ЭНЕ

Кандайсыз менин энекем, касиеттүү берекем,
Үйгө куш келдиңиз, жарыктык алып келдиңиз.
Алдыңызга келдик биз, батаңызды бериңиз,
Жакшынакай жерибиз, ынтымактуу элибиз,
Өмүр бою жашасынчы, татынакай энебиз!

*Калдарбек кызы Айкөкүл*

## ЭНЕКЕМ

Энекем таңдын аткан чырагысыз,
Энекем өчпөс оттун булагысыз.
Энекем ак сүтүңдү актай албайм,
Энекем ак дилиңди барктай албайм.







*Качанова Үпөл*

## БАЛА КЕЗДЕ

Бала кезде шок элем,
Оюнга эч тойбогон.
Оюма келгенин кылчымуун,
Кой десе апам болбогон.

Таңкы алтыда ойгонуп,
Досторум менен ойногом.
Уйкусун бузуп кошунанын,
Кыздарын жөн койбогом.

Апамды кыйнап базарда,
Алып бер деп кукула.
Жок кызым уят десе,
Көгөрүп, ыйлап тултуя.

Акыры жеп таягын,
Тынчу элем апамдын.

Бурчка барып такалып,
Өңгүрөп ыйлап аламын.

Досторума шеф болуп,
Аларга чоң чыкчумун.
Сабап коюп бирөөсүн,
Тандырды карай кашчумун.

Бала кезде шок болдум,
Апамдын сөзүн укпаган.
Азыр чоңоюп токтолдум,
Улуу-кичүүнү сыйлаган.







*Кеңешбаев Рамазан,*
*М. Разаков мектеби*

## АЛЫКУЛГА ТААЗИМ

Эң алгачкы дос, тууганым, ага-иним,
Эже-сиңди, карындашым, шириндерим
Жада калса, калк башкарып кампайып,
Атка минер эл башкарган кеменгерим.

Пушкини бар орустардын менмин деген,
Кыргыздардын бүт акыны бийик келген.
Ошончолук бар бийиктин ичинен,
Алыкулга тең келүүчү бар бекен.

*Кубатбекова Мээрим,*
*А. Калмурзаев мектеби №20*

## АПАКЕ

Дүйнөдөгү бир жан бар,
Алтын күмүш берметтей.
Дүйнөдөгү бир да жан,
Апакеме окшобойт.





*Матураимова Калина*

## МУГАЛИМ

Мугалим кызыл гүлдөй ачылган,
Асмандагы сулуу күндөй таанылган.
Мугалим таза суудай аккан,
Асмандагы ай жылдызга таанылган.

Мугалимдин ак эмгегин актайлы,
Акыл сөзүн жүрөктөрдө сактайлы.
Мугалимди ата-энедей сыйлайлы,
Чын жүрөктөн чыккан ырды арнайлы.

Мугалим тарбия, билим берген,
Мугалим ата-энедей мээрим төккөн.
Мугалим берген билим мага ыйык,
Мугалимдин ар бир сөзү мага сыйлык.

## АТА-ЭНЕ

Алыс жакта мен сагынам ата-апа,
Мен үчүн тартпагыла кайгы-капа.
Бар болсоңор мандайымда силер гана,
Жүрөгүм толуп турат кубанычка.

Кусаланып олтурамын жалыздыкта,
Ойлонуп мен силерди сагынычта.
Сагынып мен силерди жалгыз гана,
Көрсөңөр дейм кызыңардын урмат-сыйын.

«Токпу кызым курсагың»-деп апакем,
Сарсанаада ойлоп бизди жашап келет.
Апакемдин мээнеттерин актайын,
Эч убакта !Уф» апаке деген сөзгө барбаймын.





*Молдобаева Эльвира*

**АЛТЫН АПАМ**

Алып келдиң апа мени ааламга,
Мээрим төгүп нур жүзүңдөн сен мага.
Тарбияңды берип мага чоңойттуң,
Адам кылып кошуп мени катарга.

Эч нерседен кем кылбастан баланды,
Алыс кылып кол жеткирбей жаманды.
Эркелетип берекем деп ар дайым,
Ак сүтүңдү апа актай аламбы?

Көп жашагын бул дүйнөдө садагам,
Бактысына аман болуп баландын.
Оорубастан бактылуу бол ар дайым,
Жакшылыгын сизге каалайм ааламдын.

Ыйык да өзүң берген алтын батаң,
Өзүңдү ар кечтерде ойлоп жатам.
Ак аралап чачтарың турат бүгүн,
Суранаарым картайбачы жалгыз апам.



*Нышанова Айдана,*
*А. Калмурзаев мектеби*
*№ 20*

## ЭНЕЛЕР

Энелер булл дүйнөдө ыйык экен,
Энелер булл дүйнөдө сыймык экен.
Энеси жок жашап жүрөт канча балдар,
Энеси жок булл дүйнөдө болбойт экен.

## АЙЫМДАР

Айымдар теңдеши жок сулуусуңар,
Айымдан элден чачкан жылуусуңар.
Бейиш төрү эненин таманында,
Жаш жүрөк касиеттү болосуңар.
Барктайлычы турмушта чоң салмагыңар,
Улансын токтобостон майрамыңар.
Жадыраган 8-март күнүндө,
Айымдар куттуу болсун майрамыңар.







*Разакова Мадина*

## АТАМ МЕНЕН АПАМА

Алпештеп ак шейшепке бөлөп баккан,
Апакем алдей ырын айтып жаткан.
Акылдуу болгунуң деп чачтан сылап,
Тарбия берип мга апам баккан.

Ардактап накыл сөзүн айтып баккан,
Аска-зоо, канаттууга актырбаган.
Намыстуу болгунуң деп күндө айткан,
Барынан бийик койгон менин атам.

Күнүмсүз күндө нурун чачып турган,
Нурунун жылуулугуна бөлөп алган.
Жүзүмдөн жылуу сүйүп кучактаган,
Алтынга алмашылгыс менин апам.

Ата-апа силер менен сыймыктанам,
Бактыбызга бар болгула силер аман.
Уул-кызыңдын урмат сыйын көрүңүздөр,
Улуулугуңарды эч нерсеге теңей албайм.

## БИЛИМДҮҮ БОЛ!

Билим күчү биздин мектеп,
Билим алып жашоо керек.
Максатыңа жетүү үчүн,
Талыкпастан окуу керек.

Сен ойлогон жашоо демек,
Табышмакка толуп келет.
Жандырмагын табуу үчүн,
Сен билимдүү болушуң керек.







*Руслан уулу Бакыт*

## МЕКЕНИМ

Мекеним кыргыз жерим,
Сен үчүн курман болгон.
Эр Манас батыр менен,
Тайманбас кыргыз элиң.

Мекеним кыргыз жерим,
Элимди коргоп келдиң.
Кыйратып кете көрбө,
Эл үчүн керек жериң.

## СОГУШ

Кан агып суу ордуна арыкта,
Согуш гана алат бизди жалынга.
Бой балкытып эргүү берип сезимге,
Болсун бизге тынчтык гана табылга.

## МЕКТЕБИМ

Ыр жазамын улам кайра жаңылап,
Түрдүү ырлар кагаз бетин жэаңыртат.
Уят го дейм мына мендей акынга,
Жазбай койсом мектебиме ыр арнап.

Буга чнйин кайда жүрдү ойлорум,
Тоо арасын курчап алып чачырап.
Буга чейин кайда жүрдү акылым,
Мектебиме ыр жазбастан жаңылап.







*Тажимаматова Нурмира,*
*Абдылда Калмурзаев мектеби №20*

## МЕКТЕБИМ

Алтын менин мектебим,
Сенден узак кетпеймин.
Сенден узак кетсем да,
Жүрөгүмдөн өчпөйсүң.

*Темиржанова Акмаанай,*
*№20 А.Калмурзаев мектеби*

## ЖАЗ

Жаз айында кар эрип,
Дарактар да бүчүр алды.
Гүлдөрүбүз гүлдөп,
Таза абада дем алды.

Күз айы да кетти,
Кыш айы да келди.
Мынча сонун кыш айы,
Жаңы жыл да келди.

## КИТЕБИМ

Мага акыл эс үйрөткөн,
Жардамын аябай берген.
Бул кымбатту китебим,
Барактарын жыртпайлычы, кыркпайлычы,
Китебибиз акылманды.







*Тообоев Тоолорбек*

## ЫРЛАР ЖАЗАМ КУБАНЫЧТУУ СЕЗИМ МЕНЕН

Жанымда жанып турат жалгыз чырак,
Оюмда жүрөктү эзген ырлар турат.
Кусалык сагынычтын ырын жазып,
Кагазга көз жаштарым тамып турат.

Кээде өксүп буркурап ыйлап алам,
Кайра эле ойлонуп туруп калам.
Ак барака ырымды жазып алып,
Өчүм бардай кайрадан жыртып алам.

Бул дүйнөнүн азабын да, кайгысын да,
Баардыгын өз ичиме катып алгам.
Ойлонтуп ак кагазды колго алдыргын,
Ырымды төмөндө жазып турам.

Кагазга жүрөк эзген ырым жазам,
Атаке балаңды таштапп кеткен жаман.
Мен өзүңө тарынчымды айтып турам,
Үнсүз ыйлап турат сенин шордуу балаң.





*Токо кызы Альбина*

## АПАКЕ

Апа, апа апаке,
Мээримиң дары экен.
Дүйнөдөгү бир да жан,
Сага окшообойт апаке.

*Төлөгөн кызы Гүлзада,*
*Т. Машрапов мектеби №34*

**Айылым**

Жадырап жайнап жаз келди,
Жапжашыл болуп айлана.
Күн чыкты күлүп жадырап,
Айлана кооз жайгана.

Айылым ушул, ушул жер,
Жерим да дале ушул жер.
Суктанат баары карашат,
Айылым менин ушул жер.

Тоолордо гүлдөр кызарып,
Буралып өскөн шамалга.
Чөптөрү жашыл жашаңдап,
Болдуго жашыл  айлана.

Айылым ушул, ушул жер,
Жеримда далее ушул жер.
Суктанат баары карашат,
Айылым менин ушул жер.

Айылга келсе башкалар,
Карашат бизди  суктанып.
Айылың сонун билбейсиң,
Бербегин башка адамга.





*Туратбек кызы Кулпунай,*
*А. Калмурзаев мектеби №20*

**9-МАЙ**

Чоң атам келет шаарга,
Орден, медаль тагынып.
Куттуктайбыз биз аны,
Улуу Жеңиштин 9-майында.

## Мазмуну

### 1-БӨЛҮК
### ПОЭЗИЯ КАНАТЫНДА


Абдраимов Жоробай.................................. 5
Абдраим уулу Тынчтыкбек........................ 20
Адышев Турсунбай.................................. 23
Айдаров Канчоро.................................... 31
Анашов Жолдошбай................................. 34
Байшериева Апиза.................................. 41
Бедияров Осмонали................................. 45
Байназаров Осмонбек.............................. 49
Жумаева Канышай................................... 57
Кадыров Абдимитал................................. 59
Курванали кызы Кутманай........................ 62
Курманбеков Кадырбек............................. 66
Мамажунусов Мамасали........................... 71
Маматалиева Марал................................. 75
Мурзабаева Шарапат................................ 77
Мусабева Матлюба.................................. 81
Негматова Дилхумор................................ 99
Өмүралиева Алия..................................... 102
Өсөров Базарбай...................................... 104
Раимбердиева Жумагүл............................ 110
Садыков Эрмекбай................................... 116
Саипов Аширбек...................................... 122
Самиева Сатина...................................... 122
Самиев Маматибраим............................... 128
Самтыров Манап..................................... 131
Сапарова Алимакан.................................. 144
Сатимов Кадырали................................... 147
Сейитова Үрнуса..................................... 158
Сулайманов Үсөн.................................... 167
Тагаев Тургунбай.................................... 168







Тиленбаева Зейнеп.................................. 187
Токобаева Кыпчакбай.............................. 191


### 2-БӨЛҮК
### ЖАШ КАЛЕМГЕРЛЕР


Абдыкадыров Азирет............................... 198
Абдыкул кызы Канзада............................ 199
Азимбек кызы Гулмира............................ 200
Акылбек уулу Ырыскелди......................... 202
Алишерова Айдана.................................. 203
Алмазбек к Динара.................................. 204
Арстанбек кызы Айгерим......................... 205
Баатырбек к Аян-Нура............................. 209
Жамил кызы Наргиза............................... 210
Исакбаев Элзар....................................... 213
Калдарбек кызы Айкөкүл......................... 214
Качанова Үпөл........................................ 215
Кенешбаев Рамазан................................. 217
Кубатбекова Мээрим............................... 218
Матураимова Калина............................... 219
Молдобаева Эльвира............................... 221
Нышанова Айдана.................................. 222
Разакова Мадина.................................... 223
Руслан уулу Бакыт.................................. 225
Тажимаматова Нурмира........................... 227
Темиржанова Акмаанай............................ 228
Тообоев Тоолорбек................................. 289
Токо к Альбина...................................... 231
Төлөгөн к Гүлзада.................................. 232
Туратбек кызы Кулпунай......................... 233

**Өзгөн районунун акын жазуучуларынын жана ыр ышкыбоздорунун жыйнагы.**

Редактору: Адышев Турсунбай
Техредактору: Тойчубаев Акылбек
Жыйнаган жана компьютерге салган: М. Имитова

Терүүгө берилди 20.03.2017-ж. Басууга 11.06 2017-ж.
Кагаздын форматы 60х84. 1/16 14,75 б.т. Буйрутма №17. Нускасы 200.
Ош шаары, Курманжан-Датка көчөсү 236.
Тел.: моб +996 779 77 77 89, 0778 50 04 88

